**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
2022-жылдын 6-сентябрындагы
№ 484 токтому менен бекитилген

# 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу жөнүндө

**Бишкек 2022-ж.**

**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ**

2022-жылдын 6-сентябрындагы № 484

**2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу жөнүндө**

Орто мөөнөттүү мезгилге макроэкономикалык өнүктүрүү параметрлерин аныктоо максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 74-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. 2023-2027- жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын 2023-2027-жылдарга фискалдык саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгууда 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн бекитилген макроэкономикалык параметрлерин негиз катары алсын.
3. Мамлекеттик аткаруу бийлигинин органдары, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча):

1) орто мөөнөттүү программаларды жана өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгууда 2023-2027-жылдарга өнүктүрүүнүн бекитилген макроэкономикалык параметрлерин негиз катары алышсын;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программалык документтерине киргизилген иш-чараларды аткаруу, экономикалык активдүүлүктү калыбына келтирүү жана ишкердик субъекттеринин ишин колдоо, экономикалык өсүш темптеринин максаттуу көрсөткүчтөрүн камсыздоо үчүн тейлеген багыттар боюнча өндүрүштүн жана ресурстардын кошумча резервдерин табуу үчүн бардык чараларды көрүшсүн;

3) Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн отчеттук мезгилге максаттуу көрсөткүчтөрүн аткарууга

мониторингди ай сайын жүргүзүшсүн жана Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүн аткаруунун жүрүшү тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине отчёттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен берип турушсун.

4. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги:

1) Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүн аткарууга мониторингдин жыйынтыктарын квартал сайын жалпыласын жана отчеттук мезгилге Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүн аткаруу тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жыйындарында кароого тийиш болгон маселелердин графигине жана тизмесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине берип турсун;

2) 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолун Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин расмий веб-сайтына жарыяласын.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-июнундагы “2022-2024-жылдарда Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө” №47 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

Тиркеме

# 2023–2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу

## 1. Киришүү

2023–2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолунун (мындан ары – Социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу) негизги максаты социалдык-экономикалык процесстерди жана тенденцияларды талдоо, болгон ресурстарды жана өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн мүмкүн болгон тобокелдик факторлорун аныктоо жолу менен орто мөөнөттүү мезгилге макроэкономикалык өнүктүрүүнүн сандык багыттарын жана параметрлерин аныктоо болуп саналат.

Социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолунда 2023-жылга экономиканын негизги тармактарын өнүктүрүүнүн негизги багыттары, анын ичинде алардын болжолдуу маанилеринин деталдаштырылган баяндоосу жана тармактык министрликтердин, ведомстволордун, региондордун расмий болжолдоолорунун базасына негизделген 2024–2027-жылдарга өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн келечеги аныкталган.

Социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

## 2. 2021-жылы жана 2022-жылдын январь-июнунда Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары

### 2.1. 2021-жылдын кыскача жыйынтыктары

2021-жылы экономиканын калыбына келиши байкалган, бирок көптөгөн өлкөлөрдө ишкердик активдүүлүктүн деңгээли дагы деле пандемияга чейинкиге жете элек. Жалпысынан, COVID- 19 жаңы штаммдарынын жайылышына байланыштуу чектөө чараларынын таасири жана калкка эмдөө процессинин күтүлгөндөн жай өтүшү 2021-жылы дүйнөлүк экономиканын өсүшүнө солгундатуучу таасирин тийгизүүнү улантты. Глобалдык логистикалык чынжырларда сакталып жаткан чектөөлөр пандемиянын кесепеттерин минималдаштырууга багытталган дем берүүчү чаралардын натыйжалары менен бирге

дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө жогорку инфляциялык фонун шарттады.

Алдын ала баалоо боюнча 2021-жылы бардык өлкөлөрдө экономикалык өсүштүн жогорку көрсөткүчтөрү түзүлгөн, мында Кытай Эл Республикасынын (мындан ары – КЭР) экономикалык өсүш темпи 2021-жылы пандемиянын терс таасиринен өлкөнү ийгиликтүү калыбына келтирүүнүн фонунда акыркы 10 жылда эң жогору болуп, 8,1 %ды түздү, бул өлкөнүн максаттуу көрсөткүчүнөн 6 %дан жогору болуп, учурдагы тобокелдиктерге жана чакырыктарга карабастан, калыбына келтирүүгө жана өнүктүрүүгө туруктуу тенденцияны сактап калды.

1-таблица

**Дүйнөлүк экономкада жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде ИДПнын реалдуу өсүү темпи, % менен**

| № | Өлкөлөр | 2020-жыл иш жүзүндө | 2021-жыл иш жүзүндө |
|---|---|---|---|
| 1 | Дүйнөлүк экономика | –4,3 | 5,9 |
| 2 | КЭР | 2,2 | 8,1 |
| 3 | АКШ | –3,4 | 5,7 |
| 4 | ЕБ | –5,9 | 5,2 |
| 5 | Армения Республикасы | –7,6 | 5,7 |
| 6 | Беларусь Республикасы | –0,9 | 2,3 |
| 7 | Казакстан Республикасы | –2,6 | 4,0 |
| **8** | **Кыргыз Республикасы** | **–8,4** | **3,6** |
| 9 | Россия Федерациясы | –2,7 | 4,7 |

2021-жылы Кыргыз Республикасында экономикалык өсүштүн темпи **3,6 %**га жетти, Кумтор кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда ИДП өсүшү 3,9 %ды түздү. Мында экономикада калыбына келүү процесси бирдей эмес – экономиканын өсүшү негизинен өнөр жай сектору жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү тарабынан камсыздалган.

2-таблица

**ИДП түзгөн тармактар боюнча өсүү темпи жана түзүмү**

(өсүү темпи ИКН боюнча келтирилди)

| | 2020-ж., иш жүзүндө | | | | 2021-ж., иш жүзүндө | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | өсүү темпи, % | % менен ИДПга карата | ИДПнын өсүшүнө салым-дын үлүшү, п.п. | млн сом | өсүү темпи, % | % менен ИДАга карата | ИДПнын өсүшүнө салым-дын үлүшү, п.п. |
| **ИДП** | **601 820,3** | **91,6** | **100,0** | **–8,4** | **723 122,2** | **103,6** | **100,0** | **3,6** |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өнөр жай | 115 833,0 | 93,0 | 19,2 | –1,33 | 132 661,7 | 107,2 | 18,4 | 1,39 |
| Айыл чарба | 81 693,1 | 100,9 | 13,6 | 0,10 | 106 170,3 | 95,0 | 14,7 | –0,68 |
| Курулуш | 59 910,8 | 84,4 | 10,0 | –1,47 | 60 328,8 | 95,2 | 8,3 | –0,48 |
| Кызмат көрсөтүү чөйрөсү | 279 181,6 | 90,2 | 46,4 | –4,56 | 326 878,0 | 106,5 | 45,2 | 2,99 |
| Продукттарга таза салыктар | 65 201,8 | 91,6 | 10,8 | –1,11 | 97 083,4 | 103,6 | 13,4 | 0,39 |

ИДПнын өсүшүнө негизги оң салым реалдуу өсүш темпи 6,5 %ды түзгөн кызмат көрсөтүү чөйрөсү (2,99 п.п.) жана Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда реалдуу өсүш темпи 12,9 %ды түзгөн өнөр жай тарабынан камсыз болгон (өсүшкө салым 1,3 п. п.).

Айыл чарбасында өндүрүштүн 5,0 %га жана курулушта 4,8 %га төмөндөшү өлкөнү өнүктүрүүдө солгундоочу факторлорго ээ болгон. Айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмүнүн төмөндөшү негизинен айыл чарба өндүрүшү үчүн татаал климаттык шарттар менен шартталган. 2021-жылдын жай айларында температуранын нормадан жогору болушу жана вегетация мезгилинде сугат суунун жетишсиздиги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшүн шарттады. Курулуш көлөмдөрүнүн төмөндөшү ички (4,9 %га), ошондой эле тышкы (10,0 %га) каржылоо булактарынын азайышынан улам, негизги капиталга инвестициялардын 5,9 %га төмөндөшү менен байланышкан, бул инвестициялардын пландаштырылган көлөмүн толук өздөштүрбөөгө алып келди.

Инфляциянын деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси 111,2 %ды түздү (өткөн жылдын декабрына карата), бул 2011-жылдан берки эң жогорку көрсөткүч. Кыргыз Республикасында инфляциянын деңгээли ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин ичинен эң жогору болгон, ал эми Беларуста бул көрсөткүч 110,0 %ды, Россияда жана Казакстанда – 108,4 %ды, Арменияда – 107,7 %ды түзгөн.

3-таблица

**2020-2021-жылдары ЕАЭБ мүчө мамлекеттерде керектөө баалар индекси (өткөн жылдын декабрына карата % менен)**

| № | Өлкөлөр | 2020-жыл | 2021-жыл |
|---|---|---|---|
| | | иш жүзүндө | иш жүзүндө |
| 1 | Армения Республикасы | 103,7 | 107,7 |
| 2 | Беларусь Республикасы | 107,4 | 110,0 |
| 3 | Казакстан Республикасы | 107,5 | 108,4 |
| **4** | **Кыргыз Республикасы** | **109,7** | **111,2** |
| 5 | Россия Федерациясы | 104,9 | 108,4 |

Инфляциянын орточо жылдык мааниси (2021-жылдын январь-декабры 2020-жылдын январь-декабрына карата) 111,9 %ды түздү (2020-жылдын январь-декабрына карата 2021-жылдын январь-декабрында 106,3 %ды түзгөн). Инфляциянын жогорку деңгээли негизинен тышкы мүнөздөгү факторлордун таасиринен улам түзүлдү – бул айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн олуттуу төмөндөшүн шарттаган азык-түлүк товарларына, отунга жана жагымсыз климаттык шарттарда баалардын жалпы дүйнөлүк жогорулашы.

2021-жылы салыктык башкарууну жакшыртуу жана салык жана бажы жол-жоболоруна санариптик технологияларды киргизүү боюнча активдүү иштер жүргүзүлгөн. 2021-жылы салыктык кирешелердин көлөмү 151,2 млрд сомду түздү, мында пландык көрсөткүч 0,1 %га ашыкча аткарылды. 2020-жылга салыштырмалуу салыктык кирешелер 44,3 млрд сомго, же 41,4 %га өстү.

2021-жылы мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы ИДПга карата 0,2 %ды түздү. 2021-жылдын 31-декабрына карата ИДПга карата мамлекеттик карыздын деңгээли 60,3 % түздү.

Макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын беш жылдык планы кабыл алынган (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 токтому), ал өзүнө экономикадагы структуралык өзгөрүүлөрдү, ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууну, кооперациялык байланыштарды, санариптик технологияларды колдонуу менен пайда болгон жаңы бизнес-моделдерди ж.б. камтыйт.

### 2.2. Учурдагы кырдаал – 2022-жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыгы

2022-жылы дүйнөлүк экономика коронавирустук инфекциядан толук калыбына келе элек. Сурам менен сунуштун ортосунда сакталган дисбаланс, ошондой эле пандемия учурундагы колдоо чаралары жогорку инфляциялык фондун сакталышына жана акча-кредит саясатынын күчөшүнө алып келди.

COVID-19 пандемиясы келтирген зыянды көбөйткөн Украинадагы согуш аракеттери өнүгүү этабына кирип жаткан дүйнөлүк экономиканы ого бетер басаңдатты, бул жай өсүштүн жана жогорку инфляциянын узакка созулган мезгили болуп калышы мүмкүн.

Бул шарттарда негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө экономика бирдей эмес өнүгүүдө.

2022-жылдын I жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Беларусь Республикасын (ИДПнын реалдуу өсүү темпи 4,2 %га азайган) жана Россия Федерациясын (0,5 %га) кошпогондо, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин экономикалык өсүштүн оң динамикасы байкалууда. Мында экономикалык өсүштүн темпи Казакстан Республикасында 4,4 %дан (I кв.) 3,4 %га чейин басаңдашы байкалууда, Беларусь Республикасында терс маани –0,4 %дан (I кв) –4,2 %га чейин көбөйгөн.

4-таблица

**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде ИДП реалдуу өсүү темпи, % менен**

| Өлкөлөр | 2021-ж. | | 2022-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | январь-март | январь-июнь | январь-март | январь-июнь |
| Армения Республикасы | 96,7 | 105,0 | 109,6 | 110,2 |
| Беларусь Республикасы | 101,1 | 103,3 | 99,6 | 95,8 |
| Казакстан Республикасы | 98,6 | 102,2 | 104,4 | 103,4 |
| **Кыргыз Республикасы** | **91,6** | **98,5** | **104,5** | **106,3** |
| Россия Федерациясы | 99,3 | 104,6 | 103,5 | 99,5 |

2022-жылдын 6 айында Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жыйынтыктары экономикалык өсүштүн жогорку көрсөткүчтөрүн көрсөттү. Түзүлгөн жогорку көрсөткүч, биринчи кезекте, 2021-жылдын тиешелүү мезгилинин төмөн базасы менен шартталган (98,5 %).

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала баалоосу боюнча, 2022-жылдын январь-июнунда ИДПнын көлөмү 335,3 млрд сом суммасында түзүлдү жана реалдуу өсүү темпи 106,3 %ды түздү, Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда өсүү темпи 103,9 %ды түздү.

5-таблица

**ИДПны түзгөн секторлор боюнча өсүштүн темпи жана түзүмү[1]**

| Көрсөткүчтөр | 2021-ж. январь-июну | | | 2022-ж. январь-июну | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | иш жүзүндө (млн сом) | өсүү темпи, ( %) | ИДПга карата % менен | иш жүзүндө (млн сом) | өсүү темпи, ( %) | ИДПга карата % менен | ИДПнын өсүшүнө салым-дын үлүшү п.п. |
| **ИДП** | **276 844,2** | **98,5** | **100,0** | **335 320,2** | **106,3** | **100,0** | **6,3** |
| Өнөр жай | 57 487,6 | 89,7 | 20,8 | 71 578,3 | 114,6 | 21,3 | 3,03 |
| Айыл чарба | 27 320,7 | 99,7 | 9,9 | 30 665,7 | 102,0 | 9,1 | 0,20 |

[1] Өсүү темптери ДКН боюнча берилген

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Курулуш | 15 441,1 | 84,4 | 5,6 | 17 347,6 | 103,4 | 5,2 | 0,19 |
| Кызмат көрсөтүү чөйрөсү | 134 226,7 | 104,6 | 48,5 | 160 921,3 | 104,0 | 48,0 | 1,93 |
| Продуктуларга таза салыктар | 42 368,1 | 98,5 | 15,3 | 54 807,3 | 106,3 | 16,3 | 0,86 |

Экономика секторлорунда көрсөткүчтөр төмөнкүдөй түзүлдү: айыл чарбасында өндүрүштүн көлөмү 2,0 %га, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө – 4,0 %га, өнөр жайда – 14,6 %га, курулушта – 3,4 %га өстү.

Өнөр жай сектору өсүштүн негизги драйвери болуп калды, мында өткөн жылдын тийиштүү мезгилинде –8,9 % болгон төмөн базасынын фонунда металлургиялык ишканалардын туруктуу иштешинин, негизги металлдарды казып алуу боюнча ишке киргизилген кендердин көлөмүн көбөйтүүнүн (өсүү темпи 34,6 %ды түздү), тамак-ашты кайра иштетүү (өсүү темпи 12,1 %ды түздү) жана мунай продуктуларын (өсүү темпи 15,8 % ды түздү) өндүрүү көлөмүн калыбына келтирүүнүн эсебинен жогорку өсүү темпи 14,6 %га жеткен.

Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү жогорку көрсөткүчтөр (өсүү темпи 4 %га) дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун көлөмүн 6,6 %га, транспорттук ишпb жана жүктөрдү сактоону – 15,5 %га, мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүн – 13,7 %га жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн – 2,9 %га жогорулатуунун эсебинен түзүлдү.

2022-жылы дүйнөлүк азык-түлүк рыногунда баалардын өсүшү уланды, бул өлкөдөгү инфляциянын деңгээлине таасирин тийгизди. 2022-жылдын июнь айында инфляциянын деңгээли 109,1 % түзгөн (өткөн жылдын декабрына карата). Инфляциянын орточо жылдык мааниси (2022-жылдын январь-июну 2021-жылдын январына-июнуна карата) 112,8 %ды түздү.

Инфляцияга негизги салым көбүнчө өлкөгө импорттолуучу товарлардын азык-түлүк тобу тарабынан кошулган, ал эми алкоголдук жана тамеки продукцияларына акциздердин пландуу жогорулашы баалардын жалпы деңгээлине кошумча салым кошкон.

Бул учурда, баанын жогорку көрсөткүчү Беларусь Республикасында (декабрга карата 113,1 %) жана Россия Федерациясында (декабрга карата 111,4 %) түзүлгөн.

6-таблица

**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде керектөө баалардын индекси**

| **Көрсөткүчтөр** | **Өлчөө бирд.** | **Арме-ния** | **Беларусь** | **Казак-стан** | **Кыргыз-стан** | **Рос-сия** |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| КБИ (июнь өткөн жылдын декабрына карата) | % | 106,3 | 113,1 | 110,5 | **109,1** | 111,4 |
| КБИ (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыздар менен) | % | 110,3 | 117,6 | 114,5 | **112,8** | 117,1 |

## 3. 2022-2027-жылдары Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн шарттары жана факторлору/тобокелдиктери

Учурдагы кырдаал төмөнкү негизги аспекттерди мүнөздөйт: алдыңкы өнүккөн экономикаларда активдүү дем берүүчү акча-кредит саясатынын узак мезгилине чейинки инфляциянын өсүшүнө жөндөм түзүүчү сунуштун системалуу бузулушу; экономикалык өсүштүн басаңдашынын перспективалары; инфляцияны оозduktoo үчүн талап кылынган акча-кредит саясатынын күчөшүнө байланыштуу өлкөлөрдүн алдында турган көйгөйлөр.

Пандемиядан кийин дүйнөлүк экономиканын жана финансы рынокторунун сакталып келе жаткан туруксуздугу Украинадагы аскердик чыр-чатак, кошумча киргизилген санкциялардын жана аларды күчөтүү тобокелдиктеринин таасири менен коштолгон геосаясий кырдаалдын олуттуу начарлашына алып келүүдө, алар буга чейин продукцияны жеткирүү боюнча калыптанган чынжырчасын бузуп, сурамга жана сунушка терс таасирин тийгизүүдө, тиешелүү түрдө глобалдык экономиканын калыбына келүүсүн солгундатууда.

Экономикалык кесепеттер өтө олуттуу, Кыргыз Республикасынын негизги экономикалык өнөктөшү болгон Россияга каршы АКШ жана Европа бирлигинин өлкөлөрү тарабынан болуп көрбөгөндөй кошумча киргизилген санкциялар дүйнөлүк экономикага таасирин тийгизди. Көптөгөн өлкөлөрдө кризис инфляцияга, ошондой эле баа басымынын жогорулашынын шартында экономикалык активдүүлүккө олуттуу терс таасирин тийгизүүдө. Учурда кырдаал өтө туруксуз, ал эми белгисиздик деңгээли жогору бойдон калууда.

Болуп жаткан окуялардын фонунда экономисттер өз болжолун күчөтүп жатышат. Эл аралык финансы институттары орто мөөнөттүү болжолду Россия, Украина жана Беларусту кошпогондо, энергия булактарына жана азык-түлүккө болгон баанын өсүшү пайдалуу болгон сырьелук товарларды экспорттоочу мамлекеттерден башка өлкөлөрдүн бардык топтору боюнча төмөндөтүү жагына карап чыгышты.

7-таблица

**Эл аралык институттардын болжолдоруна салыштырма саресеп**

(пайыздар менен)

| | 2022-ж., болжол | | 2023-ж., болжол | |
|---|---|---|---|---|
| | 2022-жылдын январы | 2022-жылдын апрели | 2022-жылдын январы | 2022-жылдын апрели |
| **ДВФ:** | | | | |
| Дүйнөлүк экономика | 4,4 | 3,6 | 3,8 | 3,6 |
| Еврозона | 3,9 | 2,8 | | 2,3 |
| Кытай | 5,6 | 4,4 | 5,3 | 5,1 |
| АКШ | 4,0 | 3,7 | 2,2 | 2,3 |
| Армения | 4,5 | 1,5 | 4,4 | 4,0 |
| Беларусь | 0,5 | –6,4 | 1,0 | 0,4 |
| Казакстан | 3,9 | 2,3 | 5,8 | 4,4 |
| **Кыргыз Республикасы** | **5,6** | **2,8** | **4,6** | **4,3** |
| Россия Федерациясы | 2,8 | –8,5 | 2,1 | –2,3 |
| Украина | 3,6 | –35,0 | 3,4 | н/д |
| **ДБ:** | | | | |
| Дүйнөлүк экономика | 4,1 | 3,2 | 3,2 | |
| Еврозона | 4,2 | | 2,1 | |
| Кытай | 5,1 | 5,0 | 5,3 | |
| АКШ | 3,7 | | 2,6 | |
| Армения | 4,8 | 1,2 | 5,4 | 4,6 |
| Беларусь | –2,8 | −6,5 | 2,3 | 1,5 |
| Казакстан | 3,7 | 1,8 | 4,8 | 4,0 |
| **Кыргыз Республикасы** | **4,7** | **–5,0** | **4,3** | **3,2** |
| Россия Федерациясы | 2,4 | –11,2 | 1,8 | 0,6 |
| Украина | 3,2 | −45,1 | 3,5 | 2,1 |

ЭВФ эксперттеринин пикири боюнча дүйнөлүк экономиканын өсүү темпи 2022-жылы мурда болжолдонгон 4,4 %дан 3,6 %га чейин төмөндөйт, 2023-жылга карата дагы мурдагы 3,8 %дан 3,6 %га чейин төмөндөйт, ал эми РФте экономика күтүлгөн 2,8 % өсүштүн ордуна 2022-жылы -8,5 %га чейин жана 2023-ж. -2,3 %га чейин төмөндөөсү күтүлүүдө. Беларусь Республикасы боюнча болжол да көңүлдү чөгөртөт- экономика 6,4 %га төмөндөйт деп күтүлүүдө, ал эми 2023-жылы мелүүн өсүш 0,4 % болот. Арменияныг жана Казакстандын экономикасы да басаңдайт деп күтүлүүдө, тиешелүүлүгүнө жараша буга чейинки болжолдонгон 4,5 %дан 1,5 %га чейин, 3,9 %дан 2,3 %га чейин төмөндөйт.

Учурдагы соода байланыштарын жана Россиянын энергия ресурстарына көз карандылыгын эске алуу менен Европа эң көп жабыркаган аймак болушу мүмкүн. ЭВФ ЕБнын ИДПсынын өсүүсүнүн болжолун 2,8 %га чейин төмөндөткөн. АКШда жана Кытайда экономика өсүшүн улантат, январь айындагы болжолдорго

салыштырмалуу, ИДПнын өсүшү тиешелүүлүгүнө жараша 0,3 %дан 3,7 %га чейин, 1,1 %дан 4,4 %га чейин төмөндөгөн.

Ошол эле учурда, Кытайда Бүткүл Кытайлык 13-чакырылыштагы эл өкүлдөр жыйынынын бешинчи сессиясында ИДПнын өсүшүн 2022-жылы 5,5 % деңгээлге жеткирүү максаты коюлган, бул 1991-жылдан бери экономикалык өсүш боюнча рекорддук төмөн план, анда өлкө дүйнөлүк экономикалык процесстерге жаңыдан активдүү аралашып баштаган. Жаңы саясат туруктуу өсүштү камсыз кылуудан макроэкономикалык жана социалдык туруктуулукту сактоого басым жасоого багытталышы мүмкүн. Экономикалык өнүктүрүүгө инфратүзүмдү жана экономиканын жогорку технологиялык секторлорун өнүктүрүүгө активдүү инвестициялар менен колдоо көрсөтүлөт. КЭРде 2022-жылга инфляцияны дээрлик 3 % деңгээлинде белгилөө максаты коюлган, бул ЭВФтин өнүгүп келе аткан жана рыногу калыптанып жаткан өлкөлөргө карата болжолунан кыйла аз болуп 5,9 %ды түзгөн.

Украина эң чоң жоготууларга дуушар болушу ыктымал, ал дүйнөлүк соодадан дээрлик толугу менен ажыратылды: деңиз порттору жана аэропорттор жабык жана бузулган, көптөгөн жолдор жана көпүрөлөр бузулган же талкаланган. Украина ЭВФтен 1,4 миллиард АКШ доллары өлчөмүндө чукул каржылоону сурап, Фонд бул өтүнүчтү канааттандырды. Украинанын экономикасы 2022-жылы, ЭВФтин болжолуна ылайык согуш аракеттеринен улам 35 %га кыскарат (Украинанын реалдуу ИДПсынын төмөндөшү 2022-жылдын март айында 2021-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 45 % түзгөн).

Инфляциянын деңгээли эксперттер буга чейин болжолдогондон алда канча узак бойдон калат. Ал буга чейин 40 жылдан ашуун убакыттан бери эң жогорку көрсөткүчкө жеткен. ЭВФ баалоосу боюнча ал АКШда 2022-жылы 7,7 % деңгээлинде күтүлүүдө. АКШ ФРС акча-кредит саясатын катаалдаштырды, июнь айындагы жыйналыштын жыйынтыгы боюнча борбордук банк федералдык кредиттик каражаттар боюнча негизги пайыздык ставканы дагы 0,75 п.п. - 1,5-1,75 % га көтөрдү, монетардык саясатты күчөтүү боюнча мындай кескин кадамдар 1994-жылдын ноябрынан бери жасала элек болчу. ФРС АКШда инфляция жогору экендигин жана ал болжолдонгондон узак убакытка чейин жогорку деңгээлде сакталып турарын мойнуна алды. Талдоочулар Россияда жана Беларуста инфляция 2022-жылы 20 %дан ашышы мүмкүн деп эсептешет.

Армения: Арменияның Өкмөтү өлкөнүн экономикасы 2022-жылы 7 %га өсөт деп болжолдоодо жана кийинки үч жылдын экономикалык өсүш максаты 7 % деңгээлинде белгиленген. Орто мөөнөттүү келечекте максатка жетүүгө жакынкы 3 жылда көбөйүп келе жаткан капиталдык чыгашалар өбөлгө түзөт, ал 2022-жылы пландаштырылган ИДПнын 4,5 %ынан жогорулап, 2025-жылы

ИДПнын 6 % тегерегинде болот. Инфляция 4 % деңгээлинде (±1,5 %) болжолдонгон. 2022-жылдын 6 айынын жыйынтыгы боюнча 10,2 % түзгөн экономикалык активдүүлүктүн жогорку көрсөткүчү жылдын 7 % деңгээлиндеги экономикалык өсүштүн максаттуу көрсөткүчкө жетүү менен аякташын болжолдоого мүмкүндүк берет.

Беларусь: Беларусь Республикасынын Министрлер Кеңеши 2022-жылга карата социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн маанилүү параметрлерин аныктады, мында ИДП 2,9 %га өсүшү керек, инфляция 6 %дан ашпашы керек.

Казакстан: Улуттук экономика министрлигинин болжолу боюнча, түзүлгөн дүйнөлүк саясий жана экономикалык кырдаалды эске алуу менен өлкөнүн ИДПсынын реалдуу өсүшү 3,9 %дан 2,1 %га чейин төмөндөгөн. Номиналдык ИДП 91,5 трлн тг көлөмүндө күтүлүүдө, бул жактырылган болжолдон 4,5 трлн тг жогору. Инфляция 8–10 % коридорунда аныкталган. 2022-жылдын июнь айында Казакстан Республикасынын Улуттук банкы экономикалык болжолун жаңылады, ага ылайык, Казакстанда 2022-жылы экономикалык өсүш 2,8–3,8 % деңгээлинде түзүлөт.

Россия Федерациясында (мындан ары – Россия): Россиянын Экономикалык өнүктүрүү министрлигинин баалоосу боюнча учурдагы кырдаалды эске алуу менен санкциялардын басымы 2025-жылга чейин сакталышын эске алып, 2022-жылы Россиянын ИДПсынын төмөндөшү 7,8 %ды түзөт, ал эми 2023-жылы – 0,7 %. Өсүш эки жылдык рецессиядан кийин калыбына келиши – 2024-жылы 3,2 %га жана 2025-жылы 2,6 %га өсүүсү күтүлүүдө. 2022-жылы инфляция 17,5 % деңгээлинде күтүлүүдө, 2023-жылга карата баалардын өсүү темпи 6,1 %га чейин жайлайт деп болжолдонууда, бирок 4 %дык максаттуу деңгээлге 2024-жылы гана кайтып келет. Экономикадагы негизги кыйынчылыктар логистикалык чынжырлардын бузулушу, өндүрүштү кайра жөнгө салуу зарылдыгы жана импорттун олуттуу төмөндөшү менен байланышкан (2022-жылга физикалык мааниде 27 %га болжол берилген). 2022-жылдын июль айында Россиянын Борбордук банкы болжолдоону көбөйтүү жагына кайра карап чыгып, 2022-жылы өлкөнүн ИДПсы мурдагы апрель айындагы болжолдоо боюнча 8–10 %дын ордуна 4–6 %га төмөндөшүн күтүүдө.

Учурда белгисиздиктин деңгээли жогору бойдон калууда. Өлкөлөрдүн экономикалары жагымсыз өнүккөн учурда, алар түзүлгөн кырдаалдын андан аркы кесепеттерине туш болушу мүмкүн: өндүрүштү токтотуп туруу же ал тургай комплекттөөчү каражаттардын жетишсиздигинен анын толук токтоп калышы, эмгек акынын кечеңдеши же кыскарышы, бизнестин кыйрашы, жумуштан бошотуу, калкты камсыз кылууда үзгүлтүккө учуроо жана инфляциянын кескин өсүшү.

Кыргыз Республикасы ачык экономика болуу менен глобалдык процесстердин терс таасирине дуушар болуп турат. ЭВФтин божомолу боюнча өсүш темпи мурда болжолдонгон өсүштү 5,6 %дан 2,8 %га чейин төмөндөтүү жагына кайра каралды.

2022-жылы жана болжолдонгон мезгилде (2023-2027-жылдар) экономикалык өнүгүү тышкы жана ички факторлордун таасирин улантуу гипотезасына негизделет.

Тышкы шарттар:

1) Геосаясий чыңалуунун күчөшүнөн улам, негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө экономикалык активдүүлүктүн төмөндөшү.

2022-жылдын февраль айынын башынан бери киргизилген Россияга каршы экономикалык чаралар (санкциялар) айрым банктардын SWIFT системасына уруксаттын жоготушунун, бир катар өлкөлөрдүн мунай жана газ эмбаргосунун, Россия Банкынын активдеринин бир бөлүгүн тоңдуруудан, көптөгөн чет өлкөлүк компаниялардын рыноктон чыгып кетишинен улам, узак мөөнөттүү терс кесепеттерге алып келет. Бул чаралар тармактардын кеңири тизмесин, экспорттун негизги позицияларын, экономикага инвестицияларды камтыйт.

Бардык чектөөлөрдү эске алганда, Россияда экономикалык активдүүлүктүн басаңдашы күтүлүүдө, бул ар кандай эксперттик баалоолор боюнча экономикалык жоготууларга алып келиши мүмкүн. Айрым финансы институттары (JPMorgan) 2022-жылы Россиянын ИДПсынын 12 %га төмөндөшүн болжолдошот, ал эми Эл аралык финансы институту ИДПнын 15 %га төмөндөшүн болжолдоп, андан да жогорку көрсөткүчкө жетиши мүмкүн деген. Дүйнөлүк Банктын эксперттеринин баамында, төмөндөө –1,2 % түзүшү мүмкүн, ал эми ЭВФ –8,5 % жана 2023-жылдын аягына чейин 2,5 % төмөндөшүн болжолодойт. Өлкөдөгү инфляция 2022-жылы эле 20 %дан ашышы мүмкүн. Россиянын экономикасы үчүн жаңы санкциялардан келтирилген чыгымдардын ордун жарым-жартылай энергия ресурстарына баалардын өсүшү менен толтурушу мүмкүн. Россиянын экономикасы инфляциянын убактылуу, бирок сөзсүз боло турган мезгили менен коштолгон масштабдуу түзүмдүк кайра куруу фазасына кирет.

Россияда экономикалык өсүштүн төмөндөшү ишкердик активдүүлүктүн төмөндөшүнө, соода операцияларынын кыскарышына алып келет жана Кыргыз Республикасына акча которуулардын келип түшүүсүнө терс таасирин тийгизет, тиешелүү түрдө, керектөө, соода, турак жай куруу ж.б. көлөмдөрүнүн кыскарышына алып келет. Дүйнөлүк банктын баалоосу боюнча, өлкөгө келип түшкөн акча которуулардын көлөмү 2022-жылы Россиядан которуулардын көлөмүнүн мурда болжолдонгон өсүшү 3 % деңгээлинен 33 %га кыскарат. ЭВФтин божомолу боюнча акча которуулардын көлөмү 2022-жылы 25 %га кыскарат.

Россияда реалдуу колдо болгон киреше (2022-жылдын биринчи кварталынын жыйынтыгы боюнча 1,2 %га кыскарган) төмөндөөдө, ошондой эле Россияда жумушсуздук деңгээли жогорулаган. Эксперттер Россияда ишин токтоткон ишканалардын накталай жана өндүрүштүк запастарынын резервдери түгөнгөндө, жайдын башында реалдуу жумушсуздук кескин өсүшү мүмкүн деп болжолдоодо. 2022-жылдын орто ченинде жумушсуздуктун деңгээли 7 %дан ашып, 2011-жылдан бери эң жогорку деңгээлге жетет, 2022-жылы акыркы 10 жылда биринчи жолу 9 %дан ашышы мүмкүн (Bloomberg аналитиктери). Демек, ушул багытта товар жүгүртүүнүн жана акча которуулардын кыскарышын күтүүгө болот.

Россияда экономикалык активдүүлүктүн начарлашы эмгек мигранттарынын иш менен камсыз болушуна жана кирешелерине, ошондой эле алардын акча которууларын жөнөтүү жөндөмүнө терс таасирин тийгизет. Анын натыйжасында колдо болгон кирешелердин деңгээлинин төмөндөшү инфляциянын сакталып келе жаткан жогорку деңгээли менен бирге кошумча социалдык басым жасайт.

Кабыл алынган эл аралык финансылык санкциялардын (Россия) режимин узак убакытка сактоо менен, импорттук комплекттөөчү буюмдар менен үзгүлтүктөр жана өсүп жаткан белгисиздик бизнести альтернативдүү жеткирүүчүлөрдү издөөгө мажбурлайт, бул кошумча чыгымдарды талап кылат жана ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн кирешесин кыскартат жана өлкөнүн бюджетине терс таасирин тийгизет.

2) Каржы рыногундагы туруксуздук. Жогорку геосаясий чыңалуу өнөктөш өлкөлөрдүн акча-кредит системасына кескин таасирин тийгизет. Жыл башынан бери дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө каржылык шарттар олуттуу түрдө күчөтүлгөн. Инфляциянын өсүп жаткан фонунда пайыздык чендердин күтүлүп жаткан жогорулашы өнүккөн экономикаларда шарттардын кыйла катуулашына алып келди. АКШнын Федералдык резерв системасы базалык ставканы 0,75 п.п. – 1,5–1,75 %га чейин көтөрдү, 1994-жылдын ноябрынан бери монетардык саясатты күчөтүү боюнча мындай кескин кадамдар жасалган эмес. ФРС 2022-жылы инфляциянын өсүшү боюнча божомолдорду 4,3 %дан 5,2 %га чейин начарлатты. Орточо божомол боюнча ставка 2022-жылдын аягына чейин 3,4 %, 2023-жылдын аягына чейин 3,8 % жана 2024-жылдын аягына чейин 3,4 % болот деп күтүлүүдө. Регулятор маалыматтарга, экономиканын абалына көз салып, инфляцияны 2 %га чейин төмөндөтүүгө аракет кылат. Геосаясий белгисиздик шартында, тышкы финансылык шарттардын катуулашы менен АКШнын Федералдык резерв системасынын акча-кредит саясатын нормалдаштыруунун ортосундагы байланыш (пайыздык чендин жогорулашы жана балансты тез төмөндөшү күтүлүүдө) капиталдын агып кетүү тобокелдигине алып келиши мүмкүн.

Россиянын Борбордук банкына каршы жарыяланган санкциялар анын валюта-финансы системасын колдоо үчүн эл аралык резервдерге кирүүсүн олуттуу чектейт.

Кыргызстандын негизги өнөктөш өлкөлөр менен өз ара соода жана акча которуулар аркылуу тыгыз экономикалык байланышын эске алганда, март айында биздин өлкөнүн валюта рыногуна басым кескин өстү. АКШ доллардын сомго карата алмашуу курсу бир АКШ доллары үчүн 105 сомго жетти. Тышкы таасирлердин Кыргыз Республикасынын экономикасына тийгизген терс таасирин минималдаштыруу максатында 10-мартта Улуттук банк эсептик ставканы 400 базистик пунктка жогорулатып, андан кийин аны 14,0 % деңгээлинде кармап турган (жыл башында ставка 8,0 %ды түзгөн). Ошондой эле, алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүн жумшартуу максатында Улуттук банк чет өлкө валютасын сатуу боюнча валюталык интервенцияларды жүргүзгөн. Валюта рыногунда басымдын басаңдашы менен орус рублинин артынан АКШ долларынын сомго карата курсу турукташып, 2022-жылдын 1-июлуна карата 1 АКШ доллары 79.50 сомду түздү.

3) Чийки зат, азык-түлүк рыногундагы туруксуздук.

Энергияга болгон баанын өсүшү, кыязы, жок болбойт жана азык-түлүк товарларына баанын динамикасынын таасири менен инфляцияга басым жасай берет.

Айыл чарба товарларына баалар жогорулоодо. Россия жана Украина дүйнөлүк буудай экспортунун болжол менен 30 % жана дүйнөлүк жүгөрү экспортунун 20 % түзөт. Украинада согуш башталгандан бери дан эгиндеринин баасы кескин жогорулады. Жүгөрүнүн кымбатташы малга тоют, андан кийин этке болгон чыгымдын жогорулашына алып келет. Россия алдыңкы өндүрүүчү болгон соя буурчактары да кымбаттап жатат. Жер семирткичтин баасы дагы кымбаттады.

2022-жылдын май айында ФАОнун азык-түлүк бааларынын индексинин орточо мааниси 157,4 пунктту түзгөн, бул 2021-жылдын тиешелүү мезгилине караганда 29,2 пунктка (22,8 %) жогору. Мындай өсүштүн негизги факторлору болуп бир катар алдыңкы экспорттоочу өлкөлөрдөгү өсүмдүк өстүрүү абалына байланыштуу кооптонууларга байланыштуу экспортко тыюу салуу, Украинада согуштун натыйжасында күтүлүп жаткан өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшү, ошондой эле логистикалык кыйынчылыктар сакталып келе жаткандыгы эсептелет.

Азык-түлүктүн кымбатташы керектөөчүлөрдүн сатып алуу жөндөмүнүн андан ары төмөндөшүнө алып келет. Азык-түлүк инфляциясынын жогорулашы жана башка баалардын кымбатташы айрым өлкөлөрдө социалдык чыңалууну күчөтүшү мүмкүн.

4) Эл аралык соода жүгүртүүнүн көлөмү төмөндөп бара жатат, бул дүйнөлүк экономиканын өсүшүнө жана тиешелүү түрдө

экономикалык активдүүлүктүн калыбына келишине тоскоол болуучу таасир берет. Дүйнөлүк соода уюму (ДСУ) 2022-жылы дүйнөлүк сооданын өсүү болжолун 4,7 %дан (октябрь версиясында) 3,0 %га чейин төмөндөтүп, товарлардын соода көлөмүнүн 2022-жылы 3,0 %га өсүшүн күтүүдө, бул мурунку болжолдон 4,7 %га жана 2023-жылы 3,4 % га төмөн. Глобалдык соода чөйрөсүндөгү тенденцияларында логистиканын үзгүлтүккө учурашы, сырьелук товарлардын баасынын өсүшү жана экологиялык продукцияга дүйнөлүк суроо-талаптын өсүшү чагылдырылат.

5) Ишкердик ишенимдин начарлашынан улам инвестициялардын агымынын кыскарышы күтүлүүдө, мында айрым калыбына келүү 2023-жылдан мурун башталбайт. Бирок, калыбына келтирүү боюнча болжолдор өтө белгисиз. Мунун баары түзүлгөн геосаясий кырдаалдын узактыгына, Россияга санкциялардын таасирине, анын ичинде Россиянын банктарын SWIFT системасынан ажыратуу, ошондой эле ишкер жана керектөө ишениминин төмөндөшүнөн жана белгисиздиктин өсүшүнөн улам дүйнө жүзү боюнча жыйынды суроо-талаптын төмөндөшүнө байланыштуу болот. 2022-2023-жылдары тике чет өлкөлүк инвестициялардын (мындан ары – ТЧИ) глобалдык агымдары 2019-жылдын деңгээлинен 25 % төмөн жана 2016-жылдын чокусунан 40 % төмөн бойдон калат деп күтүлүүдө.

6) COVID-19 оорусунун жаңы учурлары да ишкердик активдүүлүккө дайыма таасирин тийгизет.

Геосаясий чыңалуунун сакталышы, товардык-сырьелук рыноктордогу дүйнөлүк баалардын туруксуздугу жана дүйнөлүк экономиканын өнүгүүсүнүн белгисиздиги региондогу өлкөлөрдүн жана улуттук экономиканын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизет.

**Ички шарттар**:

Орто мөөнөттүү мезгилде ИДПнын өсүш факторлору төмөнкүлөр болот:

– өлкөдөгү социалдык-саясий туруктуулук;

– керектөөчүлөрдүн суроо-талабын калыбына келтирүү;

– импортту алмаштыруу боюнча ишти күчөтүү, экспорттук потенциалы жогору артыкчылыктуу секторлорду өнүктүрүү энергетика, ирригация, жол-транспорт чөйрөсүндө ири улуттук инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу;

– Кыргыз Республикасынын ЕАЭБге жана ДСУга мүчөлүгүн активдүү пайдалануу;

– финансылык инструменттерге жеткиликтүүлүктү түзүү (Россия-Кыргыз Өнүктүрүү фондунун (РКӨФ), Мамлекеттик ипотекалык компаниянын (МИК), Кепилдик фондунун (КФ), “Айыл чарбасын каржылоо” (АЧК) долбоорунун ж.б. ишин активдештирүү);

– ишкердик үчүн жагымдуу бизнес-чөйрөнү түзүү;

– бизнести көмүскөдөн чыгаруу боюнча көрүлүп жаткан чаралар;

– жана башкалар.

Экономикалык өсүштү колдоого Улуттук банк тарабынан баалардын туруктуулугун колдоого багытталган акча-кредит саясаты өбөлгө түзөт, ал өз учурунда экономикалык активдүүлүккө таасирин тийгизет.

**Мүмкүн болуучу тобокелдиктер**:

1) Россиянын экономикасына терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон Россияга каршы санкциялардын көбөйүшү жана улуттук экономикага суроо-талап жана тышкы соода аркылуу таасир тийгизиши мүмкүн:

– тышкы суроо-талаптын жана сунуштун кыскарышы, негизги соода өнөктөш өлкөлөр менен соода шарттарынын начарлашы;

– экономиканын солгундашы жана анын натыйжасында ишкердик активдүүлүктүн төмөндөшү жана экономикалык өсүштү каржылоонун жоктугу. Дүйнөлүк финансы рынокторундагы кырдаалдын татаалданышы тышкы карыздардын түшүүсүнө тоскоолдуктарды жаратышы же тартылган ресурстардын наркынын кымбатташына алып келиши мүмкүн;

– эмгек мигранттарынын акча которууларынын жана инвестициялардын агымынын кыскарышы менен шартталган экономикалык активдүүлүктүн басаңдашынан улам ички суроо-талаптын кыскарышы (2022-жылдын январь-майында акча которуулардын таза агымы 2021-жылдын январь-май айларынын деңгээлинен төмөн бойдон калууда (акча которуулардын таза агымы 754,3 млн АКШ долларын түзгөн жана көлөмү 3,1 %га төмөндөгөн), эгерде жылдын аягына чейин мындай тенденция улана берсе, анда тиешелүү түрдө жеке керектөө жана турак жай курулушунун көлөмүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн);

– баалардын кымбатташы жана инфляциянын деңгээлинин өсүшү (керектөө себетиндеги товарлардын көпчүлүгү импорттук товарларды түзгөндүктөн), бул өз кезегинде экономика секторлорунда чыгымдардын өздүк наркынын кымбатташына алып келет.

2) фондулук рыноктордогу туруксуздук, бул баалуу кагаздардын котировкасына терс таасирин тийгизиши жана валюталардын туруксуздугуна алып келиши мүмкүн;

3) агроөнөр жай комплексин жана энергетиканы өнүктүрүүгө таасир этиши мүмкүн болгон жагымсыз жаратылыш-климаттык фактор (суунун аздыгы);

4) ички рыноктун товарларынын азык-түлүк тобунун (ун, өсүмдүк майы, кант, акшак ж. б.), КММнын импортуна көз

карандылыгы; социалдык-маанилүү товарлардын айрым түрлөрүнүн жетишсиздиги жана баалардын жогору болушу;

5) негизги капиталга инвестицияларды өздөштүрүү түзүмүндө банктардын кредиттеринин көлөмү 51,3 %га; ишканалардын жана уюмдардын каражаттары – 4,6 %га; чет өлкөлүк кредиттер – 13,5 %га кыскарган, б.а. азыркы шарттарда ишкерлер/инвесторлор күтүү позициясында турушат;

6) пландалган капиталдык салымдарды каржылоо булактары менен камсыз кылууда үзгүлтүккө учуроо, ага ылайык курулуштагы жай өсүш (6 ай ичинде өсүш болгону 3,4 %га, өтө төмөн базада 2021-жылдын тиешелүү мезгилинде – 84,4%);

7) корреспонденттик банктык мамилелерде жана Россия банктарын батыш финансы системаларынан обочолоо менен шартталган эл аралык төлөм системаларынын ишиндеги үзгүлтүктөр Кыргыз Республикасынын АКШ доллары жана евро менен трансчек аралык төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн токтотушу мүмкүн, ал эми өсүү темпинин басаңдашы банктардын кредиттик портфелдеринин сапатын начарлатышы мүмкүн (айрым айларда экономикага кредиттин кыскарышы байкалган – февралда 98,9 %га, апрелде – 99,7 %га);

8) өндүрүш көлөмүнүн көбөйүшүнө карабастан (2021-жылы 1,8 %га, 2022-жылдын 4 айында – 28,3 %га көбөйгөн) алтынды экспорттоо көлөмүн кыскарышы (2021-жылы – 3,1 эсеге, 2022-жылдын 4 айында 105,6 эсе төмөндөгөн), бул өлкөнүн төлөм балансынын абалын начарлатат;

9) вегетация мезгилинде Токтогул суу сактагычына суунун агып келишине таасирин тийгизүүчү жаратылыш-климаттык фактордун таасиринен улам энергетика тармагынын туруксуз иши (өнөр жайга үлүш 12-13 %га жакын). 2022-жылдын 6 айынын жыйынтыгы боюнча иш жүзүндө электр энергиясын иштеп чыгуу 17,1 %га төмөндөгөн, мындай кырдаал экономика секторлорунун толук иштешине жана калктын керектөөсүнүн камсыз болушуна коркунуч туудурат;

10) формалдуу эмес экономиканын жогорку деңгээли (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2020-жылга маалыматы боюнча 20,8 % же 125 млрд сомду түзгөн);

11) мамлекеттик карыздын жогорку деңгээлин сакталышы (2021-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик карыздын ИДПга карата катышы 60,33 %ды түздү), ал фискалдык өбөлгөлөө мүмкүнчүлүгүн чектеши мүмкүн, ага ылайык бюджеттик тартыштык мамлекеттик карыздын андан ары өсүшүнө коркунуч келтирет;

12) төмөнкүлөрдүн натыйжасында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин тартыштыгынын көбөйүшү:

– алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнүн кесепеттерин минималдаштыруу, товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө баалардын кескин жогорулашына жол бербөө; азык-түлүк коопсуздугун камсыз

кылуу үчүн азык-түлүктүн мамлекеттик запастарын толуктоо, салык салуу, кредиттөө ж. б. боюнча айрым жеңилдиктерди киргизүүнүн эсебинен ишкердикти колдоо боюнча чараларды ишке ашырууга чыгымдарды көбөйүшүнүн;

– калктын социалдык аялуу катмарына (аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө) максаттуу жардам көрсөтүү үчүн чыгымдардын көбөйүшүнүн;

– социалдык чыгымдардын мурдагы деңгээлин сактоодо потенциалдуу кредиттик жана гранттык түшүүлөрдү кыскарышынын;

– финансылык рынокто ишкердик активдүүлүктүн басаңдашынын жана жогорку туруксуздуктан улам тышкы мамлекеттик карыздын көлөмүнүн өсүшүнүн.

13) айрым бажы тоскоолдуктарынын сакталышынын ж. б.

Учурдагы экономикалык кырдаалга көптөгөн өзгөрүлмө факторлор таасирин тийгизүүдө жана бул божомолдордун тактыгын бузат.

## 4. Негизги дүйнөлүк товардык рыноктордогу тенденциялар (азык-түлүк, алтын, мунай)

**Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу**

Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун (ФАО) жана Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюмунун (ЭКӨУ) баяндамасында глобалдык агроазык-түлүк сектору жакынкы он жылдыкта негизги проблемаларга, атап айтканда, ачкачылыкты жоюу зарылдыгына, туруктуу өсүп келе жаткан калк, климаттык кризистин таасирине жана экономикалык кесепеттерге жана Украинадагы согуштук иш-аракеттерге байланыштуу азык-түлүктү жеткирүүнүн үзгүлтүккө учурашына туш болору белгиленүүдө.

2022-жылы негизги дан эгиндеринин дүйнөлүк өндүрүшүнүн көлөмү төрт жылда биринчи жолу төмөндөйт, алардын дүйнөлүк керектөөнүн 20 жылда биринчи жолу кыскарат деп күтүлүүдө. Дан эгиндерин түздөн-түз тамак-ашка керектөө үчүн колдонуу көлөмү азайбайт деп күтүлүүдө, анткени болжолдор боюнча жалпы керектөөнүн кыскарышы тоют катары колдонулган буудайдын, тоют данынын жана күрүчтүн көлөмүн азайышынын эсебинен болот.

2022-жылы буудайдын дүйнөлүк запасы бир аз көбөйөт, негизинен Кытай, Россия Федерациясы жана Украинада запастардын күтүлүп жаткан өсүшүнүн эсебинен көбөйөт.

Болжолдор боюнча дүйнөдө жүгөрүнү өндүрүү жана пайдалануу көлөмү Бразилияда жана АКШда этанолду, ошондой эле Кытайда техникалык крахмалды өндүрүүнүн өсүшүнө байланыштуу жаңы рекордду орнотот. Балоолорго ылайык өсүмдүк майларын дүйнөлүк

керектөө суроо-талаптын күтүлүп жаткан ченемине карабастан өндүрүштөн ашат.

Аргентинада, Европа биргилинде жана Америка Кошмо Штаттарында эт өндүрүшүнүн кыскарышы күтүлүүдө, бирок дүйнөлүк өндүрүштүн көлөмү 1,4 %га көбөйөт деп күтүлүүдө, айрыкча Кытайда чочконун этин өндүрүү көлөмүнүн 8 %га көбөйүшүнүн эсебинен.

Болжолдорго ылайык дүйнөлүк сүт өндүрүшүнүн көлөмү сүт берүүчү бодо малдын санынын кыскарышынын жана бир нече негизги өндүрүүчү региондордо кирешенин ченеминин төмөндөшүнүн себебинен мурдагы жылдарга караганда жайыраак өсөт, ал эми аларды сатуунун көлөмү 2021-жылдагы жогорку көрсөткүчтөргө салыштырмалуу кыскарышы мүмкүн.

Дүйнөлүк кант өндүрүшүнүн көлөмү үч жылдык төмөндөөдөн кийин көбөйөт деп күтүлүүдө, бул Индия, Таиланд жана Европа бирлигинде өндүрүштүн өсүшү менен шартталган.

Өткөн жылы азык-түлүккө болгон баанын өсүшүнөн, тарыхий максимумга жакындап калган ФАО азык-түлүк бааларынын индексинин жогорулашынан, айрым негизги азык-түлүктөрдүн баасынын олуттуу өсүшүнөн тышкары, айыл чарба сектору азык-түлүк баасынын андан ары өсүшүнө алып келиши мүмкүн болгон өндүрүштүк чыгымдардын, атап айтканда жер семирткичтердин жана отундун наркынын өсүшүнөн улам сунушту чектөөгө аргасыз.

Май айында ФАО дан азыктарына баалардын индексинин орточо мааниси 173,4 пункту түздү, бул жаңы рекорд жана өткөн жылдагы көрсөткүчтөн 39,7 пунктка (29,7 %га) жогору. Айрыкча буудайды, жүгөрүнү жана арпаны сунуштоонун андан ары кыскарышы жана рыноктордогу белгисиздик, ошондой эле энергия ресурстарына баалардын өсүшү жана өндүрүштүн башка факторлору сыяктуу факторлордон улам дан азыктарына болгон дүйнөлүк баалар эксперттердин баалоосу боюнча 2022-2023-жылдардагы сезондун биринчи жарымында эң аз дегенде жогорку деңгээлде калышы мүмкүн.

## Дүйнөлүк мунай рыногу

2022-жылы дүйнөдө мунай[2] жана суюк көмүр суутегин өндүрүү 4,51 миллион барр/сутк. – 100,08 миллион баррга/сутк. чейин көбөйөт, 2023-жылы – 2,02 млн барр/сутк. – 102,1 млн барр/сутк. чейин. Мында өсүш ОПЕК өлкөлөрү, ошондой ОПЕКтен тышкары өлкөлөр тарабынан камсыз кылынат. Бул баада 2022-жылдын 2-июнундагы ОПЕК+ министрлер жолугушуусунун казып алууну тезинен калыбына келтирүү жөнүндө чечими эске алынган. Бирок, баалоо боюнча россиялык мунай жана мунай продуктуларына калтырылган жарым-жартылай эмбарго (6 айдан кийин чийки мунайды, 8 айдан кийин –

[2] АКШнын Энергетика министрлигинин энергетикалык маалымат башкаруусунун (EIA) баалоосу

мунай продуктуларын деңиз аркылуу импорттоого тыюу салуу) менен ЕБ санкцияларынын 6-пакетинин киргизилишинен улам Россияда суюк көмүр суутегин өндүрүүнүн төмөндөшү күтүлүүдө, бул мунайга болгон баанын өсүү тобокелдигин жаратат.

2022-жылы дүйнөдө мунайга болгон суроо-талаптын 2,28 миллион барр/сутк. өсүшү күтүлүүдө, 2021-жылга салыштырмалуу – 99,61 миллион барр/сутк чейин. 2023-жылы суроо-талап жылдык салыштыруу боюнча дагы 1,69 миллион барр/сутк. өсөт жана 101,32 миллион барр/сутк. түзөт.

Суроо-талаптын өсүшү дүйнөлүк ИДПнын 2022-2023-жылдардагы өсүшүн баалоодон келип чыгат. Мындан тышкары мунайга болгон суроо-талап газга баанын өсүшүнөн, энергиянын кайра жаралуучу булактарынын ишиндеги үзгүлтүктөрдөн улам өсүүдө, айрым керектөөчүлөр мунай продуктуларын кошкондо, отундун альтернативдүү түрлөрүнө өтүүдө.

Азыркы учурда дүйнөлүк мунай рыногундагы суроо-талаптын жана сунуштардын балансына таасирин тийгизиши мүмкүн болгон белгисиздик факторлору бар. Энергия ресурстарына баалардын жогорулашына Украинадагы согуш аракеттери, Россияга каршы санкциялар жана чийки заттарды өндүрүү жана жеткирүүнүн үзгүлтүккө учурашы таасирин тийгизди.

Жылдын башынан тартып чийки зат товарларына баа кескин жогорулады: бир баррель мунайдын наркы 41,3 %га – 111,63 АКШ долларына чейин көтөрүлдү (2022-жылдын 1-июлу) жана эгер баалар да жогору көтөрүлсө, анда инфляциянын дагы тездеши мүмкүн.

Энергияга болгон баанын өсүшү токтобойт жана өсүшү мүмкүн. Эксперттердин баалоолору боюнча мындай кырдаал геосаясий чыңалуу азайганга чейин сакталат.

Эл аралык валюта фонду мунайга болгон орточо баанын болжолун көтөрдү, болжолдуу баа 2022-жылы 106,83 АКШ долл/барр. түздү. 2023-жылы – 92,63 АКШ долл/барр. жана мунайга болгон баанын жылдык салыштырмалуу 54,7 %га өсүшү жана 2023-жылы 13,3 %га төмөндөшү күтүлүүдө.

Дүйнөлүк банктын аналитиктери да 2022–2023-жылдарда мунайга болгон баа боюнча өз болжолдорунда анын жогорулай турганын карашты. Жаңыланган болжолго ылайык 2022-жылы бир баррел мунайдын орточо баасы болжол менен бир баррел үчүн 100 долл. түзөт, бул мурда күтүлгөндөн 24 долл. көп, мында айрым учурларда мунайдын наркы 140 долл. жакындашы мүмкүн деп эсептешет. 2023-жылы мунайдын баасы болжол менен 90 долл. чейин көтөрүлүшү мүмкүн.

АКШнын Энергетика министрлигинин (EIA) энергетикалык маалымат башкармалыгы 2022-2023-жылдарга Brent маркасындагы мунайга болгон баанын болжолун оңдогон. 2022-жылы нарктын болжолу бир баррель үчүн 103,37 тартып 103,35 долларга чейин

төмөндөгөн. 2023-жылга карата баа бир баррель үчүн 92,57 долл. тартып 97,24 долларга чейин көтөрүлдү.

Жалпысынан орто мөөнөттүү мезгилде мунайга болгон баа орточо алганда бир баррель үчүн 100,0–115,0 АКШ долл. диапазонунда болжолдонууда.

Бирок, болжол ОПЕК+ келечектеги өндүрүштүк чечимдерине, Россиядан мунай жеткирүү кырдаалына, мунайга болгон баанын жогорулашына чараларга, АКШнын сланец өндүрүшүнө жана мунайга болгон суроо-талаптын өсүү темпине байланыштуу болот.

**Дүйнөлүк алтын рыногу**

Алтынга жана башка баалуу металлдарга болгон баа кыйла жогорулады, анткени көптөгөн инвесторлор коргонуу активдерине кайрылып, өз портфелдерин кайра балансташты.

Алтындын курсуна таасирин тийгизүүчү негизги фактор АКШ долларынын бекемделиши болуп саналат, анда көпчүлүк дүйнөлүк соода товарлары көрсөтүлгөн. АКШ Федералдык резервинин саясаты (негизги ставканы 75 базистик пунктка көтөргөн) инфляцияга каршы күрөшүү үчүн америкалык валютаны күчөтүүгө багытталган. Бирок, буга катар баалардын тез көтөрүлүшү, биринчи кезекте баалуу металл кирген коргоочу активдерге суроо-талаптын өсүшүнө алып келет.

Алтын – узак убакытка созулган стагфляция учурунда, айрыкча физикалык сунуш кыскарган шартта капиталдын өсүшү үчүн эң сонун каражат. Бир жагынан, бул тоо-кен компаниялары туш болгон кыйынчылыктарга байланыштуу, алар келечекте өндүрүштүн кыскаруусу жөнүндө биринин артынан бири жарыялашат. Мисалы, Түштүк Африкада алтын өндүрүү 2021-жылга салыштырмалуу 30 %га төмөн. Экинчи жагынан, учурдагы геосаясий чыңалуу иш жүзүндө алтынга болгон сунушту олуттуу чектеши мүмкүн. G7 өлкөлөрү Россиядан алтынга бойкот жарыялоо жөнүндө чечим кабыл алышты, бул алардын РФда казылып алынган же кайра иштетилген алтынга жетүүсүн токтотот. Бойкот баанын өсүшүнө алып келген сунуштун тартыштыгын жаратат. Соода тоскоолдуктары жана бааларды контролдоо инфляцияны күчөтүп, айрыкча Европада рецессия коркунучун жогорулатат.

Fitch рейтинг агенттиги 2022-жылга алтындын баасынын болжолун унция үчүн 1700 доллардан 1900 долларга чейин көтөрдү. 2023-жылга болжол 1650 доллардан 1800 долларга чейин өзгөртүлгөн. Fitch алтындын баасынын өзгөрүшүнүн факторлору деп Украинадагы согуш аракеттерин, АКШ ФРСнын монетардык саясатын, казыналык облигацияларынын кирешелүүлүгүн жана доллардын бекемделишин эсептейт.

APECON экономикалык болжолдоо агенттиги 2022-жылдын декабрь айынын аягына карата алтындын унциясы болжол менен

1818 долл., ал эми 2025-жылдын аягына карата – болжол менен 2,532 долл болот деп болжолдойт.

Канадалык Scotiabank банкынын алтындын баасына узак мөөнөттүү болжолу 2022-жылы алтын орточо бир унция үчүн 1850 долл. турарын, ал эми 2023-жылы бир унция үчүн 1700 долл. чейин төмөндөрүн көрсөтөт.

Goldman Sachs болжолуна ылайык дүйнөлүк рецессиянын натыйжасында алтындын наркы 32% га, бир унция үчүн 2500 долларга чейин өсүшү мүмкүн.

Жалпысынан орто мөөнөттүү мезгилде алтындын баасы орточо бир унциясы үчүн 1800–2200 АКШ долл. диапазонунда бааланууда.

Орто мөөнөттүү келечекте геосаясий кырдаалдын курчушунун кесепеттери дээрлик дүйнө жүзүндө курч сезилет. Дүйнөлүк экономиканын калыбына келиши дүйнөдөгү экономикалык, социалдык жана климаттык туруктуулукка инвестициялардын канчалык деңгээлде камсыздалгандыгына жараша болот.

Каралып жаткан мезгилдерде дүйнөлүк экономиканын өнүгүү келечеги 3,0 % – 4,0 % аралыгында өзгөрүлүп турат.

## 5. 2022-жылы күтүлгөн макроэкономикалык көрсөткүчтөр

2022-жылга иштин негизги багыты макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу, анын ичинде керектөө бааларынын деңгээлинин өсүшүн токтотуу, кризистик көрүнүштөрдүн таасирин болтурбоо жана минималдаштыруу боюнча таасирдүү чараларды көрүү болуп саналат.

Бирдиктүү макулдашылган экономикалык саясатты иштеп чыгуу, бизнес-коомчулукта жана калкта адекваттуу инфляциялык күтүүлөрдү түзүү, 2022-жылга экономикалык саясаттын негизги багыттарын аныктоо жана ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылга экономикалык саясаттын негизги багыттары жөнүндө биргелешкен билдирүүсү кабыл алынды (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылдын 26-апрелинденги № 229/8–1 токтому).

2022-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин деталдуу иш-аракеттер планы кабыл алынды (2022-жылдын 24-мартындагы № 134-т тескемеси), ал өлкөнүн экономикалык өсүшүн, финансылык туруктуулугун камсыз кылууга, ошондой эле экономикалык ишти жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча чаралардын комплексин жүргүзүүгө, салыктык башкарууну андан ары жакшыртуу жана салыктык жана бажылык жол-жоболорду фискалдаштыруу жолу менен бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүгө, баалардын туруктуулугун, жашоо-турмушту камсыз

кылуу системасынын туруктуулугун камсыз кылууга, бардык социалдык милдеттенмелерди аткарууга жана стратегиялык багыттарга жана артыкчылыктарга жетишүүгө багытталган.

Дүйнөлүк экономика үчүн мүнөздүү болгон негизги өзгөрүүлөрдү, жогорку даражадагы белгисиздикти, валюта рыногундагы кырдаалды жана анын керектөө товарларынын наркына таасирин эске алуу менен тышкы экономикалык башаламандыкты азайтуу, бизнести жана калкты колдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылга карата кризиске каршы чаралар планы (2022-жылдын 24-мартындагы № 133-т тескемеси) кабыл алынган, анда төмөнкү чаралар каралган:

– товардык, финансы жана валюта рынокторун турукташтыруу боюнча;

– экономиканын системаны түзүүчү тармактарын турукташтыруу жана жаңы тармактык өнүктүрүү пландарын түзүү боюнча;

– экономикалык иштин катышуучуларын колдоонун жана каржылоонун жаңы механизмдерин иштеп чыгуу боюнча.

Планга киргизилген чаралар 7 багыт боюнча топтоштурулган: 1) азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана артыкчылыктуу товарларга бааларды турукташтыруу боюнча чаралар; 2) социалдык колдоо жана иш менен камсыз кылуу чаралары; 3) финансылык туруктуулукту камсыз кылуу боюнча чаралар; 4) ишкердик субъекттерди колдоо чаралары; 5) инвестицияларды тартуу боюнча чаралар; 6) товар жүгүртүүнү көбөйтүү боюнча чаралар; 7) мамлекеттик бюджеттин туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар.

Учурдагы жылы кыска мөөнөттүү экономикалык фон өтө белгисиз бойдон сакталууда, тобокелдиктер жогору бойдон калууда жана баалардын начарлашына карай жылууда.

Ишкердик активдүүлүктү бузуп жаткан окуялардын динамикалуулугуна байланыштуу, баалоого ылайык Кыргыз Республикасында **2022-жылы** экономикалык өсүш орточо болот жана учурдагы белгисиздиктин жогорку деңгээлин эске алуу менен жетиштүү түрдө саламакталып бааланды.

Экономикалык өнүгүү Россияга карата экономикалык санкциялардын таасиринин уланышынын жана экономикалык саясаттын чаралары тарабынан кошумча колдоону колдонуунун фонунда дүйнөлүк экономиканын өсүш темпи басаңдаган шартта болот деп күтүлүүдө, мында 2022-жылга экономикалык өсүш **103,7 %** деңгээлинде бааланууда, номиналдык туюнтмада көлөмү 825 млрд сом суммасын түзөт.

2022-жылы экономика секторлорунда өсүш төмөнкүдөй бааланууда: айыл чарбасында – 2,1 %, өнөр жайда – 6,7 %; кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө – 3,2 %, курулушта – 3,5 %.

2022-жылы күтүлгөн социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр төмөнкүдөй түзүлөт:

8-таблица

**ИДПны түзүүчү тармактар боюнча өсүш темпи жана түзүмү (өсүш темпи ДКН боюнча келтирилди)**

| | **2021-жыл, алдын ала иш жүзүндө** | | | **2022-жыл, күтүлүүчү** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | өсүш темпи, % | ИДПга карата % менен | млн сом | өсүш темпи, % | ИДП кара-та % менен | ИДП өсүшү-нө салым-дын үлүшү, % менен |
| **ИДП** | **723 122,2** | **103,6** | **100,0** | **824 948,9** | **103,7** | **100,0** | **3,7** |
| Өнөр жай | 132 661,7 | 107,2 | 18,3 | 148 296,5 | 106,7 | 18,0 | 1,23 |
| Айыл чарба | 106 170,3 | 95,0 | 14,7 | 120 029,0 | 102,1 | 14,5 | 0,31 |
| Курулуш | 60 328,8 | 95,2 | 8,3 | 67 747,7 | 103,5 | 8,2 | 0,29 |
| Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү | 326 878,0 | 106,5 | 45,2 | 378 522,4 | 103,2 | 45,9 | 1,45 |
| Продуктуларга таза салыктар | 97 083,4 | 103,6 | 13,4 | 110 353,2 | 103,7 | 13,4 | 0,5 |

Калыбына келтирүү темпи экономикалык саясаттын чаралары тарабынан колдоонун натыйжалуулугуна, өлкөлөр ортосундагы экинчилик натыйжалардын таасирине жараша болот.

Дүйнөдөгү геосаясий кырдаалдын курчушу тамак-аш азыктарынын рынокторунун туруктуулугуна коркунуч келтирет. Бул шарттарда өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыздоодо калкты иш менен камсыз кылууга катар экономиканын **агроөнөр жай сектору** негизги ролду ойнойт.

2022-жылга айыл чарба, токой чарба жана балык уулоо продукцияларын дүң чыгаруу 366,6 млрд сом көлөмүндө, ал эми реалдуу өсүш темпи – 102,1 % деңгээлинде, өсүмдүк өстүрүүдөгү өсүштүн эсебинен – 2,2 % га жана мал чарбасында- 2,0 % га болжолдонууда.

Бул көрсөткүчтөргө төмөнкүлөр таасирин тийгизет:

– дан өсүмдүктөрүн өндүрүүнү 27,2 %га көбөйтүү, айдоо аянтын 24,1 миң га көбөйтүүнүн эсебинен – 678,0 миң га чейин; кант кызылчасын – 36,8 %га, түшүмдүүлүктү жогорулатуунун эсебинен республика боюнча орточо 534,3 ц/га түзүү менен өткөн жылга караганда 1,5 эсе жогору, пахтаны – 4,2 %га, бул түрлөргө дүйнөлүк

сатып алуу баасынын өсүшүнө байланыштуу май өсүмдүктөрүн – 37,90 %га;

– жашылча жана картошка өндүрүшүнүн басаңдашы (2022-жылы өсүш темпи – тиешелүү түрдө 0,1 %га), бул өсүмдүктөрдүн бул түрлөрүн экспорттоодо соода тоскоолдуктарынын болуу мүмкүндүгү менен шартталган;

– “Айыл чарбасын каржылоо” линиясы боюнча айыл чарба өндүрүүчүлөрү үчүн жеңилдетилген кредиттерди берүү (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 3-январындагы № 3-т “Айыл чарбасын каржылоо-10” тескемесине ылайык өсүмдүк өстүрүү, мал чарбасы жана тамак-ашты кайра иштетүү тармактарын өнүктүрүү үчүн 5 100,0 млн сом суммасында жеңилдетилген кредиттерди берүү пландалууда);

– КММ бөлүп берүүдө, лизинг боюнча айыл чарба техникаларын сатып алуу жолу менен жеңилдетилген кредиттик шарттарда фермерлерди зарыл болгон айыл чарба техникалары менен камсыз кылууда, дыйкандарды жана фермерлерди азот минералдык жер семирткичтери менен камсыз кылуу маселесин чечүүдө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнү улантуу;

– өлкөдө жакшы эпизоотиялык кырдаалды камсыз кылуу;

– жана башкалар.

Мал чарба продукциясынын өсүшү тирүү салмакта эт өндүрүүнү 2,0 %га көбөйтүүнүн эсебинен жетишилет, бул өткөн жылга салыштырмалуу 8,6 миң тоннага көп жана 437,5 миң тоннаны, сүттү – 38,9 миң тоннага көбөйтүү менен 2,3 %га жана 1 737,0 миң тоннаны түзөт, жумуртканы – 8,3 млн даанага чейин көбөйтүү менен 1,5 %га жана 572,5 млн дааnaны түзөт.

Бул сектордогу негизги тобокелдиктер болуп төмөнкүлөр саналат: жагымсыз жаратылыш-климаттык шарттар; күйүүчү-майлоочу материалдарга баалардын күтүүсүз болушу; минералдык жер семирткичтердин жетишсиздиги жана аларга баалардын жогору болушу; соода тоскоолдуктары (чек аралардын жабылышы); жагымсыз эпизоотиялык кырдаал; берилген мамлекеттик колдоону натыйжасыз пайдалануу ж. б.

**Өнөр жайда** 2022-жылга өсүш төмөнкүлөрдүн эсебинен 6,9 % деңгээлинде болжолдонууда:

– Кумтөр кенинде өндүрүштүн көлөмүнүн 2021-жылга салыштырмалуу 8,9 %га көбөйүшүнүн (“Кумтөр Голд Компани” ЖАКтын көлөмдөрүнүн өндүрүштүк планында билдирилген көлөмдөрдүн ордуна, 2022-жылдын I кварталынын жыйынтыгы боюнча 26,3 %га олуттуу кыскартууну эске алуу менен орточо чеги – 510 миң унция кабыл алынган);

– Талды-Булак-Сол Жээк кенинде негизги металлды өндүрүүнүн көлөмүнүн 7,2 %га өсүшүнүн;

– 18,7%га өсүш күтүлүп жаткан Жерүй кенинде негизги металлды өндүрүшүнүн көлөмүн жогорулатуунун;

– Макмалдын кайрадан иштеп башташынын;

– Кара-Казык (“Кайди” ЖЧК) кенин ишке киргизүүнүн;

– текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн көлөмүн калыбына келтирүүнүн, 2022-жылы 2,0 % га өсүш күтүлүүдө (2021-жылы – 94,2 %);

– 2022-жылы азык-түлүк (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки буюмдарын өндүрүү көлөмүнүн 6,0 % деңгээлинде өсүшүнүн (2021-жылы жогору база – 113,3 %);

– “Жунда” МИЗ, Токмоктогу МИЗ, Кара-Балтадагы МИЗ, Жалал-Абаддагы МИЗ өндүрүшүнүн көлөмүнүн акырындык менен калыбына келишинин, 2022-жылы алардын өндүрүштүк кубаттуулугун өздөштүрүүнүн эсебинен 7,2 %га өсүш күтүлүүдө (2021-жылы база жогору болгон – 167 %);

– курулуш тармагында темптердин басаңдашынан улам курулуш материалдарына суроо-талаптын кыскарышынын эсебинен курулуш материалдарын өндүрүү көлөмүнүн 8,0 %га төмөндөшүнүн (2021-жылы база жогору болгон – 133,4 %); өздүк өндүрүштөр ишке киргизилгендиктин эсебинен Өзбекстанга цемент, санкциялардын киргизилишине байланыштуу айрым объекттерди куруу токтотулгандыктан улам Россияга айнекти экспорттоонун азайышынын;

– Токтогул суу сактагычынын толушун эске алуу менен электр энергиясын иштеп чыгуунун 6 %га төмөндөшүнүн, мында аны берүүнү жана бөлүштүрүүнү, газ менен камсыздоо системасы аркылуу газ түрүндөгү отунду бөлүштүрүүнү (8,8 %га өсүш) эске алуу менен бул тармактагы терс маани жокко чыгарылат;

– токтоп турган ишканаларды ишке киргизүү, ошондой эле жаңы кубаттуулуктарды киргизүү боюнча иш-чаралардын ж. б.

**Өлкөнүн курулуш комплексинде** капиталдык салымдардын 4,6 %га көбөйүшү болжолдонууда, анын көлөмү 139,2 млрд сомду түзөт: анын ичинен каржылоонун ички булактарынын эсебинен капиталдык салымдардын түшүүсү каралган:

– “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча республикалык бюджеттен 3 000,0 млн сом суммасында;

– ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен 48,9 млрд сом (“Кумтөр Голд Компани” ЖАКтын (29 861,4 млн сом); “Кыргызалтын” ААКнын (124,7 млн сом) инвестицияларынын эсебинен ж. б.) суммасында;

– каржылоонун тышкы булактарынын эсебинен:

– чет өлкөлүк кредиттердин, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын эсебинен 24,9 млрд сом суммасында;

– чет өлкөлүк түз инвестициялардын көлөмүн 12,9 млрд сомго чейин көбөйтүүнүн эсебинен (“Fuul gold mining” ЖЧКсы (100,0 млн сом); “Алтынкен” ААК (129,2 млн сом); “KAZ Minerals Bozymchak” ЖЧК (3 522,8 млн сом); “Чаарат Заав” ЖАКы (5 102,9 млн сом); “Газпром Кыргызстан” ЖЧК (591,3 млн сом); “Алтын-Альянс” ЖЧК (1 215,0 млн сом), “Кайди” тоо-кен инвестициялык компаниясы” ЖЧК (1 367,2 млн сом); “Байэл-3” мунайды кайра иштетүү заводу” ЖЧК (40,0 млн сом); ж.б.

2022-жылы транспорт системасын, энергетикалык инфратүзүмдү, ошондой эле суу менен камсыздоону жана башкаларды өнүктүрүү мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорунун маанилүү багыттары болуп калат.

Мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин көлөмү 37 778,9 млн сомду түзөт, анын ичинен гранттар – 13 779,5 млн сом (36,5 %), кредиттер – 21 918,0 млн сом (58,0 %) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетин кошо каржылоосу – 2 081,4 млн сом (5,5 %). Каржылоонун эң чоң көлөмү транспорт секторунда 10 141,3 млн сом өлчөмүндө каралган (бардык мамлекеттик инвестициялардын 26,8 %ы). Энергетика тармагында каржылоонун көлөмү 8 436,3 млн сом суммасында каралган (бардык мамлекеттик инвестициялардын 22,3 %ы).

Экономиканы капиталдаштыруунун пландалган көлөмдөрүнө жараша 2022-жылы курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмүнүн реалдуу өсүшү 3,5 % деңгээлинде болжолдонууда жана 165,0 млрд сомду түзөт. Курулуш тармагынын экономикалык өсүш темпине тийгизген таасири оң болот жана 0,29 пайыздык пунктту түзөт, ИДПнын өндүрүш структурасында курулуштун салыштырма салмагы 8,2 %ды түзөт.

**Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө** 2022-жылы реалдуу өсүш төмөнкүлөрдүн өсүшүнүн эсебинен 3,3 % деңгээлинде күтүлүүдө:

– дүң соода чыгаруу 5,8 %га;

– транспорттук жана жүктөрдү сактоо кызмат көрсөтүүлөрү 5,6 %га;

– мейманкана жана ресторан иши 9,8 %га;

– байланыш кызматтары 2,5 %га.

2022-жылга кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн күтүлгөн орточо көрсөткүчтөрү, негизинен 2021-жылы айрым тармактардын жогорку базасы менен шартталган (106,9 %).

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй факторлордун эсебинен жетишилет:

– калктын акчалай кирешесинин (эмгек акынын) өсүшү, ага ылайык керектөө суроо-талабынын көбөйүшү;

– эл аралык автотранспорт кызматтарын көрсөтүүдө ата мекендик жүк ташуучулар үчүн шарттарды жакшыртуу бөлүгүндө

ЕАЭБге интеграциялоо процессин улантуу, аба кемесинде учуулардын географиясын кеңейтүү, чектөөлөрдү алып салуу жана бардык өлкөлөр менен аба каттамдарын жана жүк ташууларды мурдагы көлөмдө пандемияга чейинки деңгээлге чейин калыбына келтирүү;

– туристтердин башка өлкөлөрдөн кирүүсүнө чектөөлөрдү алып салуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга туризм чөйрөсүн өнүктүрүү программасын ишке ашыруу (2019-жылдын 31-январындагы № 36);

– Кыргыз Республикасынын негизги соода өнөктөш өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрүн жакшыртуу жана анын натыйжасында ишкердик чөйрөнү жакшыртууда республиканын коңшу өлкөлөргө экспорттук берүүлөрүн өбөлгөлөө;

– ишкердикти өнүктүрүү үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү;

– санариптик кызмат көрсөтүүлөрдүн экономикадагы үлүшүн жогорулатуу;

– Россия Федерациясындагы экономикалык кырдаалдын начарлашынын эсебинен мигранттардын акча которууларынын азайышы;

– көмүскө экономиканын үлүшүн азайтуу (экономикалык мунапыс берүүнүн, салык жол-жоболорун фискалдаштыруунун, МКС башкаруу системасын автоматташтыруунун ж.б. натыйжасы).

2022-жылы дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын өсүшү уланды, бул өлкөдөгү инфляциянын деңгээлине таасирин тийгизет. 2022-жылы дүйнөлүк сунуш менен товарларга суроо-талаптын ортосундагы дисбаланстын азайышы күтүлүшүнө карабастан, глобалдык суроо-талаптын андан ары калыбына келиши дүйнөлүк азык-түлүк товарларына баалардын өсүшүнүн уланышын шарттайт. Инфляцияга негизги салым көбүнчө өлкөгө импорттолуучу товарлардын азык-түлүк тобу тарабынан кошулат, ал эми алкоголдук жана тамеки продукциясына акциздерди пландуу жогорулатуу баалардын жалпы деңгээлине кошумча салымын кошот. Натыйжада 2022-жылы инфляциянын деңгээли 14-15 % деңгээлинде бааланат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы баалардын туруктуулугун камсыз кылууга багытталган акча-кредит саясатын жүргүзүүнү улантат.

Белгилей кетүүчү нерсе, болжол жогорку белгисиздик шарттарында түзүлгөн, ал эми экономикалык өнүгүү көбүнчө болуп жаткан тышкы факторго көз каранды болот. Кырдаал өзгөргөн учурда болжол кайра каралат, ал эми көрсөткүчтөр жаңы реалдуулукту эске алуу менен оңдолот.

## 6. 2023-жылга макроэкономикалык болжол

### 6.1. Макроэкономикалык саясат

2023-жылга саясаттын негизги багыттары жана чаралары 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы), 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы), 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планында (Кыргыз Республикасынын Ми нистрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы № 352 токтому), Орто мөөнөттүү мезгилге акча-кредит саясатынын негизги багыттарында (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы № 2017-Т-07/51-1 (ДКП) токтому) аныкталган багыттарга ылайык ишке ашырылат.

Болжолдун белгилүү бир параметрлерине жетишүү үчүн коюлган максаттарга жетүү үчүн экономиканын ресурстарын толук мобилизациялоого багытталган 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-аракеттеринин деталдуу планы иштелип чыгат.

Экономикалык саясаттын негизги артыкчылыктары жарандардын жашоосунун сапатын жогорулатуу жана мамлекеттик милдеттенмелерди толук көлөмдө аткаруу, экономикалык өсүштүн деңгээлин сактоону камсыз кылуу болот.

Керектөө суроо-талабын калыбына келтирүүгө, экспорттук потенциалы жогору артыкчылыктуу секторлорду өнүктүрүүгө, энергетика, ирригация, жол-транспорт чөйрөсүндөгү ири улуттук инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга, Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ жана ДСУга мүчөлүгүн активдүү пайдаланууга, инвестициялык жагымдуулукту жогорулатууга, ишкер климатты жакшыртууга, ишкердик үчүн жагымдуу ишкердик чөйрөнү түзүүгө, бизнести көмүскөдөн чыгарууга жана калктын финансылык инструменттерге жетүүсүн түзүүгө багытталган макроэкономикалык саясатты жүргүзүү улантылат.

Экономикалык туруктуулукту жана социалдык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин биринчи кезектеги милдеттери болот, ал үчүн чакан жана орто бизнести, экспорттук-импорттук операцияларды колдоо жана инвесторлорду коргоо, чарбакер субъекттердин толук кандуу иштеши, мамлекеттин натыйжалуу социалдык саясатын

жүргүзүү, тышкы соода байланыштарын чыңдоо жана ички рынокту өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү боюнча чараларды ишке ашырууга, экономиканын реалдуу секторунда өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга жана мамлекеттик бюджеттин туруктуулугун камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

## 6.2. Акча-кредиттик саясат

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы баалардын туруктуулугун камсыз кылууга багытталган акча-кредит саясатын жүргүзүүнү улантат, ал үчүн монетардык саясаттын бардык инструментарийи колдонулат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы № 2017-Т-07/51-1 (ДКП) токтому менен бекитилген Орто мөөнөттүү мезгилге акча-кредит саясатынын негизги багыттарынын алкагында акча-кредит саясатын жүргүзөт.

Максаттуу багыттарга жетишүү үчүн акча-кредит саясаты акча-кредит саясатынын инструменттерин өркүндөтүүгө, чечимдерди кабыл алуу процессин жана акча-кредит саясатынын коммуникациялык компонентин жакшыртууга өзгөчө көңүл буруу менен өнүктүрүүнүн билдирилген багыттарын эске алуу менен жүргүзүлөт.

Орто мөөнөттүү келечекте инфляция боюнча максаттарды белгилөө режимине акырындык менен өтүүнүн алкагында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын күч-аракеттери төмөнкүлөргө багытталат:

– акча-кредиттик трансмиссиянын пайыздык каналынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана банктар аралык акча рыногун өнүктүрүү жолу менен экономикага акча-кредит саясатынын чараларынын таасирин берүү механизмин өркүндөтүү;

– акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана ийкемдүүлүгүн жогорулатуу;

– банк системасында ликвиддүүлүктүн тең салмактуулугун камсыз кылуу;

– акча-кредит саясатынын коммуникациялык компонентин күчөтүү.

Монетардык саясатынын экономикага натыйжалуу таасиринин ажырагыс шарты болуп өзгөрүлмө алмашуу курсу саналат. Бул багытта Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган өзгөрүлмө алмашуу курсунун режимин сактоону улантат, ал ички валюта рыногунда чет өлкөлүк валютага суроо-талаптын жана сунуштун катышы менен аныкталат. Валюта рыногундагы иш-аракеттер өзгөрүлмөлүүлүккө жараша жана трендди эске алуу менен, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн жеңилдетүүгө багытталат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик ставкасы (негизги ставка) негизги инструмент бойдон калат, ал эми акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык ставкалары акча-кредит саясатынын операциялык багыты болот.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы инфляциялык басымды чектөө максатында ачык рынокто операцияларды жүргүзүү жана коммерциялык банктардын эркин ресурстарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында "овернайт" депозиттерине жайгаштыруу аркылуу банк системасындагы ашыкча ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салууну улантат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы зарыл болгон учурда кайра каржылоо инструменттери аркылуу, анын ичинде банктардын ликвиддүүлүгүн колдоо жана банк системасынын керектөөлөрүн эске алуу менен банктардын экономиканын артыкчылыктуу тармактарына андан ары кредит берүүсү үчүн улуттук валютада узак мөөнөттүү ликвиддүүлүктү берүү боюнча операцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн карайт.

Жөнгө салынуучу финансылык уюмдар тарабынан берилүүчү сактык жана кредиттик продуктуларга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү жана калктын финансылык сабаттуулугунун деңгээлин жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы мамлекеттик органдар менен биргеликте жана Эл аралык финансылык корпорациянын көмөгү менен финансылык жеткиликтүүлүктү жогорулатуу стратегиясын ишке ашырат.

Банк системасында туруктуулукту сактоо максатында банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерди аныктоого жана азайтууга, коммерциялык банктарда тобокелдиктерди башкаруу системасын күчөтүүгө, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча улуттук системаны жакшыртууга өзгөчө көңүл бурулат.

Керектөөчүлөрдүн кеңири чөйрөсүнө банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү максатында санариптик төлөм технологияларын жана инструменттерин өнүктүрүүгө, ошондой эле банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүүгө андан ары көмөк көрсөтүлөт. Виртуалдык активдерди жөнгө салууну андан ары жайылтуу жана санариптик валюталарга карата мамилелерди иштеп чыгуу боюнча иштер улантылат.

Эл аралык резервдерди башкаруу ликвиддүүлүктү колдоонун жана резервдик активдердин коопсуздугун камсыз кылуунун негизги принциптерин сактоону эске алуу менен ишке ашырылат. Тышкы рыноктордо чет өлкөлүк валюталардын курстарынын олку-солкулугунун таасирин жумшартуу, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын резервдик активдеринин наркынын начарлоо тобокелдиктерин диверсификациялоо, алтын валюталык резервдерди

топтоо максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ички рынокто алтынды улуттук валютага сатып алат.

### 6.3. Бюджеттик-салыктык саясат

2023-жылы бюджеттик-салыктык саясат туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылууга жана мамлекеттик бюджеттин туруктуулугун сактоого багытталат, бул өз кезегинде экономикалык өсүш, карыздык кырдаалдын туруктуулугу жана социалдык максаттардын ортосундагы тең салмактуулукка жетишүүнү билдирет.

Бюджеттик саясат мамлекеттик финансыны башкарууну өнүктүрүүнүн 2017–2025-жылдарга карата стратегиясына (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 22-декабрындагы № 696 токтому), 2022–2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарына (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 15-сентябрындагы № 169 токтому) ылайык ишке ашырылат.

Бюджеттик саясатты ишке ашыруу төмөнкү милдеттерди чечүү аркылуу ишке ашырылат:

– мамлекеттик бюджетти пландаштырууну жана аткарууну жакшыртуу, анын ичинде бюджеттин ачыктыгын, толуктугун жана аныктыгын жогорулатуу;

– бюджеттин кирешелерин жана чыгашаларын контролдоону жакшыртуу;

– өз убагында эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук;

– ички жана тышкы аудиттин жол-жоболорун өркүндөтүү;

– республикалык бюджетти колдоого ресурстарды берүү жана бюджеттик каражаттарды үнөмдөө чаралары боюнча эл аралык финансы институттары менен активдүү сүйлөшүүлөр.

Мамлекеттик карызды башкаруу жагындагы саясат карыздын оорчулугун акырындык менен азайтуу жолу менен, анын ичинде тышкы карыз боюнча төлөмдөрдүн белгиленген графигин сактоо менен тышкы карыздарды кыскартуунун эсебинен ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруунун 2022–2024-жылдарга стратегиясынын алкагында (2022-жылдын 1-июлундагы № 357 токтому) жана мамлекеттик карыздын туруктуу деңгээлине жетишүү, анын түзүмүн оптималдаштыруу жана мамлекеттик карызды натыйжалуу башкаруу үчүн негиз түзүү максатында төмөнкүлөр болжолдонууда:

– мамлекеттик карызды өз убагында тейлөө;

– тышкы карызды андан ары реструктуризациялоо мүмкүнчүлүгүн кароо;

– эки тараптуу кредиторлор менен конверсиялык операцияларды жүргүзүү;

– артыкчылыктарга ылайык натыйжалуу жана экономикалык жактан негизделген долбоорлорго 35 %дан кем эмес грант элементи бар жеңилдетилген тышкы кредиттерди тартуу;

– мамлекеттик баалуу кагаздардын баштапкы жана экинчи рынокторун өнүктүрүү аркылуу мамлекеттик баалуу кагаздарды кармоочулардын чөйрөсүн кеңейтүү;

– мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу жана жайгаштыруу аркылуу ички карыз алуунун көлөмүнүн өсүшү;

– мамлекеттик баалуу кагаздар портфелин диверсификациялоо.

Жалпысынан, 2023-жылы жүргүзүлүп жаткан саясат мурдагыдай эле бюджеттик туруктуулукту камсыз кылууга жана төмөнкү багыттарды ишке ашырууга багытталат: бюджеттин ресурстук потенциалын жогорулатуу; бюджеттин терс балансын кыскартуу; мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугун жана майнаптуулугун жогорулатуу; мамлекеттик тышкы карыздын туруктуулугун сактоо жана ички карыз алуунун көлөмүн көбөйтүү.

Салык саясаты ата мекендик өндүрүүчүлөрдү колдоого, ата мекендик продукцияны чет өлкөлүк рынокторго чыгаруу үчүн натыйжалуу инструменттерди түзүүгө, ак ниеттүү бизнести коргоого жана экономиканы көмүскөдөн чыгарууга багытталган, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жаңы редакциясында белгиленген башкы принциптерди мамлекеттик башкаруунун күндөлүк практикасында ишке ашырууга багытталат.

Салык саясатынын багыттарынын бири болуп товарларды жүгүртүү жана байкоого алуу системасы үчүн улуттук компонентти түзүү, ошондой эле “салык салуу” көрсөткүчү боюнча дүйнөлүк аренада Кыргыз Республикасынын рейтингин жогорулатуу боюнча иш саналат.

Бюджеттин кирешелерин көбөйтүү жана көмүскө экономиканын үлүшүн азайтуу максатында электрондук эсеп-фактураларды, электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды, ККМ-онлайн жана товарларды идентификациялоо каражаттары менен маркалоону толук масштабдуу киргизүү жолу менен салык жол-жоболорун фискалдаштыруунун электрондук системасын ишке киргизүү, салык төлөөчүлөрдү сыйлоо системасын, кассалык чектерди берүүдө кэшбэк системасын киргизүү боюнча активдүү иштер жүргүзүлөт.

## 6.4. Инвестициялык саясат жана ишкердикти өнүктүрүү жаатындагы саясат

Инвестициялык саясатты жүргүзүүнүн негизги максаты Кыргыз Республикасында инвестициялык климаттын жагымдуулугун жогорулатуу, анын ичинде инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда менчикти жана инвестицияларды коргоону камсыз кылуу болуп саналат.

Инвестициялар мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорунун, ички инвестициялардын, тике чет өлкөлүк инвестициялардын, ошондой эле өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын эсебинен тартылат.

Инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу бөлүгүндө негизги көңүл инвестициялар үчүн коопсуздуктун жогорулатылган кепилдиктерин берүүгө, режимдин туруктуулугуна, жөнгө салуунун жеңилдигине жана мамлекеттик-жеке жөнгө салуу механизмдерин колдонууга бурулат.

Экономикалык жана социалдык жактан маанилүү, фискалдык-туруктуу долбоорлорду натыйжалуу жана туура ишке ашыруу үчүн мамлекеттик жана жеке секторлордун ресурстарын жана тажрыйбасын бириктирүү жолу менен инфратүзүмдү өнүктүрүү үчүн өлкөдө МЖӨнү чыңдоо жана өнүктүрүү негизги багыт болот. Бул багыт 2022–2026-жылдары Кыргыз Республикасында мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү программасынын алкагында ишке ашырылат (Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 353 токтому).

Экономикалык өнүгүүнүн артыкчылыктуу программаларын жана кечиктирилгис иш-чараларды каржылоо үчүн финансылык ресурстар Турукташтыруу фондуна мобилизацияланат.

Өлкөнүн региондорунун инвестициялык жагымдуулугун жана потенциалын жогорулатуу боюнча иштер, анын ичинде “Баткен облусунун статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашырууну эске алуу менен улантылат, инвесторлор региондорду инвестициялоо боюнча иштин алкагында бардык зарыл кепилдиктерди алышат.

Инвестицияларды тартуу жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн натыйжалуу аянтча болуп саналган жана биргелешкен өндүрүштөрдү жана ишканаларды түзүүгө көмөктөшкөн инвестициялык фонддордун – Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун, Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фондунун, Венгрия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун ишин активдештирүү боюнча иштер жүргүзүлөт.

Фонддордун каражаттары агроөнөр жай комплекси, текстиль өнөр жайы, ишкердикти өнүктүрүү ж.б. ушул сыяктуу экономиканын артыкчылыктуу тармактарын кредиттөөгө багытталат.

Чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүү боюнча саясат Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын ишкерлеринин статусун жана беделин жогорулатуу жөнүндө” Жарлыгын (2022-жылдын 1-июлундагы ПЖ № 212) ишке ашыруунун алкагында жүргүзүлөт. Ишкердикти өнүктүрүүгө кошумча дем берүү максатында 2026-жылга чейин бизнести туруктуу өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багыт берүү менен Кыргыз Республикасынын бизнесинин ишкердик күн тартиби төмөнкүлөр аркылуу иштелип чыгат:

– салыктык башкарууну оптималдаштыруу, салык төлөөчүлөрдү тейлөөнүн сервистик моделине өтүү, бажы инфратүзүмүн санариптештирүү, контролдоо-көзөмөлдөө функцияларын кыскартуу;

– ак ниет ишкерлерге жеңилдетилген кредиттик ресурстарды берүү, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө атайын режимди колдонуу жана өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу салым кошкон Кыргыз Республикасынын ак ниет ишкерлеринин түзүлгөн реестринин негизинде башка дем берүүчү шарттар;

– мамлекеттик-жеке диалогдо бизнес-ассоциациялардын ролун күчөтүү аркылуу ишкерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын андан ары коргоо;

– бизнеске өзүн-өзү жөнгө салуу функцияларын берүү жолу менен жөнгө салуу саясатын андан ары либералдаштыруу (ишкердик субъекттеринин ишине айрым мамлекеттик жана муниципалдык контролдоо жана көзөмөлдөө функцияларын өткөрүп берүү).

Ишкердикти өнүктүрүү боюнча саясат ишкерлерди административдик кысымдан коргоону камсыз кылууга, бийлик менен бизнестин өнөктөштүк өз ара мамилелерин түзүүгө, өзүн-өзү жөнгө салууну өнүктүрүүгө, ошондой эле жүргүзүлүп жаткан экономикалык саясаттын адилеттүүлүк жана алдын ала айтуу принцибин сактоо жолу менен инвестициялык жагымдуулукту жогорулатууга багытталат.

Атаандаштыкты калыптандыруу, өнүктүрүү жана коргоо үчүн шарттарды түзүү, атаандаштыкты коргоо институттарын өркүндөтүү мамлекеттик саясаттын маанилүү артыкчылыктарынын бири бойдон калууда.

## 6.5. Инновациялык саясат

Интеллектуалдык менчик жана инновациялык иш чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат инновациялык процесстерди ишке ашыруу үчүн жагымдуу экономикалык климатты түзүүгө жана интеллектуалдык менчик рыногунун иштеши үчүн шарттарды түзүүгө багытталат.

Орто мөөнөттүү мезгилде улуттук экономиканы сапаттык жактан жаңы деңгээлге чыгаруу, 2022–2026-жылдары Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын (мындан ары – Мамлекеттик программа) алкагында ишке ашырылуучу өнүктүрүүнүн инновациялык жолуна өтүү негизги милдет болуп саналат.

Мамлекеттик программанын негизги максаты 2026-жылга карата Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик (ИМ) жана инновациялардын тең салмактуу жана натыйжалуу экосистемасын калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү болуп саналат, ал интеллектуалдык менчик объекттерин (ИМО) рыногун өнүктүрүүгө жана инновациялык продукцияны өндүрүүгө өбөлгө түзөт.

Бул максат төмөнкү кичи максаттарды ишке ашыруу аркылуу жетишилет:

– идеялардын ачылышына жана кийинки генерациясына көмөк көрсөтүү;

– авторлорду чыгармачыл эмгектерди жаратууга жана жайылтууга мотивациялоо;

– ИМО каттоо процессин өркүндөтүү;

– ИМ укуктарын коргоо үчүн натыйжалуу укуктук негизди камсыз кылуу;

– ИМО жана инновациялык продукциянын рыногун өнүктүрүү үчүн ИМ жана инновациялардын экосистемасын калыптандыруу.

Биринчи кичи максатка жетишүү үчүн республиканын бардык булуң-бурчтарында калктын жашоо деңгээлин жогорулатуунун таасирдүү куралы катары ИМ мааниси жана ролу жөнүндө кеңири калкка маалымдоонун артыкчылыктуу багытына басым жасоо зарыл.

Жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларын заманбап билим берүү программаларына, анын ичинде STEAM-билим берүү (science – илим, technology – технология, engineering – инженерия, art – искусство, mathematics – математика) ылайык даярдоо мектеп окуучуларын илим изилдөө, ойлоп табуучулук жана инновациялык иштерге тартууга, ошондой эле алардын чыгармачылык жана интеллектуалдык потенциалын ачуу аркылуу аларда креативдүү жана сын пикир менен ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул ачылыштарга жана идеялардын кийинки генерациясына көмөктөшүү боюнча негизги артыкчылыктарга да тиешелүү.

Авторлорду чыгармачыл эмгектерди жаратууга жана жайылтууга мотивациялоо боюнча экинчи кичи максаттын артыкчылыктуу багыттары авторлордун, аткаруучулардын жана башка укук ээлеринин автордук укук жана чектеш укуктар чөйрөсүндө өз алдынча уюштуруусу үчүн шарттарды камсыз кылууну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында түзүлгөн ИМО жөнүндө потенциалдуу керектөөчүлөрдү маалымдоо үчүн электрондук платформаларды түзүү кирет.

ИМОну каттоо жол-жоболорун өркүндөтүү боюнча үчүнчү кичи максаттын артыкчылыктарына ИМО каттоого өтүнмөлөрдү экспертизалоо процессинде жасалма интеллекттин элементтерин жана башка санариптик технологияларды колдонуу, ошондой эле ИМО каттогоо өтүнмөлөрдү кароонун бардык этаптарын санариптештирүү кирет. Бул кичи максат ИМОго өтүнмөлөрдү кароонун жол-жоболорун өркүндөтүүгө жана алар түзгөн объекттерге укуктук коргоону алууда өтүнмө ээлери үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган. Иш ИМОну каттоо жол-жоболорун жана арыздарды кароо мөөнөттөрүн оптималдаштырган алдыңкы маалыматтык сервистерди колдонууга багытталат.

Укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин ИМ коргоо жана сактоо жаатындагы квалификациясынын деңгээлин жогорулатуу ИМ укуктарын коргоо үчүн натыйжалуу укуктук негизди камсыз кылуу боюнча төртүнчү кичи максаттын артыкчылыктуу багыты катары белгилениши керек. ИМО укуктук коргоо жаатындагы ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү да маанилүү артыкчылыктуу багыт болуп саналат. Төртүнчү кичи максатка жетүү боюнча дагы бир маанилүү артыкчылык болуп ИМ укуктарын коргоо чөйрөсүндө, анын ичинде санариптик чөйрөдө укук бузууларга бөгөт коюу саналат.

Улуттук экономиканын инновациялык өнүгүү жолуна тезинен өтүү шартында инновациялык иштин укуктук базасын өркүндөтүү ИМО жана инновациялык продукциянын рыногун түзүү үчүн ИМ жана инновациялардын экосистемасын өнүктүрүүнүн бешинчи кичи максатынын артыкчылыктуу багыты болуп саналат.

Мындан тышкары, бешинчи кичи максатка жетишүү үчүн бизнес менен ойлоп табуучулардын өз ара аракеттенүүсүн, ата мекендик компаниялардын ишкердик беделин жана бренддин баалуулугун бекемдөөнү, ошондой эле билимди жана технологияны өткөрүп берүүнү камсыз кылуучу ИМ жана инновациялардын экосистемасын калыптандыруу үчүн инфратүзүмдү түзүүнү жана өнүктүрүүнү бөлүп чыгаруу керек.

### 6.6. Экологиялык коопсуздук жана курчап турган чөйрөнү коргоо

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 19-мартындагы № 77 “Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугун жана климаттык туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планынын алкагында айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы экономикалык саясат туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу үчүн жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга багытталат.

Негизги милдет болуп айлана-чөйрөнү жана анын түрдүүлүгүн сактоо, көбөйтүү жана туруктуулугу саналат. Биринчи кадам зыяндуу чыгарууларга карата саясатты күчөтүү болот. Атмосферага заттарды чыгарган өнөр жай объекттери модернизацияланышы керек. 2050-жылга чейин Кыргыз Республикасында парник газдарынын төмөн деңгээлде чыгышын өнүктүрүү боюнча узак мөөнөттүү иш-аракеттердин планы ишке ашырылат.

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун артыкчылыктуу багыттары төмөнкүлөр:

– климаттын өзгөрүшүн жеңилдетүү жаатындагы программаларды жана долбоорлорду ишке ашырууга каржылоону тартуу;

– транспорт жаатындагы саясатты кайра карап чыгуу жана анын айлана-чөйрөгө болгон терс таасирин азайтуу;

– “жашыл экономика” үчүн жагымдуу чөйрөнү, аларга жетүүнү жогорулатуу жана аларды киргизүүгө дем берүү үчүн шарттарды түзүү;

– ЕВРО-5 стандартын бардык жерде киргизүү, көрсөтүлгөн стандартка ылайык келбеген автомобилдерди жана транспорттук техникаларды алып келүүнү чектөө;

– шаарларды жашылдандыруу, тоолуу токой экосистемаларын сактоо жана көп жылдык жасалма өсүмдүктөрдүн аянтын көбөйтүү программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

– парник газдарын чыгарууга мониторинг жүргүзүү, отчеттуулук жана верификациялоо системасын киргизүү (КТ);

– бардык табигый суу объекттеринин – көлдөрдүн, дарыялардын, көлмөлөрдүн, мөңгүлөрдүн биологиялык ар түрдүүлүгү менен сакталышын камсыз кылуу;

– радиоактивдүү металлдарды казып алуу жана кайра иштетүү боюнча өндүрүштүн терс таасирине дуушар болгон аймактарды рекультивациялоо боюнча иштерди улантуу;

– радиоактивдүү калдыктарды экинчи жолу пайдалануу мүмкүндүгүнүн маселелерин изилдөө;

– өнөр жай ишканаларынын экологиялык коопсуздук предметине экологиялык аудиттен өтүшү;

– энергонатыйжалуулукту жана энергияны үнөмдөөнү жогорулатуу, анын ичинде энергосервис контракттарын кеңири ишке киргизүү аркылуу.

## 6.7. Экономикалык өсүштүн болжолу (өндүрүш боюнча)

Көрсөтүлгөн саясаттарды ишке ашыруу (6.1–6.6) макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Жогоруда аталган өбөлгөлөрдү жана божомолдорду эсепке алуунун негизинде 2023-жылга экономикалык өсүш **4,9 %** деңгээлинде, номиналдык көлөмү 927,0 млрд сом, Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда – 4,4% деңгээлинде болжолдонууда.

Экономика секторлорундагы негизги көрсөткүчтөр 2023-жылга төмөнкүдөй болжолдонууда:

9-таблица

**ИДП түзүүчү тармактар боюнча өсүш темпи жана түзүмү**
(өсүш темпи ДКН боюнча келтирилди)

| | 2022-жыл, күтүлгөнү | | | | 2023-жыл, болжолу | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | өсүш темпи, % | ИДПга карата % менен | ИДПнын өсүшүнө салымдын үлүшү, п.п. | млн сом | өсүш темпи, % | ИДПга карата % менен | ИДПнын өсүшүнө салымдын үлүшү, п.п. |
| **ИДП** | **824 948,9** | **103,7** | **100,0** | **3,7** | **926 980,6** | **104,9** | **100,0** | **4,9** |
| Өнөр жай | 148 296,5 | 106,7 | 18,0 | 1,23 | 165 179,9 | 108,0 | 17,8 | 1,43 |
| Айыл чарба | 120 029,0 | 102,1 | 14,5 | 0,31 | 128 827,1 | 102,2 | 13,9 | 0,32 |
| Курулуш | 67 747,7 | 103,5 | 8,2 | 0,29 | 77 072,0 | 105,0 | 8,3 | 0,41 |
| Кызмат көрсөтүү чөйрөсү | 378 522,4 | 103,2 | 45,9 | 1,45 | 432 197,5 | 104,5 | 46,6 | 2,08 |
| Продукттарга жана импортко таза салыктар | 110 353,2 | 103,7 | 13,4 | 0,50 | 123 704,1 | 104,9 | 13,3 | 0,65 |

4,9 % деңгээлде болжолдонгон экономикалык өсүш өлкөнүн ИДПсын түзгөн экономиканын бардык тармактары тарабынан колдоого алынат. Мында эң көп салым кызмат көрсөтүүчү тармактар – 2,08 пайыздык пункт жана өнөр жай – 1,43 пайыздык пункт камсыз кылынат, башка тармактардын салымдары орточо болот: курулуш – 0,41 пайыздык пункт, айыл чарба – 0,32 пайыздык пункт.

Экономикада түзүлгөн тенденциялар ИДПнын түзүмүнө экономиканын тармактары боюнча таасирин тийгизет, мында мурдагыдай эле негизги үлүштү кызмат көрсөтүүчү тармактар ээлейт – 46,6 %, товарларды өндүрүүчү тармактардын үлүшү – 40,0 %.

## Реалдуу секторду өнүктүрүү

### Айыл чарба

Экономиканын агроөнөр жай секторун өнүктүрүү саясаты ички агроазык түлүк рыногунун туруктуу жана үзгүлтүксүз иштешин сактоо, ошондой эле жаңы экспорттук орундарды издөө үчүн макулдашылган иш-аракеттерди жасоого багытталат.

Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары төмөнкүлөр:

– айыл чарба багытындагы жерлерди пайдалануунун жана рыноктук жүгүртүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу;

– улуттук жана облустук деңгээлде агроөнөр жай комплексинде чарбаны жүргүзүүнүн кластердик методдорун киргизүү, анын ичинде

сүттү, этти, өсүмдүк майын, шекерди кайра иштетүү, балык, бал, картошка, жашылчаларды өндүрүү боюнча агрокластерлерди уюштуруу;

– фермерлердин инновацияларга жетүүсүн жакшыртуу жана заманбап технологияларды, анын ичинде айыл чарбасында ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды киргизүүнү камсыз кылуу боюнча тармактык илим жана кластердик бирикмелер менен кооперация механизмдерин иштеп чыгуу;

– айыл чарба продукциясына байкоо жүргүзүүнү жана коопсуздукту камсыз кылуу үчүн электрондук коммерция элементтери бар айыл чарбасында санариптик технологияларды киргизүү;

– айыл чарбасында кооперацияны өнүктүрүү жолу менен майда товардык өндүрүштү жеңүү;

– ирригациялык тармакта сууну эсепке алууну жакшыртууга багытталган технологияларды, ошондой эле суу ресурстарын башкаруунун жаңы методдорун киргизүү жана бул чөйрөдө коррупциянын келип чыгуу тобокелдиктерин азайтуу, сугат суусун пайдалануунун ачыктыгын жогорулатуу.

Агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы № 25 “Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында ишке ашырылат.

Аталган багыттарды илгерилетүү үчүн 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы) жана 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябындагы № 435 Жарлыгы), ошондой эле төмөнкү программалык документтерде каралган чаралар ишке ашырылат:

– 2017–2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын ирригациясын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-июлундагы № 440 токтому), ал айыл тургундарын жаңы сугат жерлери менен камсыз кылуу үчүн ирригациялык инфратүзүмдү курууну караштырган;

– 2019–2023-жылдарга Кыргыз Республикасында айыл чарба продукциясынын соода-логистикалык борборлорун түзүү жана өнүктүрүү боюнча программа (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-июнундагы № 321 токтому), ал айыл чарба продукциясынын рыногун өнүктүрүүнү колдоого жана экспорттук потенциалды жогорулатууга багытталган;

– өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга жана Кыргыз Республикасынын азык-түлүк рыногунун туруктуулугунун

ички жана тышкы коркунучтарына ыкчам чара көрүүгө багытталган 2019–2023-жылдарга Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-июнундагы № 320 токтому);

– 2019-2023-жылдары Кыргыз Республикасынын фитосанитардык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча алкактык программа (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-июлундагы № 354 токтому), ал Кыргыз Республикасынын аймагында фитосанитардык коопсуздукту камсыз кылуучу шарттарды түзүүнү (өсүмдүктөрдүн карантининин жетиштүү потенциалын (фитосанитардык жана укуктук) камсыз кылууну; өлкөнүн өсүмдүк ресурстарын коргоо үчүн импортко карата фитосанитардык чараларды колдонууну; өсүмдүктөрдөн алынган продукцияны эл аралык сатуу үчүн экспортту сертификациялоонун ишенимдүү системасын түзүүнү; өсүмдүктөрдүн карантини чөйрөсүндө тиешелүү инфратүзүмдү түзүүнү) карайт;

– айыл чарба продукциясынын рыногун өнүктүрүүнү колдоого жана экспорттук потенциалды жогорулатууга багытталган 2019–2023-жылдарга Кыргыз Республикасында балык уулоочулукту жана аквакультураны өнүктүрүү программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-октябрындагы № 546 токтому);

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “2018-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын ветеринардык кызматын өнүктүрүү” программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-октябрындагы № 673 токтому), ал адам жана жаныбарлар үчүн жалпы оорулардан калкты коргоону, жаныбарлардын жугуштуу жана массалык жугуштуу эмес ооруларынын алдын алууну жана жоюуну, жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынган азыктардын ветеринардык-санитардык жагынан коопсуздугун камсыз кылууну карайт.

Жогоруда аталган программалык документтерде каралган чараларды ишке ашыруунун натыйжасында 2023-жылга айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоо продукцияларын дүң чыгаруу 393,5 млрд сом көлөмүндө, ал эми реалдуу өсүш темпи – 2,2 % деңгээлинде, өсүмдүк өстүрүүдөгү өсүштүн эсебинен – 2,2 % жана мал чарбада – 2,2 % болжолдонууда.

10-таблица

**2022–2023-жылдарга айыл чарбасында өсүш темпинин динамикасы**

| Көрсөткүчтөр | 2022-ж., күтүлгөнү | | 2023-ж., болжолу | |
|---|---|---|---|---|
| | млн сом | % | млн сом | % |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоонун дүң продукциясы | 366 612,8 | 102,1 | 393 485,3 | 102,2 |
| анын ичинде: | | | | |
| өсүмдүк өстүрүү | 194 134,8 | 102,2 | 211 502,3 | 102,2 |
| мал чарбасы | 165 038,5 | 102,0 | 174 472,1 | 102,2 |

**Өсүмдүк өстүрүү.** Өсүмдүк продукциясын өндүрүүнү 2,2 %га көбөйтүү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн төмөнкү түрлөрүн өндүрүүнүн көбөйүшү менен шартталат:

кант кызылчасы – 55,7 %га, айдоо аянты 14,5 миң га чейин кеңейгендигине байланыштуу, бул 5,2 миң га көп, 2022-жылга салыштырмалуу, өздүк өндүрүштүн эсебинен кант менен толук камсыз болууга жетишүү максатында;

дан жана май өсүмдүктөрү – тиешелүүлүгүнө жараша өндүрүштүн өсүшү 8,0 %га жана 52,4 %га, бул дүйнөлүк рыноктордо болжолдонгон жогорку суроо-талап жана тиешелүү түрдө бул түрдөгү өсүмдүктөрдү сатып алуу баалары менен шартталган;

картошка – 2,2 %га, жашылча – 0,3 %га, чет өлкөлөргө экспорттун үлүшүн көбөйтүү максатында. Картошканы отургузуу аянттарын 1,0 миң га (76,0 миң га чейин) жана жашылчаларды – себүүнүн мурунку деңгээлинде (54,0 миң га чейин); түшүмдүүлүгү – тиешелүүлүгүнө жараша 1,4 ц/га (173,5 ц/га чейин) жана 0,3 ц/га (202,3 ц/га чейин);

чийки пахта – 8,3 %га, бул дүйнөлүк рыноктордо болжолдонгон жогорку суроо-талап жана тиешелүү түрдө айыл чарба өсүмдүктөрүнүн бул түрүнө сатып алуу баалары менен шартталган.

Өсүүнүн болжолдонгон көрсөткүчтөрү жаратылыш-климаттык фактордун жагымдуу таасири, жазгы талаа жана күзгү оруп-жыйноо иштерин жүргүзүү мезгилинде күйүүчү-майлоочу материалдарды бөлүп берүүгө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнү улантуу, лизинг боюнча айыл чарба техникасын сатып алуу жолу менен фермерлерди зарыл айыл чарба техникасы менен жеңилдетилген кредиттик шартта камсыз кылуу, дыйкандарды жана фермерлерди азот минералдык жер семирткичтер менен камсыз кылуу, күнөскана чарбаларын өнүктүрүүнү улантуу жана чарбада өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүү проблемаларын чечүү менен шартталат, техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча региондорду адистештирүү, аларды ишке ашыруу

айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн жыргалчылыгы үчүн эң жакшы натыйжа берет.

**Мал чарбасы.** Мал чарба продукциясын өндүрүүдө 2,2 % деңгээлинде реалдуу өсүш малдын катуу кармаган жугуштуу оорулары боюнча эпизоотиялык жакшы абалын камсыз кылуу, көп жылдык чөптөрдүн айдоо аянттарын көбөйтүү жана жайыттардын тоют потенциалын сарамжалдуу пайдалануу, өндүрүштө инновациялык технологияларды киргизүү жолу менен жетишилет. Мында тирүү салмакта эт өндүрүүнүн өсүшү 2,1 %га болжолдонууда жана өткөн жылга салыштырмалуу 9,2 миң тоннага (446,7 миң тоннага чейин), сүт 33,9 миң тоннага көбөйүү менен 2,5 %га, (1 777,8 миң тоннага чейин), жумуртка – 9,1 млн даанага көбөйүү менен 1,6 % га, (581,6 млн даанага чейин) жана жүн –0,1 миң тоннага көбөйүү менен 0,8 %га (13,3 миң тоннага чейин).

Бул сектордогу негизги тобокелдиктер:

– жагымсыз жаратылыш-климаттык шарттар;

– генофонддун андан ары азайышы, бул айыл чарба жаныбарларынын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келет;

– дүйнөлүк рыноктогу туруксуз кырдаалга, ошондой эле доллардын курсунун өзгөрүлмөлүүлүгүнө байланыштуу жазгы талаа, ошондой эле жыйноо иштерин жүргүзүү мезгилинде күйүүчү-майлоочу материалдарга баалардын жогорулашы;

– себүүдө үрөн материалынын сапаты начар, бул айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнө таасир этет;

– ирригациялык иштерди жүргүзүүдө суу ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу.

### Өнөр жай[3]

Өнөр жай продукциясынын негизги көлөмү (90,0 %дан ашык) экономиканы түзүүчү беш тармак тарабынан жүргүзүлөт: негизги металлдарды өндүрүүнүн салыштырмалуу салмагы – 53,7%; тамак-аш азыктарын, анын ичинде суусундуктарды жана тамекини өндүрүү – 11,6 %; текстиль өндүрүшү, кийим-кече жана бут кийим, булгаары жана башка булгаары буюмдарын өндүрүү – 2 %; резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү – 6,6 %, пайдалуу кендерди казып алуу – 9,2% жана электр энергиясы, газ, буу жана кондиционерленген аба менен камсыз кылуунун (жабдуунун) салыштырмалуу салмагы – 10,6 %. Республиканын өнөр жай продукциясынын экспортунун түзүмүндө эң көп үлүштү алтын, азык-түлүк товарлары, тигүү продукциясы жана курулуш материалдары ээлейт.

Бул тармакта өнөр жай саясатынын негизги стратегиялык

[3] Кайра иштетилген чийки заттын наркын эсепке албастан.

багыттарын ишке ашыруу улантылат – инвестицияларга, экспортко жана кооперацияга көмөктөшүү, ата мекендик сырьену кайра иштетүүнү өнүктүрүүгө дем берүү, экономиканын керектөөлөрүн электр энергиясы менен камсыз кылуу, керектөөчүлөрдү энергия менен камсыздоонун туруктуулугун жогорулатуу жана өндүрүлгөн жана бөлүштүрүлгөн электр энергиясын эсепке алуунун тактыгын камсыз кылуу, кайра иштетүү өнөр жайы жана соода менен айыл чарбасынын кооперациясынын ар кандай формаларын түзүү, минералдык-чийки зат потенциалын сарамжалдуу пайдаланууда тоо-кен тармагын туруктуу өнүктүрүү жана айлана-чөйрөгө таасирин минималдаштыруу ж. б.

Өнөр жайды өнүктүрүүдөгү маанилүү факторлор:

– өнөр жай тармактарынын технологиялык базасын жаңыртуу;

– жаңы технологияларды жана материалдарды түзүүгө багытталган илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга дем берүү;

– компаниялар үчүн ички жана тышкы рыноктордо атаандаштыктын бирдей шарттарын камсыз кылуу, ошондой эле ички рыноктордо атаандаштыкты өнүктүрүү, анын ичинде компаниялардын капиталындагы мамлекеттин үлүшүн этап-этабы менен кыскартуу;

– кошумча наркы жогору продукциянын экспортуна дем берүү;

– жаңы тармактарды өнүктүрүү үчүн инновациялык инфратүзүмдү түзүү; шаарлардын өнөр жай зоналарында өндүрүштүк күчтөрдү жайгаштыруу маселелери;

– инновациялык продукцияны рынокко чыгаруу үчүн жөнгө салуучу тоскоолдуктарды алып салуу ж. б.

Өндүрүштүк кубаттуулуктарды натыйжалуу пайдалануу жана республиканын өнөр жай потенциалын андан ары өнүктүрүү максатында иштеп жаткан ишканалардын, мамлекеттик үлүш катышкан ишканалардын ишин активдештирүү жана жаңы өндүрүштөрдү, токтоп турган ишканаларды ишке киргизүү боюнча иш-чаралардын пландары ишке ашырылат. Бул үчүн инвестицияларды тартуу, эл аралык корпорациялар менен өз ара аракеттенүү, биргелешкен ишканаларды түзүү боюнча жаңы түзүлгөн “Кыргызиндустрия” ААК жана “Улуу көчмөндөр мурасы” улуттук холдинг компаниясы” ААКтын иши активдештирилет.

Лизинг операциялары боюнча берүүлөрдү кошумча нарк салыгынан жана сатуу салыгынан бошотуу негизги фонддорду жаңылоо процессине түрткү берет. Инвесторлорду тартуу үчүн Продукциянын заманбап түрлөрүн өндүрүүгө экспорттук-өнөр жай зоналарын түзүү пландаштырылууда.

Аталган багыттарды илгерилетүү үчүн 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы), 2019–2023-жылдары Кыргыз Республикасынын өнөр жайын туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиясында (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын

27-сентябрындагы № 502 токтому), Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы № 5 “Кыргыз Республикасынын кен казуу тармагын реформалоо маселелери жөнүндө” Жарлыгында, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2021-жылдын 26-ноябрындагы № 5 “Кыргыз Республикасынын энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө” чечимин аткаруу боюнча жол картасында, Кыргыз Республикасынын энергетика тармагын башкаруу системасын реструктуризациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча жол картасында (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-февралындагы № 51-т тескемеси), Кыргыз Республикасында 2019–2023-жылдарга “жашыл” экономиканы өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планында (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы № 349), Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылын өткөрүү боюнча жол картасында (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-мартындагы № 95-т тескемеси) каралган чаралар ишке ашырылат. 2022–2026-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын жеңил өнөр жайын өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу боюнча иш жүргүзүлүүдө, анда эл аралык рынокторго чыгуу келечеги менен ЕАЭБге катышкан өлкөлөрдүн тармактык соода комплекстеринде туруктуу суроо-талапты калыптандыруу жана Кыргыз Республикасынын жеңил өнөр жайынын продукциясын таануу үчүн негиздер түптөлүүдө.

Өнөр жайды өнүктүрүүнүн 2023-жылга болжолу төмөнкүдөй негизги факторлорду жана өбөлгөлөрдү эске алуу менен даярдалган:

– кенде алтындын көп болгон горизонтуна чыгуу менен шартталган казып алуунун көлөмүнүн 10,8 % га өсүшү болжолдонгон Кумтөр алтын кенинде алтынды иштетүү үчүн болжолдуу ресурстар жана эсептөөлөр;

– 9,0 %га өсүшү болжолдонгон Жерүй кенинде негизги металлды казып алуунун көлөмүн көбөйтүү;

– Бозымчак, Талды-Булак Сол Жээк, Иштамберди, Караказык жана Жамгыр кендеринде руданы казып алуунун көлөмүн, мунайды кайра иштетүүчү ишканаларда өндүрүштү көбөйтүү;

– чакан жана ири тоо-кен компаниялары тарабынан коммерциялык негизде жана негизинен ачык иштетүү ыкмасынын эсебинен өлкөнүн көмүр өнөр жайын өнүктүрүүнүн реалдуу келечеги;

– текстиль өндүрүшүн калыбына келтирүү жана көлөмүнүн өсүшү; жеңил өнөр жайдагы ири артыкчылыктуу долбоорлорду ишке ашыруунун эсебинен кийим-кече жана бут кийим, булгаары жана башка булгаары буюмдарын өндүрүү 5 % га:

1) Ош шаарындагы “Кыргыз Текстиль ЛТД” ЖЧКсынын

текстиль-тигүү өндүрүшүнүн өнөр жай паркы 7 миң жумуш орунга, аны этап-этабы менен 25 гектар аймакка түзүү пландаштырылууда (Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду тарабынан жалпы көлөмү жылына 7 млн бирдиктен ашык тигүү продукциясын өндүрүү менен кийим тигүү боюнча тигүү фабрикасын куруу үчүн “Кыргыз Текстиль ЛТД” ЖЧК долбоорун 4,3 млн АКШ долл. суммасына каржылоо);

2) Чүй облусундагы “Silk Way” индустриалдык паркы” ЖЧКсынын аймагындагы курулуш иштери “Silk Way” индустриалдык паркы” ЖЧКсы менен Кытай инвестору Ли Юн ортосундагы Инвестициялык макулдашууга ылайык, анын алкагында кытай тарабы бул долбоорго этап-этабы менен 100 млн АКШ долл. Тартибинде инвестициялоону пландоодо. Индустриалдык паркынын объекттерин куруу эки этапта аяктайт:

– 2024-жылга чейин 62 завод жана аны коштогон инфратүзүм куруу каралууда;

– 2022–2023-жылдары 3 тигүү ишканасын жана даяр продукциянын экспозициялык борборун курууну аяктоо пландалууда;

3) “Легпром” ассоциациясы тарабынан Чүй облусунун Военно-Антонов айыл аймагында жайгашкан 40,75 га аймакта текстиль жана тигүү өндүрүшү үчүн Технополис долбоорун ишке ашыруу үчүн инвестицияларды тартуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Кездемелерди боеочу өндүрүштү куруу пландалууда;

4) Чүй облусундагы “Текстиль Транс” ЖЧКсынын базасында текстиль пахта кластерин түзүү пландалууда. Панфилов районунда Фрунзе айыл аймагынын аймагында 350 га жерге пахтанын үрөнү себилет, пахта тазалоочу заводду ишке киргизүү пландалууда. Ошентип, “Текстиль Транс” ЖЧКсынын базасында пахта өстүрүүдөн, тазалоодон жана кайра иштетүүдөн баштап, даяр продукцияны – байпак буюмдарын жана кийимдерди чыгарууга чейинки жабык цикл түзүлөт;

– курулуш материалдарын өндүрүү көлөмүнүн республиканын курулуш секторун андан ары активдештирүүнүн эсебинен 5 %га көбөйүшү болжолдонот; “Интергласс” ЖЧК өндүргөн такта айнектин 90,0 % чейин жеткирилүүчү негизги сатуу рынокторунда – Россияда жана Казакстанда кыргыз такта айнегине суроо-талаптын калыбына келиши. Мында көлөмдүн орточо өсүшүн баалоо түштүк региондун цемент заводдорунда: “Южно-Кыргызский цемент” ЖАКта, “ЮКСМ” ЖЧКда жана “Син-Дзи-Прим” ЖЧКда цементке болгон заказдардын төмөндөшү менен байланыштуу, алар негизинен Өзбекстандын жана Тажикстандын керектөөчүлөрүнө багытталган, алар орто мөөнөттүү мезгилде цемент өндүрүшүнүн кубаттуулугун андан ары өстүрүүнү пландоодо;

– төрт гидроагрегатты алмаштырууну кошо алганда, Токтогул ГЭСин реабилитациялоо боюнча бардык үч фазаны аяктоонун натыйжасында электр энергиясын иштеп чыгуунун көлөмүн калыбына

келтирүү болжолдонууда, пайдалануу мөөнөтүн дагы 35–40 жылга узартуу менен кубаттуулуктун 240 МВтга өсүшү күтүлүүдө; Ат-Башы ГЭСин кубаттуулугу 4 МВтга көбөйтүлөт. Камбарата-2 ГЭСинин экинчи агрегатын ишке киргизүү, кубаттуулугун 120 МВтга көбөйтүү пландалууда. Үч-Коргон ГЭСин реабилитациялоо, чакан ГЭСтерди өнүктүрүү боюнча иштер биринчи кезекте Киров – 21 МВт, Төрткүл – 3 МВт, Орто-Токой – 21 МВт, Кара-Көл – 18 МВт иштеп жаткан суу сактагычтарында курулмалар аркылуу жүргүзүлөт.

Болжолдуу көрсөткүчтөрдүн эсеби региондук энергетика комиссиясынын Бишкек ш. ЖЭБинде электр энергиясын иштеп чыгууну көбөйтүү, Токтогул суу учурдагы сактагычынын толтурулушу боюнча берилген болжолдуу өтүнмөлөрү боюнча аткарылган. Республикада электр энергиясын иштеп чыгуу көбүнчө Токтогул суу сактагычындагы суунун агымына жана анын запастарынын көлөмүнө көз краанды. Республикада суунун аздыгы пайда болду, ага жараша республика боюнча электр энергиясын керектөөнү катуу чектөө, Бишкек ш. ЖЭБинде энергияны иштеп чыгууну көбөйтүү зарылдыгы жөнүндө милдеттер курч турат, ошондой эле кийинки жылдары коңшу мамлекеттерден электр энергиясын импорттоо маселеси каралууда.

Натыйжада өнөр жай секторунда иштеп жаткан өнөр жай ишканаларынын туруктуу иштешинин жана жаңы өндүрүштөрдү жана кендерди эксплуатациялоого киргизүүнүн эсебинен 2023-жылга өндүрүштүн көлөмүнүн 8,1% га реалдуу өсүшү болжолдонууда. ИДПнын өсүшүнө оң салым ИДПнын жалпы көлөмү 17,8% салыштырма салмагы менен 1,43 пайыздык пунктту түзөт. Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 105,8% деңгээлинде болжолдонууда.

11-таблица

**Өнөр жай тармактарында өсүү темптеринин динамикасы, пайыздар менен**

| | | **2022-ж. күтүлүүчү** | **2023-ж. болжол** |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Өнөр жайы, бардыгы** | **106,6** | **108,1** |
| | Кумтөр алтын кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда өнөр жай | 104,7 | 105,8 |
| анын ичинде: | | | |
| 1.1. | Пайдалуу кендерди казып алуу | 103,3 | 104,1 |
| 1.2. | Иштетүү өндүрүшү | 108,5 | 109,5 |
| 1.3. | Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуу (жабдуу) | 96,5 | 101,6 |

| | | 2022-ж. күтүлүүчү | 2023-ж. болжол |
|---|---|---|---|
| 1.4. | Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана экинчи чийки затты алуу | 103,0 | 104,0 |

Максаттуу багыттарга жетишүүгө таасир этүүчү негизги терс факторлор:

– өндүрүштү диверсификациялоонун төмөн деңгээли (энергетикасы жок өнөр жайдын 6 негизги тармагынын салыштырма салмагы орто эсеп менен 80 %дан бир аз ашыгын, ал эми калган 14 тармак өнөр жай өндүрүшүнүн орточо 10 % түзөт);

– кенди казып алуунун минералдык запастарды баалоо менен байланыштуу болушу мүмкүн болгон пландаштырылган көлөмүнө жетише албоо, (өндүрүштүн мурунку жылдарынын маалыматтарына ылайык калибрленсе дагы, руданын запастарын тастыктабоо), алтын чыгаруу фабрикасына геотехникалык тобокелдиктер менен алуу үчүн графиттик көмүртектин жогорку деңгээли (карьердин бортторунун туруктуулугу, мөңгүнүн кыймылы, бош тектердин калдыктары ж.б.);

– ЕАЭБ шарттарында сезимтал тармактардын товарларын сатуу рынокторуна чектелген жетүү, Украиндагы аскерлик аракеттер менен байланышкан киргизилген санкциялардан улам, тамак-аш азыктарын өндүрүүнү тигүү өндүрүшүн; курулуш материалдарын өндүрүүнү кошкондо жеткирүү чынжырчасынын бузулушу (транспорттук инфратүзүм жана техникалык регламенттердин, сертификациялоонун талаптары) жана өндүрүштүн анча чоң эмес көлөмү;

– жабдуулардын эскириши, жүгүртүү каражаттарынын жетишсиздиги жана керектөөчүлөрдүн дебитордук карыздарынын жогорулугу;

– экономикалык жактан негизсиз тарифтер жана энергетикалык компаниялардын жана жалпы тармактын ишиндеги тарифтеги тартыштык;

– өндүрүштүк технологиялык үзгүлтүктөр өнөр жай ишканаларына газ жана электр энергиясын, чийки заттарды жана өнөр жай ишканаларына комплектөөчү материалдарды берүүнүн ритмделбегени, авариялар жана жабдуулардын эскиришинин жогорулашынан кесепетинен иштебей калышы ж.б.;

– негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө – Россия Федерациясындагы, Казакстан Республикасындагы экономикалык абал (суроо- талаптын кыскарышы, бул алардын рынокторуна продукция экспорттоочу ишканалардын ишине терс таасирин тийгизет);

– чийки заттарды жана комплекттөөчүлөрүн импорттоого жогорку көз карандылык;

– алтын, сурьма, сымап бааларынын өзгөрүлмөлүүлүгү;

– жагымсыз жаратылыш-климаттык шарттар ж.б.

**Курулуш**

Курулуш тармагын өнүктүрүү ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруунун эсебинен улуттук экономиканын өсүшүн камсыз кылуучу маанилүү багыттардын бири болуп калат. Өнүгүүнүн комплекстүү чараларын көрүүнүн натыйжасында өлкөнүн курулуш комплексинде капиталдык салымдардын 6,0 %га көбөйүшү болжолдонууда, анын көлөмү 156,5 млрд сомду түзөт.

12-таблица

**2022–2023-жылдарда курулуш тармагында өсүү темпинин динамикасы**

| **Көрсөткүчтөр** | **2022-жыл, күтүү** | | **2023-жыл, болжол** | |
|---|---|---|---|---|
| | **млн сом** | **%** | **млн сом** | **%** |
| Негизги капиталга инвестициялар | 139 234,0 | 104,6 | 156 464,8 | 106,0 |
| анын ичинде: | | | | |
| ички инвестициялар | 101 358,1 | 95,0 | 116 274,7 | 108,2 |
| тышкы инвестициялар | 37 875,9 | 143,3 | 40 190,1 | 100,1 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 165 037,0 | 103,5 | 187 751,4 | 105,0 |

2022-жылы күтүлүп жаткан капиталдык салымдардын түзүмү ички инвестициялардын үлүшүн 72,8 %дан 74,3 %га чейин көбөйтүү (негизги үлүштү 69,2 % түзгөн ишканалардын, уюмдардын жана калктын каражаттары ээлейт) жана тышкы инвестициялардын үлүшүн 27,2 %дан 25,7 %га чейин төмөндөтүү жагына өзгөрөт.

Курулушта артыкчылыктуу багыттар: жеке турак жай куруу объекттери; транспорт магистраль жана энергетика объекттери (электр берүү линияларын куруу боюнча иштер), айыл чарба объекттери (ирригациялык курулмалар) ж.б. болот.

Республикалык бюджеттен 4 000,0 млн сом суммасындагы капиталдык салымдардын эсебинен финансылык каражаттардын түшүүсү күтүлүүдө, алар биринчи кезекте билим берүү, саламаттык сактоо объекттерин, стратегиялык маанидеги автомобиль жолдорун жана республиканын чек ара райондорундагы автожолдорду,

ирригациялык курулмаларды курууну жана реконструкциялоону аяктоого, авариялык объекттерди калыбына келтирүүгө ж. б. багытталат.

Ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен 56,2 млрд сом суммасындагы капиталдык салымдардын болжолдуу көлөмдөрү "Кумтөр Голд Компани" ЖАКтын, "Кыргызалтын" ААКтын ж.б. инвестицияларынын эсебинен түзүлөт.

2023-жылы энергетика жана транспорт тармактарында ири инвестициялык долбоорлор ишке ашырылат, алар курулушту өнүктүрүүгө негизги салым кошот.

Каржылоонун эң чоң көлөмдөрү транспорт секторунда – бардыгы 12 756,8 млн сом өлчөмүндө (бардык мамлекеттик инвестициялардан 27,3%) каралган, алар: "Түндүк – түштүк альтернативдүү жолун куруу" (208,8 млн сом – ИӨБ, СФР), Балыкчы – Каракол – Балыкчы айланма жолун реабилитациялоо долбоору (уч. Корумду – Каракол) (317,8 млн сом – ИӨБ, СФР, КФАЕР, ОПЕК), "БАРЭК 3 коридорун жакшыртуу (Бишкек – Ош автожолу, Бишкек – Кара-Балта участогу)" 4-фаза (169,7 млн сом – АӨБ), "Бишкек – Ош автожолун жакшыртуу" долбоору 4-фаза (185,6 млн сом – ЕАӨБ), Балыкчы – Каракол – Балыкчы айланма жолун реабилитациялоо долбоору (уч. Балбай Баатыр айылы – Каракол ш.) (774,4 млн сом – ЕРӨБ), "Борбордук Азияда жол каттамдарын жакшыртуу" долбоору 3-фаза (Түп-Кеген) (2 491,4 млн сом – ДБ), "Түндүк-Түштүк альтернативдүү жолун куруу" 1-фаза жана 2-фаза" (1 816,0 млн сом – КЭР), "Бириктирүүчү жолдор, ЦАРЕС 1 жана ЦАРЕС 3 коридорлору" долбоору (2 373,6 млн сом – АӨБ), "Негизги эл аралык жолдорду жакшыртуу" долбоору (2 821,7 млн сом – JICA) жана башкалар мындан ары жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташууга болгон муктаждыктардын өсүшүн камсыз кылат.

Энергетика тармагында каржылоонун көлөмү 11 335,9 млн сом (бардык мамлекеттик инвестициялардан 24,2%) суммасында каралган, алар долбоорлорду ишке ашыруунун эсебинен күтүлүүдө: "CASA-1000" долбоору (1 997,6 млн сом – ДБ, ЕИБ, ИӨБ), "Камбар-Ата-2 ГЭСинин экинчи гидроагрегатын пайдаланууга киргизүү" (2 811,2 млн сом – ЕАӨБ), "Токтогул ГЭСин реабилитациялоо, II фаза" (2 072,1 млн сом – АӨБ, ЕАӨБ) "Токтогул ГЭСин реабилитациялоо, III фаза" (1 493,2 млн сом – АӨБ), "Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу долбоору" (795,0 млн сом – ДБ), "Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо" (1 939,9 млн сом – АӨБ) жана башкалар. Аталган долбоорлорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасында энергетика тармагынын абалын олуттуу деңгээлде жакшыртууга мүмкүндүк берет жана коңшу мамлекеттердин ортосунда электр энергиясын алмашууну, ошондой эле транзиттик агымдарды көбөйтүүгө жагымдуу негиз түзөт.

11,5 млрд сом суммасындагы түз чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмдөрү капиталдык салымдардын эсебинен болжолдонууда:

– "KAZ Minerals Bozymchak" ЖЧКсы (1 302,9 млн сом);

– “Fuul gold mining” ЖЧК (100,0 млн сом);
– “Чаарат Заав” ЖАК (3 434,5 млн сом);
– “Альянс Алтын” ЖЧК (1 401,0 млн сом);
– “Газпром Кыргызстан” ЖЧК (712,34 млн сом);
– “Кайди” тоо инвестициялык компаниясы” ЖЧК (1 723,3 млн сом);
– “Байэл-3” мунайды кайра иштетүүчү завод” ЖЧК (15,0 млн сом).

Экономиканы капиталдаштыруунун пландаштырылган көлөмдөрүнө жараша 2023-жылы курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмүнүн реалдуу өсүшү 5,0% деңгээлинде болжолдонууда жана 187,8 млрд сомду түзөт. Курулуш тармагынын экономикалык өсүү темпине таасири оң болот жана 0,41 пайыздык пунктту түзөт, ИДПнын өндүрүш түзүмүндө курулуштун салыштырма салмагы – 8,3 %.

Ошону менен бирге курулушту өнүктүрүүгө терс натыйжасын тийгизе турган жана болжолдонгон көрсөткүчтөрдүн жетпей калышына алып келүүчү тобокелдиктер бар, атап айтканда:

– ири инвестициялык долбоорлордун бир бөлүгүн каржылоонун үзгүлтүккө учурашынан улам чет өлкөлүк кредиттерди, гранттарды жана гуманитардык жардамдардын кыскарышы (каржылоону өз убагында ачпоо);

– 2022–2024-жылдарга Мамлекеттик инвестициялар боюнча бюджеттин долбоорунда каралган инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу (тышкы булактар), мында төмөндөтүү жагына кайра каралышы мүмкүн. Ички көйгөйлөрдөн улам өздөштүрүлбөгөн каражаттар, донорлор менен макулдашуунун узак жол-жоболору ж.б. себеп болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу кийинки транштар токтотулуп, республикага кирбей калышы мүмкүн;

– айрым долбоорлордун бир бөлүгүн каржылоодо мүмкүн болгон үзгүлтүктөрдөн улам ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен капиталдык салымдардын кыскарышы (каржылоону өз убагында ачпоо);

– анын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн начарлашынан улам калктын каражаттарынын эсебинен каржылануучу капиталдык салымдарды азайтуу, анын натыйжасында калктын каражаттарынын эсебинен турак жай курулушунун көлөмүнүн азайышы;

– чет өлкөлүк инвесторлордун капиталдык чыгымдарынын төмөндөшүнөн улам чет өлкөлүк тике инвестициялардын көлөмдөрүнүн кыскарышы жана каржылоонун башка кошумча булактары боюнча маалыматтардын жоктугу;

– аяктаган объекттерди кабыл алуу актысына байланыштуу көйгөйлөр, алардын айрымдары мурунку жылдары аяктаган, бирок кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары таризделген эмес, бул

объекттердин жетишсиз жабдылышы, жетишсиз жабдылышы, жаңы киргизилип жаткан объекттерди инфратүзүмгө кошуу кыйынчылыгы менен байланыштуу.

**Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү**

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү мурдагыдай эле ИДПнын түзүмүндө үстөмдүк кылуучу үлүштү (46,6 %) ээлейт жана өсүү түзүмүндө көбүрөөк салым менен – 2,08 % түзөт.

Бул секторду өнүктүрүү үчүн 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасындасында (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга туризм чөйрөсүн өнүктүрүү программасында (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-январындагы № 36 токтому), Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 17-декабрындагы № 566 "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо жөнүндө" Жарлыгында, 2020–2024-жылдарга Кыргыз Республикасында автомобиль транспортун өнүктүрүүнүн концепциясында (Кыргыз РеспубликасынынТранспорт жана коммуникацияла министрлигинин 2020-жылдын 15-январындагы № 7 буйругу), 2022–2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын темир жол транспортун өнүктүрүүнүн негизги багыттарында (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы № 258 токтому), «Санариптик Кыргызстан 2019–2023» санариптик трансформация концепциясында (Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2018-жылдын 14-декабрындагы № 2 чечими), Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 17-декабрындагы № 64 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө" Жарлыгында, 2022–2023-жылдарга Кыргыз Республикасында башкарууну санариптештирүү жана санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планында (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-январындагы № 2-т тескемеси) ж.б. каралган чаралар ишке ашырылат.

2023-жылы реалдуу өсүү 4,6 % деңгээлинде болжолдонууда, мында сооданын дүң өндүрүшүнүн 108,4% деңгээлинде өсүшү төмөнкү факторлордун эсебинен күтүлүүдө:

– калктын кирешелеринин (эмгек акынын, пенсиялардын, социалдык төлөмдөрдүн жогрулашы, үй чарбаларында айыл чарба өндүрүшүнүн кеңейиши ж.б.) көбөйүшү менен шартталган керектөө суроо-талабын калыбына келтирүү;

– кызмат көрсөтүүлөрдүн көпчүлүк түрлөрүн санариптик форматка өткөрүү жана салык жол-жоболорун фискалдаштырууну активдештирүү, ККМ орнотууну кеңейтүү;

– жүгүртүүсү 8,0 млн сомдон ашпаган ишкерлерди салыктардан бошотуу жана автоунааларды оңдоону кошуп алганда, дүң жана чекене сооданы өнүктүрүүгө түрткү берүүчү өлкөдөгү бизнес үчүн шарттарды андан ары жакшыртуу;

– “Фрунзе”, “Глобус” сыяктуу ири соода тармактарын андан ары кеңейтүү;

– ички автомобиль жол тармагын жумушчу стандартка ылайык келтирүү, автотранспорттук паркты жаңылоо жана толуктоо аркылуу транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуунун эсебинен транспорттук ишти жана жүктөрдү сактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 7,5 %га көбөйтүү; эл аралык транспорт коридорлорун реабилитациялоо жолу менен өлкөнүн дүйнөлүк экономикалык системага интеграцияланышын жогорулатуу; эл аралык автотранспорт кызматтарын көрсөтүүдө ата мекендик жүк ташуучулар үчүн шарттарды жакшыртуу; жер жана суу транспортун өнүктүрүүнүн, жарандык авиацияны өнүктүрүүнүн жана абада коопсуздукту камсыздоонун эсебинен транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү;

– мейманканалардын жана ресторандардын ишинин өсүшү 108,0% деңгээлинде, мында көлөмдөрдүн өсүшүнүн негизги фактору жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн туристтердин агымынын көбөйүшү болот. Буга туристтик индустрияны өнүктүрүүнү мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу (уставдык капиталы 1,0 млрд сом болгон туристтик фондду түзүү), Каракол ш. маданий борборду ачуу жана Россияда жана башка өлкөлөрдө туристтик жарманкелерди уюштуруу өбөлгө түзөт. Андан тышкары, пандемиядан кийин чектөөлөрдү алып салуу ички туристтердин санынын көбөйүшүнө, ресторандардын жана мейманканалардын тармагынын кеңейишине, тейлөө сапатынын жакшырышына алып келүүсү тийиш;

– Интернет-трафикке суроо-талаптын көбөйүшүнө өбөлгө түзүүчү санариптик форматта жаңы продукттарды түзүүнүн эсебинен байланыш кызматтарынын 102,8 % деңгээлинде өсүшү; калкка жогорку технологиялуу, жеткиликтүү маалыматттык-коммуникациялык кызматтарды көрсөтүүлөрдү берүү. Болжолдонгон мезгилде телекоммуникация инфратүзүмдү өнүктүрүү улуттук экономиканын көтөрүлүшүнүн жана калктын ишкердик активдүүлүгүнүн өсүшүнүн маанилүү жагымдуу факторлорунун бири болот;

– ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде экономикалык кырдаалдын жакшыруусу;

– ишкердик ишти жөнгө салуу системасын жакшыртуу;

– көмүскөдөн чыгаруу боюнча иш-чараларды өткөрүүнү активдештирүү.

13-таблица

**Кызмат көрсөтүүлөр тармактарындагы өсүү темптеринин динамикасы, пайыз менен**

| | 2022-жыл | 2023-жыл |
|---|---|---|
| | күтүлүүч | болжол |
| **Кызмат көрсөтүү, баары** | **103,3** | **104,6** |
| анын ичинде, тармактар боюнча: | | |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдери жана мотоциклдерди оңдоо | 105,8 | 108,4 |
| Транспорт иши жана жүктөрдү сактоо | 105,6 | 107,5 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 109,8 | 108,0 |
| Маалымат жана байланыш | 102,5 | 102,8 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 101,0 | 102,5 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар | 97,6 | 102,0 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык иш | 101,0 | 101,8 |
| Административдик жана көмөкчү иш | 101,1 | 102,5 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо | 100,0 | 101,8 |
| Билим берүү | 101,0 | 102,5 |
| Саламаттык сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 101,0 | 102,8 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 100,1 | 101,5 |
| Башка тейлөөчү иш | 100,6 | 102,0 |

Мүмкүн болуучу тобокелдиктер:

– региондогу мүмкүн болуучу туруксуз саясий жагдай, COVID-19 инфекциясынын жайылышынын уланышына байланыштуу чектөөлөрдүн киргизилиши;

– ата мекендик авиаташуучулардын жабдылышынын төмөн деңгээли, ата мекендик авиаташуучулардын тиешелүү паркынын жоктугу;

– калк керектөөчү товарларга, күйүүчү-майлоочу материалдарга, жер семирткичтерге, чийки заттарга жана башка керектүү товарларга жогорку баалардын сакталышы;

– республикага түз чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсүнүн чектелиши;

– мигранттардан акча которуулардын келип түшүүсүнүн азайышы;

– кызмат көрсөтүүчү ишканалардын технологиялык жактан артта калышы;

– айрым компаниялардын Борбордук Азия жана Европа өлкөлөрүндөгү кыйла ийгиликтүү долбоорлорго кайра багытталышынан улам геологиялык чалгындоо иштеринин басаңдашы;

– улуттук валютанын курсунун туруксуздугу ж.б.

## 6.8 Тышкы экономикалык иштер

2023-жылы тышкы экономикалык иш республиканын экспорттук потенциалынын өсүшү жана өнүгүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө, туруктуу жана алдын ала божомолдонгон соода саясаты бар мамлекет катары анын статусун жогорулатууга өбөлгө түзгөн дүйнөлүк чарба байланышында республиканын активдүү катышуусуна багытталат. Бул бизнес чөйрөсүнө да, товар өндүрүүчүлөрдүн инвестициялык ишине да оң таасирин тийгизет.

Түзүлгөн шарттарда, санкциялык режимден улам жеткирүү чынжырчасынын бузулушун эске алуу менен рыноктордун багыттарын диверсификациялоо, кыска транспорттук жолдордун, соода, финансылык жана маалыматтык агымдардын өзүнчө кесилиши болууга мүмкүндүк берүүчү Региондук Бизнес-Борборду түзүү боюнча активдүү иштер жүргүзүлөт.

Иштин негизги багыттары: ата мекендик продукцияны максаттуу рынокторго чыгаруу боюнча ишти активдештирүү аркылуу экспорттук рынокторду андан ары кеңейтүү, өлкөнүн соода-экономикалык кызыкчылыктарын илгерилетүү үчүн экономикалык дипломатиянын инструменттерин активдештирүү, “ВСП+” бенефициар статусун алуунун артыкчылыктарын пайдалануу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу болот, бул Европа бирлигине өнүгүп жаткан өлкөлөргө алымсыз импорттоо мүмкүнчүлүгүн берет.

2023–2026-жылдарга карата “Кыргызстанда жасалган” улуттук экспорттук программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу улантылат. Жалпысынан экспортту көбөйтүү продукциясы туруктуу экспорттук багытка ээ болгон учурдагы артыкчылыктуу секторлордун эсебинен, ошондой эле тармактарга мүнөздүү эмес, бирок бардык экспорттук ишканалар үчүн бирдей мааниге ээ болгон жана аларга глобалдык рыноктун мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга мүмкүндүк берген төрт кросс-тармактык сектордогу милдеттерди чечүү аркылуу ишке ашырылат:

1) сапат инфратүзүмү;

2) экспортко түрткү берүү;

3) финансылык жеткиликтүүлүк

4) соода жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү.

2023–2026-жылдарга карата “Кыргызстанда жасалган” улуттук экспорттук программасынын алкагында Түштүк жана Түштүк-Чыгыш

Азия, Чыгыш Арабия, Америка өлкөлөрү менен өз ара пайдалуу соода-экономикалык жана инвестициялык кызматташтыкты өнүктүрүү аркылуу Кыргызстандын тышкы экономикалык багыттарын диверсификациялоо, ошондой эле “ВСП+” статусунун негизинде ата мекендик продукцияны чектеш мамлекеттердин, ЕАЭБ жана ЕС өлкөлөрүнүн рынокторуна экспорттоону илгерилетүүгө көмөктөшүү милдети коюлган.

Экспорттук товарларды илгерилетүүгө көмөк көрсөтүү максатында айыл чарба, жеңил өнөр жай, тамак-аш өнөр жайы ж.б. сыяктуу экономиканын экспортко багытталган негизги секторлорундагы кыйла келечектүү долбоорлорду колдоо маселелери боюнча Россия-Кыргыз Өнүктүрүү фондунун, Кыргыз-Өзбек жана Кыргыз-Венгер өнүктүрүү фонддорунун иши жүзөгө ашырылат.

Экспортко багытталган өндүрүүчүлөрдү жеткиликтүү финансылык ресурстар менен камсыз кылуу боюнча чараларды иштеп чыгуу улантылат. Айыл чарбасын кредиттөөнүн калыптанган инструменттери менен катар айыл чарба продукциясын жана кайра иштетүү продукциясын экспорттоону колдоо боюнча кошумча финансылык инструменттер иштелип чыгат, факторинг операцияларынын механизми өнүктүрүлөт.

Ошону менен бирге Россия Федерациясы менен Украинанын ортосундагы чыр-чатактан улам бир катар өлкөлөр тарабынан биринчи зарылдыктагы товарларга карата кабыл алынган коргоо аракеттерин эске алуу менен глобалдык жеткирүү чынжырчасынын ажырымы, экспорттук саясат биринчи кезекте өлкөлөрдүн ички рыногунун керектөөлөрүн камсыз кылуу зарылчылыгын эске алуу менен түзөтүлөт, анын ичинде товарлардын айрым категорияларын экспорттоого чектөөлөрдү киргизүү.

Өлкөнүн экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу үчүн биринчи кезекте тышкы экономикалык иштин катышуучулары тарабынан жүзөгө ашырылуучу тышкы соода операцияларынын жөнөкөйлүгү, ыңгайлуулугу жана ылдамдыгы маселелери чечилет. Экспорттук-импорттук операцияларда жол-жоболордун санын, убактысын жана материалдык чыгымдарын кыскартууга багытталган чаралар көрүлөт.

Бул максатта соода жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү боюнча Дүйнөлүк соода уюмунун Макулдашуусун ишке ашыруу боюнча жана Кыргыз Республикасынын Соода жана транспорттук жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү боюнча башка иш-чараларды чараларды жүзөгө ашыруу улантылат.

Ата мекендик продукцияны тышкы рыноктордо илгерилетүү үчүн Кыргыз Республикасынын негизги соода өнөктөштөрү болуп саналган бир катар өлкөлөрдө соода өкүлдөрүн дайындоо жөнүндө маселе иштелип чыгат.

ЕАЭБге мүчө өлкөлөр, Кытай, Түркия жана Өзбекстан товарлардын продукциясын жана ата мекендик продукциянын кызмат көрсөтүүлөрүн экспорттоо үчүн максаттуу рыноктор болуп саналат.

Интеграция боюнча өнөктөштөр менен биргеликте Кыргыз Республикасы кыргыз экспортун товардык жана географиялык диверсификациялоону өнүктүрүү максатында ЕАЭБ жана үчүнчү өлкөлөрдүн ортосунда эркин соода зонасын түзүү боюнча активдүү иштерди жүргүзөт.

Ошону менен бирге 2022–2027-жылдарга Кыргыз Республикасында электрондук коммерцияны колдоо жана өнүктүрүү боюнча программанын долбоору жана иш-чаралар планы иштелип чыкты. Программанын жана иш-чаралар планынын бул долбоорунун негизги максаты жана милдети мамлекеттик жөнгө салууну оптималдаштырууга, институционалдык чөйрөнүн сапатын жакшыртууга жана Кыргыз Республикасында электрондук коммерцияны өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталууга тийиш реформаларды, чараларды жана аракеттерди жүргүзүү болуп саналат.

Экономиканын тармактарын чийки зат, материалдар жана инвестициялык товарлар менен атаандаштык баада камсыз кылуу зарылдыгын эске алуу менен тарифти эскалациялоо принцибин ишке ашыруу улантылат.

Байкалган экономикалык чакырыктарга байланыштуу ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин маанилүү керектөө товарларын өндүрүүчүлөр импорттолуучу чийки затты жеткирүүнү токтотуу жана учурдагы логистикалык чынжырларды үзгүлтүккө учуратуу менен байланышкан кыйынчылыктарга туш болушат.

Бирликтин туруктуулугун жогорулатууга, ички рынокту учурдагы шарттарда зарыл товарлар менен толтурууга багытталган биринчи кезектеги колдоо чараларын көрсөтүү максатында, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин экономикаларынын туруктуулугун жогорулатууга багытталган чараларды ишке ашыруу максатында ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин артыкчылыктуу өнөр жай жана агрардык тармактарында колдонулуучу таңкыс товарларга жана чийки заттарга карата бажы алымдарынын ставкаларын төмөндөтүү жана тарифтик жеңилдиктерди белгилөө боюнча иштер улантылат.

Ташып келүү алымдарын төмөндөтүү, ошондой эле соода жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү боюнча Дүйнөлүк соода уюмунун Макулдашуусун ишке ашыруу импорттун көлөмүнүн өсүшүнө оң таасирин тийгизет жана “жашыруун” импорттун кыскарышына түрткү берет.

Натыйжада тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмү 2022-жылдын деңгээли
7,6 %га номиналдык жогорулоо менен 9,2 млрд АКШ долл. деңгээлинде болжолдонууда.

Экспорттук жеткирүүлөрдүн номиналдык көлөмү 1,75 млрд АКШ долларын түзөрү жана өсүү темпи цементти – 5,8 %га, кийим-кече жана кийим-кече буюмдарын – 27,4%га, жашылча-жемиштерди жеткирүүнү – 15,0%га ж.б. көбөйтүүнүн эсебинен 9,4 % деңгээлинде түзүлөрү болжолдонууда.

Импорттун көлөмү 7,5 млрд АКШ долл өлчөмүндө түзүлөт. АКШ доллары жана номиналдык өсүү 107,1 %ды түзөт, ал мунайды жана мунай

заттарын – 32,5 %га, жаратылыш газын – 2,7%га, аралык товарларды, ошондой эле керектөө товарларын жеткирүү көлөмүнүн көбөйүшүнө байланыштуу керектөө суроо-талабынын өсүшү менен аныкталат.

Натыйжада товарлардын экспортунун жана импортунун терс сальдосу 5,7 млрд АКШ долл. деңгээлинде түзүлөт. Бул алтындын экспортунун кыскарышы, мунай продукттарынын, ошондой эле суунун аздыгына байланыштуу электр энергиясын иштеп чыгаруунун азайышынан улам ички керектөөнүн тартыштыгын жабуу максатында электр энергиясынын импортунун көлөмүнүн көбөйүшү шартталган.

Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспортунун ИДПга карата терс сальдосу 2022-жылы – 32,5 % 2023-жылы – 33,1% чейин начарлайт.

14-таблица

**Пайдалануу боюнча ИДП ( ИДПга карата % менен)**

| **Көрсөткүч** | **2022 -ж. күтүлүүчү** | **2023 -ж. болжол** |
|---|---|---|
| **Керектөө** | **105,1** | **104,9** |
| Жеке | 87,6 | 87,7 |
| Мамлекеттик | 17,5 | 17,2 |
| **Дүң инвестициялар** | 27,5 | 28,1 |
| Мамлекеттик инвестициялар | 4,6 | 5,0 |
| Анын ичинен: мамлекеттик инвестиция программалары (тышкы) | 4,3 | 4,8 |
| Жеке инвестициялар | 22,9 | 23,1 |
| Экспорт (товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр) | 40,3 | 39,9 |
| Импорт (товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр) | 72,8 | 73,0 |
| Таза экспорт (товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр) | –32,5 | –33,1 |

* ЭВФ методикасы боюнча

Калктын бакубаттыгын жакшыртуу, калктын кирешелеринин өлчөмүн көбөйтүү, ошондой эле импорттун көлөмдөрүн болжолдуу көбөйтүү жана акча которуулардын өсүшү боюнча көрүлүп жаткан чаралар керектөөнү көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Керектөө деңгээлинин өсүшү 3,7 % деңгээлинде болжолдонууда.

2023-жылы жеке керектөөнүн үлүшү ИДПнын көлөмүнүн 87,7 % түзөт, реалдуу өсүү темпи 104,2 % деңгээлинде түзүлүшү болжолдонууда. Жеке керектөө чыгымдары жаңы жумуш орундарын түзүүнүн, орточо номиналдык эмгек акынын 13,3 %га өсүшү жана социалдык төлөмдөрдүн өлчөмдөрүнүн эсебинен калктын акчалай кирешесинин 13,3 %га болжолдонгон номиналдык өсүшү менен бекемделет.

2020–2021-жылдары COVID-2019 пандемиясына каршы күрөшүүгө багытталган көрүлгөн чаралардын натыйжалары, түзүлгөн геосаясий кырдаалдан улам экономикалык активдүүлүктүн төмөндөшү, соода тоскоолдуктары ИДПнын түзүмүндөгү дүң инвестициялардын көлөмдөрүнө таасирин тийгизди.

2020–2021-жылдары үлүштөр 2019-жылы 36,1 %дан 2022-жылы 27,5 %га чейин төмөндөгөн.

Энергетикадагы ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга, инвестицияларды тартуу, эл аралык корпорациялар менен өз ара аракеттенүү, биргелешкен ишканаларды түзүү боюнча “Кыргызиндустрия” ААКтын жана “Улуу көчмөндөрдүн мурасы” Улуттук холдинг компаниясы ААКтын ишин активдештирүүгө байланыштуу, 2023-жылы инвестициялык долбоорлордо мамлекеттик компаниялардын үлүшүн 28,1%га чейин аздан көбөйүшү, кийин 2024–2027-жылдары көбөйтүү менен болжолдонууда.

Экономиканы өнүктүрүү үчүн инвестициялык процесстерди активдештирүү зарыл, инвестицияларды каржылоонун өсүшүнүн негизги булактары ишканалардын каражаттары, бюджет, кредиттер, калктын каражаттары жана чет өлкөлүк түз инвестициялар болуп саналат.

### 6.9. Региондук өнүгүү

Өлкөнүн региондорун өнүктүрүүнүн негизги багыттары Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасын (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы) ишке ашыруунун алкагында жүзөгө ашырылат, анда административдик-аймактык түзүлүштөрдү комплекстүү өнүктүрүүгө өтүү жана реформалоо каралган.

Жер-жерлерде мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү максатында кирешелерди республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүү кайра каралат. Конкреттүү чек ара аймактары

үчүн алардын өзгөчө статусун эске алуу менен өнүктүрүүнүн адистештирилген программалары даярдалат.

Аймактык-кластердик өнүктүрүү принциптеринин негизинде тиешелүү өтө маанилүү инфратүзүмдү өнүктүрүү боюнча мамлекеттин милдеттенмелери менен аймактарды өнүктүрүүнүн башкы пландары даярдалат.

Ичүүчү суу менен камсыздоо чөйрөсүндөгү саясат өлкөнүн ар бир калктуу пунктун коопсуз жана сапаттуу суу менен жабдуу, ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу боюнча экономикалык жактан туруктуу, жеткиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү түзүүгө багытталат. Жыл сайын республиканын 100гө жакын калктуу пункттарын таза жана коопсуз ичүүчү суу объекттерине кошуу жүзөгө ашырылат.

2021–2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын өзгөчө статуска ээ болгон айрым чек арага чектеш аймактарынын коопсуздугун жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик программанын алкагында (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2021-жылдын 28-апрелиндеги № 4537-VI токтому), мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу, мамлекеттик чек араны чыңдоо, чек арага жакын аймактардын көйгөйлөрүн чечүү, социалдык-экономикалык өнүгүүгө дем берүү, чек арага жакын аймактарда жашаган калктын жашоо шарттарын жакшыртуу, туруктуу жашоо үчүн шарттарды түзүү жана чек ара аймактарынын калкынын ички миграциясынын деңгээлин төмөндөтүү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү боюнча иш-чаралар ишке ашырылат.

Айылдарды, кичи шаарларды жана шаар тибиндеги кыштактарды, бийик тоолуу жана барууга кыйын аймактарды комплекстүү өнүктүрүү максатында ар бир региондун болгон потенциалын жана спецификалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тийиштүү социалдык-экономикалык программалар иштелип чыгат. Мындай программаларды түзүүдө аларды ишке ашырууга, финансы менен камсыздоого жана жеткиликтүү болгон жергиликтүү ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга, региондук деңгээлде кооперативдештирилген байланыштарды өнүктүрүүгө, тармактык өнүктүрүү программалары менен макулдашылуусуна басым жасалат.

Микрокредиттерди пайдалануу менен калкты социалдык мобилизациялоонун, жеке ишкердикке түрткү берүүнүн жана чакан жана орто бизнести өнүктүрүүнүн эсебинен иш менен камсыз кылууну жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулат.

Кыргыз Республикасынын Баткен облусун комплекстүү өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Баткен облусун 2021–2035-жылдарга өнүктүрүү программасы жана аны ишке ашыруу боюнча Жол картасы кабыл алынган (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-сентябрындагы № 159 КПҮ токтому).

2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасына ылайык келтирүү максатында экономикалык өсүш темптеринин көбөйүүсүн жалпы өлкө боюнча 104,9 % деңгээлине жеткирүүгө мүмкүндүк берген Кыргыз Республикасынын регионалдук саясатынын концепциясы актуалдаштырылат.

Экономиканын өсүшү жана калктын иш менен камсыз болушун жогорулатуу боюнча көрүлгөн чаралар жумушсуздуктун азайышына, кирешенин көбөйүшүнө алып келет. Калкты социалдык мобилизациялоо боюнча активдүү чаралар менен айкалышып, жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүүгө көмөк көрсөтөт. Тышкы экономикалык байланыштарды кеңейтүү жана соода тоскоолдуктарын азайтуу экспорттун көбөйүшүн камсыз кылат.

Региондор боюнча 2023-жылга ИДПны өндүрүүнүн негизги үлүшү баалоо боюнча 78,4 % салыштырма салмагы менен өлкөнүн ИДПсынын өсүшүнө жалпы оң салымы 3,99 % түзгөн Бишкек шаарынын, Чүй, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын экономикасынын иштешинин эсебинен камсыз кылынат. Аталган облустардын ИДПны өндүрүүнүн жалпы көлөмүндөгү олуттуу үлүштөрү республикада өндүрүлүүчү электр энергиясынын болжол менен 90,0 % Жалал-Абад облусунун аймагында өндүрүлгөндүгүнө, Ысык-Көл облусунда Кумтөр алтын кенин иштетүү боюнча ишканалар жайгашкандыгына, Чүй облусунда Талды-Булак Левобережный кенин иштетүү боюнча аффинаж заводу («Алтынкен» ЖЧК), «Джунда» МКЗ, «Интергласс» ЖЧК такта айнек заводу, «Кант цемент заводу» ААК сыяктуу ири ишканалар жайгашкандыгына жана Бишкек шаарында (40,6 %) ири ишканалар жайгашкандыгына, чакан жана орто бизнестин басымдуу бөлүгү, ошондой эле ири базарлардын көпчүлүгү топтолгондугуна байланыштуу.

Талас облусунда Жерүй кенинин ишке кириши менен дүң продукциянын көлөмү өсүүдө, 2023-жылы анын көлөмү 2022-жылга салыштырмалуу 9,1 %га өсүшү, 2021-жылга салыштырмалуу 1,4 эсеге көбөйөт деп болжолдонууда.

Үлүштүн калган бөлүгү 21,6 % деңгээлиндеги салыштырма салмак менен башка Ош, Баткен, Нарын, Талас облустарынын жана Ош шаарынын ортосунда бөлүштүрүлөт.

Региондор боюнча экономиканын бардык секторлорунда өндүрүш көлөмүнүн өсүшү болжолдонууда:

– айыл чарбасында негизги үлүштү Чүй (22,8 %), Ош (18,6 %), Ысык-Көл (13,8 %) жана Жалал-Абад (21,9 %) облустары ээлейт, алардын республиканын айыл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон жалпы салымы 1,65 %ды түзөт;

– өнөр жайда негизги үлүштү Чүй (45,4 %), Жалал-Абад (9,5 %), Ысык-Көл (21,0 %) облустары жана Бишкек шаары (12,6 %) ээлейт, алардын өнөр жайды өнүктүрүүгө кошкон жалпы салымы 7,32 % түзөт;

– транспорт, тоо-кен казып алуу жана энергетика тармактарындагы, ошондой эле айылды суу менен камсыздоонун инвестициялык долбоорлорун ишке ашыруунун эсебинен курулушта негизги үлүштү Бишкек шаары (42,2 %), Ысык-Көл (13,9 %), Чүй (12,6 %) жана Жалал-Абад (13,4 %) облустары ээлейт, алардын курулуш тармагын өнүктүрүүгө кошкон жалпы салымы 4,55 % түзөт.

– кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө бардык региондордо көлөмдөрдүн өсүшү болжолдонууда, алардын негизги үлүшүн Бишкек (49,8 %) жана Ош (7,5 %) шаарлары, Чүй (11,1 %), Жалал-Абад (10,3 %), Ысык-Көл (4,6 %), Ош (7,2 %) облустары ээлейт, алардын кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн өнүктүрүүгө кошкон жалпы салымы 4,23 % түзөт.

15-таблица

**ИДПны өндүрүүдө региондордун салымдары**

| **Көрсөткүчтөр** | **2022-жыл,** күтүлгөнү | | **2023-жыл,** болжол | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | өсүш темпи, % | млн сом | өсүш темпи, % | ИДПга карата % менен | ИДПнын өсүшүнө салымы, % менен |
| **ИДП (облустар жана шаарлар боюнча)** | **824 948,9** | **103,7** | **926 980,6** | **104,9** | **100,0** | **4,9** |
| Баткен облусу | 28 571,9 | 103,3 | 31 771,6 | 103,1 | 3,4 | 0,11 |
| Жалал-Абад облусу | 96 777,0 | 102,4 | 107 573,7 | 103,9 | 11,6 | 0,46 |
| Ысык-Көл облусу | 106 216,3 | 105,9 | 118 258,7 | 105,3 | 12,8 | 0,68 |
| Нарын облусу | 20 110,3 | 101,6 | 22 465,6 | 103,1 | 2,4 | 0,07 |
| Ош облусу | 60 520,8 | 102,3 | 67 012,4 | 104,2 | 7,2 | 0,31 |
| Талас облусу | 28 836,3 | 112,2 | 31 987,1 | 104,1 | 3,5 | 0,14 |
| Чүй облусу | 109 773,2 | 102,3 | 124 275,7 | 106,7 | 13,4 | 0,89 |
| Бишкек шаары | 332 143,7 | 103,9 | 376 241,9 | 104,9 | 40,6 | 1,96 |
| Ош шаары | 41 999,5 | 102,2 | 47 393,9 | 104,5 | 5,1 | 0,23 |

### 6.8. Социалдык чөйрө

Социалдык өнүгүү саясаты мамлекеттин кепилденген социалдык милдеттенмелерин толук көлөмдө аткарууга, мамлекеттин реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларынын жашоо деңгээлин жогорулатууга жана абалын жакшыртууга багытталат.

Негизги көңүл үй-бүлө, эне жана бала институтун чыңдоо жана өнүктүрүү, ошондой эле мамлекет тарабынан кепилденген социалдык коргоонун минималдуу базалык деңгээлин камсыз кылуу маселелерине бурулат.

Иштин негизги артыкчылыктуу багыттары 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы), ошондой эле эмгек, калкты иш менен камсыз кылуу, социалдык жактан коргоо, саламаттыгын сактоо жана саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүү чөйрөсүндөгү тармактык программалык документтерде аныкталган.

Күч-аракеттер турмуштук оор кырдаалда (мындан ары – ТОК) турган балдардын үй-бүлөлүк чөйрөдө жашоосу үчүн шарттарды түзүүгө, балдарга карата ырайымсыздыктын жана зомбулуктун алдын алууга, ТОКто турган үй-бүлөлөргө жана балдарга өз убагында жана даректүү социалдык жардам көрсөтүүгө, эмгекке жөндөмдүү калктын экономикалык активдүүлүгүнө түрткү берүүгө жана ТОКтон чыгуусуна көмөк көрсөтүүгө ж.б. багытталат. Мигранттардын балдарынын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүүдө орун алган кемчиликтерди аныктоо жана жоюу боюнча иштер жүргүзүлөт.

Автоматташтырылган маалыматтардын негизинде муктаж болгон үй-бүлөлөргө максаттуу социалдык жардам көрсөтүү үчүн инструментти иштеп чыгуу жана киргизүү пландалууда.

Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарды кабыл алуу жана алардын коомго аралашуусу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча чаралар көрүлөт.

Эл аралык стандарттарга жана ченемдерге ылайык майыптыктын проблемаларын аныктоого жана чечүүгө болгон мамилени этап-этабы менен өзгөртүү пландалууда. ДМЧА үчүн жеке жүрүү каражаттарын даярдоонун жаңы технологиялары, аралыктан сурдокотормо сервиси жана башкалар киргизилет.

Улгайган адамдардын укуктарын коргоо жана жашоо сапатын жакшыртуу боюнча, ошондой эле жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларынын заманбап санариптик технологиялардын негизинде социалдык кызматтарга жана реабилитациялоого жетүү мүмкүндүгүн камсыздоо боюнча комплекстүү иш-чараларды жайылтууга багытталган чараларды күчөтүү пландалды.

Эмгек жана калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү чөйрөсүндө орто мөөнөттүү келечекте калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жана аларды татыктуу эмгек менен камсыздоо үчүн шарттарды түзүү боюнча иштер улантылат.

Миграция чөйрөсүндөгү иштин негизги артыкчылыктуу багыттары 2021–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын миграция саясатынын концепциясында (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

2021-жылдын 4-майындагы № 191 токтому) аныкталган, ал учурдагы жана алдыда боло турган социалдык, демографиялык жана экономикалык чакырыктарды эске алуу менен миграцияны пайда кылуучу жана аны коштоочу жагымсыз факторлорду жеңилдетүүгө жана азайтууга багытталган миграциялык процесстерди турукташтыруу, программалык иш-аракеттердин негизинде стихиялуу жана башаламан миграциянын алдын алуу боюнча чараларды камтыйт. Концепцияны ишке ашыруунун алкагында 2030-жылга чейин иш-чаралар планы кабыл алынган, анда Концепцияны ишке ашыруу боюнча конкреттүү чаралар жана иш-аракеттер чагылдырылган (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 13-апрелиндеги № 191-т тескемеси).

Пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун камсыздоо жана пенсионерлердин жашоо деңгээлин жогорулатуу боюнча иштер улантылат.

Жетишилген натыйжаларга карабастан, Кыргыз Республикасынын учурдагы пенсиялык системасынын алдында Социалдык фонддун ишинин төмөнкүдөй артыкчылыктуу багыттары турат:

– пенсионерлердин санына карата камсыздандыруу төгүмдөрүн реалдуу төлөөчүлөрдүн санынын кыскарышы (1:0,8);

– айылдык товар өндүрүүчүлөр жана ишкердик ишти жүргүзгөндөр үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтеринин балансталбагандыгы;

– жеңилдетилген негиздер жана мөөнөтүнөн мурда пенсияга чыгуулар боюнча пенсионерлердин санынын көбөйүшү;

– инвестициялык портфелдин чектелген тизмеги, пенсиялык топтоолорду төлөө механизмдеринин жеткилең эместиги;

– алмаштыруунун орточо коэффициентинин төмөндөшү (2021-жылы 32 %, бул ЭЭУнун № 102 конвенциясынын ченемдерине ылайык келбейт).

Түзүлгөн кырдаалда пенсиялык төлөмдөрдүн татыктуу деңгээлин камсыз кылуу жана жашоо минимумунун өлчөмүнөн төмөн болбогон пенсиянын тийиштүү деңгээлин камсыз кылуу бөлүгүндө Конституциялык ченемди аткаруу өтө кыйын, чегерилген камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасына пенсиялардын алынуучу өлчөмүнүн ортосунда айырмачылык жетишилген жок, бул болсо келечекте республика масштабында пенсиянын аздыгы проблемасын курчутат.

Чет өлкөдө эмгек ишин жүргүзгөн Кыргыз Республикасынын жарандарын пенсия менен камсыздоону камтуу боюнча иштер улантылат.

Пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун күчөтүүнүн алкагында мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруунун

катышуучулары үчүн адилеттүү шарттарды түзүү, пенсияны дайындоо принциптерин күчөтүү жана пенсиялык системага катышууга түрткү берүү максатында тиешелүү мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиялык жана тарифтик саясатты реформалоо жана модернизациялоо боюнча иштер жүргүзүлөт.

Төмөнкүдөй чаралар сунушталат:

– мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун пенсиялык саясаты жаатында: пенсияга укук алуу үчүн минималдуу камсыздандыруу стажын этап-этабы менен киргизүү, мөөнөтүнөн мурда пенсияларды кайра карап чыгуу, жеңилдетилген категориялардын пенсияга чыгуу курагын жалпы белгиленген пенсияга чыгуу курагына ылайык келтирүү;

– мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун тарифтик саясаты жаатында: юридикалык жакты жана ЧОБ түзбөстөн дыйкан (фермердик) чарбалары (ДФЧ) үчүн тарифтик саясатты кайра карап чыгуу.

Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү негизги иш Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019–2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча программасынын (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-декабрындагы № 600 токтому) алкагында ишке ашырылат, мында төмөнкүдөй негизги милдеттер ишке ашырылат:

– коронавирус инфекциясын алып келүүнүн алдын алуу бөлүгүндө: эпидемияга каршы чараларды ишке ашыруу, калкты эмдөөнү уюштуруу жана жүргүзүү, тобокелдик тобуна киргендерди COVID-19га каршы калкты эмдөөнү 70 %га чейин жеткирүү менен улуттук планды ишке ашыруу;

– эки түзүүчү – жеринде үй-бүлөлүк медицина борборлорун модернизациялоо жана жабдуу жана аралыктан окутуу формаларын пайдалануу менен медициналык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу аркылуу баштапкы медициналык-санитардык кызмат көрсөтүүлөрдү күчөтүү;

– баштапкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде жана медициналык жардамды көрсөтүү боюнча уюштуруунун бардык деңгээлдеринде интеграцияланган бейтаптын электрондук медициналык картасын киргизүү. «Санариптик ден соолук паспорту» долбоору киргизилет;

– медициналык тез жардам түзүмүн жаңылоо жана модернизациялоо. Материалдык-техникалык жаңылоо, кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана квалификациялуу кадрларды тартуу маселелери. Санариптик технологияларды колдонуу менен тез жардам станцияларынын локалдаштыруунун логистикалык схемасын кайра карап чыгуу зарыл;

– энени жана баланы коргоо, эрте өлүмдүн жана майыптуулуктун, ошондой эле жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча иш-чараларды күчөтүү;

– коомдук саламаттык сактоо кызматын анын функцияларын кеңейтүү менен модернизациялоо, мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү бийлик органдарын тартуу менен алдын алуу жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл боюнча иштерди күчөтүү;

– өлкөдөгү учурдагы эпидемиологиялык кырдаалды баалоого жана үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берген ден соолук үчүн тобокелдиктерди баалоонун жана башкаруунун бирдиктүү санариптик улуттук системасын түзүү пландалууда. Анын негизинде оорулардын, эпидемиялардын жайылышынын түрдүү сценарийлерин моделдөө жана болжолдоо жана алардын алдын алуу, терс кесепеттерин азайтуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу технологиялары пайда болот. Санариптик Улуттук ден соолук картасы иштелип чыгат;

– медициналык жардамды көрсөтүүнүн баштапкы деңгээли менен интеграцияланган мектеп медицинасын өнүктүрүүгө киришүү зарыл. Балдар үчүн коопсуз шарттарда мектепте жакшы тамактануу уюштурулууга тийиш;

– саламаттык сактоо системасын каржылоонун принциптерин жана механизмдерин өзгөртүү, милдеттүү медициналык камсыздандырууну өнүктүрүү башталат, чечүүнүн төмөнкүдөй жолдору сунушталат:

– саламаттык сактоо кызматтарын көрсөтүүгө бизнести кеңири тартуу жана бейтаптарды каржылоонун реалдуу механизмине өтүү – «акча бейтаптын артынан ээрчийт»;

– ар бир жаран өз каражатын менчигинин түрүнө карабастан каалаган медициналык жайда өз тандоосу боюнча пайдалана алат.

Билим берүү системасы 2021–2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасына (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 токтому) ылайык өнүгөт. Орто мөөнөттүү мезгилде билим берүү чөйрөсүндөгү негизги көңүл төмөнкүдөй милдеттерди аткарууга бурулат:

– мектепке чейинки курактагы балдардын көпчүлүгүн өнүктүрүү жана билим берүү программаларын камтуу;

– жашына, жынысына, этникалык, динге таандыгына, жашаган жерине, акыл жана физикалык жактан өнүгүүсүнө, социалдык-экономикалык статусуна ж.б. карабастан ар бир адам үчүн сапаттуу негизги жалпы жана орто билимге жеткиликтүүлүк;

– эмгек рыногунун заманбап талаптарына жана калктын өз керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын канааттандыруудагы суроо-талаптарына ылайык эмгек көндүмдөрүн өнүктүрүү;

– билим берүү системасынын бардык деңгээлдеринде социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү процессине активдүү катышуусу;

– өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу үчүн шарттарды түзүү;

– билим берүүнү жана илимди маалыматтык камсыздоо үчүн маалымат базасын өнүктүрүү;

– илимдин мыйзамдык ченемдик-укуктук базасын өркүндөтүү;

– маалыматты чогултуу жана талдоо технологияларына негизделген билим берүү секторунда стратегиялык пландоо жана башкаруу системасын өнүктүрүү;

– билим берүүнүн сапаты жана мониторинг жүргүзүү системасын киргизүү;

Мамлекеттик жаштар саясаты 2020–2030-жылдарга Жаштар саясатынын концепциясы менен аныкталат (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-октябрындагы № 562 токтому), анын максаты жаштарды өнүктүрүүнүн натыйжалуу системасын түзүү, мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү, өлкөнүн туруктуу инновациялык өнүгүүсүн камсыз кылуучу жаштардын активдүү жарандык позициясын жана баалуулук багыттарын калыптандыруу, жаштардын социалдык өнүгүүсүнө жана өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө көмөктөшүү болуп саналат.

Болжолдонгон макроэкономикалык параметрлерге жараша 2023-жылы социалдык көрсөткүчтөр төмөнкүдөй түрдө түзүлөт:

Калктын акчалай кирешелеринин номиналдык өсүшү 13,3 % деңгээлинде болжолдонууда. Акчалай кирешелердин түзүмүндө орточо эмгек акынын өсүшү 10,3 % деңгээлинде болжолдонууда жана 2023-жылы 24 966,1 сомду түзөт.

Калктын акчалай кирешелеринин өсүшүн эске алуу менен калктын жан башына ИДПнын көлөмүнүн өсүшү 10,4 % деңгээлинде болжолдонууда.

Жашоо минимумунун (ЖМ) өлчөмү 2021-жылдагы 6 268,3 сомдон 2023-жылы 7 838,5 сомго чейин көбөйөт. Эмгекке жарамдуу курактагы чоң калк үчүн жашоо минимумуна карата орточо айлык эмгек акынын катыш коэффициенти 2023-жылга карата 2,8 деңгээлинде шарттуу бирдиктер болот.

Пенсиянын номиналдык өлчөмү 2022-жылга салыштырмалуу 9,5 %га өсөт жана 2023-жылы 7 024,9 сомду түзөт.

Жалпы жумушсуздуктун болжолдонгон деңгээли акырындык менен төмөндөйт жана 2023-жылга карата 5,2 %ды түзөт. 2023-жылга карата жакырчылыктын деңгээли 2021-жылдагы иш жүзүндө түзүлгөн 33,3 % деңгээлге салыштырмалуу 32,3 % өлчөмүндө болжолдонууда.

## 7. 2024–2027-жылдарга макроэкономикалык болжол

2024–2027-жылдары экономикалык саясаттын негизги максаттары социалдык-экономикалык өнүгүүдө белгиленген позитивдүү тенденцияларды бекемдөө жана туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу болот.

2024–2027-жылдарга макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн болжолдуу маанилерине баа берүү программалык документтерде каралган чараларды жана инвестициялык долбоорлорду толук, ийгиликтүү жана өз убагында ишке ашырууга жана алардын өлкөнүн экономикасына тийгизген натыйжалуу таасирине негизделген, экономикалык кайра түзүүлөр ИДПнын жылдык өсүү темпи орто эсеп менен 3,8 % кем эмесин камсыз кылууга мүмкүндүк берет, ага жетишүү аткаруу бийлик органдарынан ири улуттук долбоорлорду толук ишке ашыруу, өлкөнүн мамлекеттик активдерин натыйжалуу башкаруу, экономиканын бардык тармактарына түрткү берүү үчүн мамлекеттик жөнгө салуу системасын реформалоо, жагымдуу инвестициялык климатты түзүү боюнча активдүү иш-аракеттерди, ишкердик чөйрөсүндө ийкемдүү саясатты, мыйзамдардын болжолдуулугун жана туруктуулугун талап кылат.

Жалпысынан алганда, 2024–2027-жылдар мезгилинде инфляциянын деңгээли макроэкономикалык туруктуулук тенденцияларын бекемдөөгө багытталган, макулдашылган акча-кредиттик жана бюджеттик-салыктык саясатты жүргүзүүнү улантуу негизине салынган экономикалык күтүүсүз абалдар болбогон шартта, максаттуу көрсөткүчтүн чектерине кайтып келүүсү жана бир орундуу көрсөткүчтөрдүн деңгээлинде болуусу болжолдонууда. Мында акча-кредит саясатынын негизги максаты 15-тиркемедеги баалардын туруктуулугуна жетүү жана сактоо болот.

Тармактар боюнча 2024–2027-жылдары болжолдонгон орточо жылдык өсүш темптери төмөнкүлөрдү түзөт: айыл чарбасында 2,5 %ды, өнөр жайда 0,25 %ды, курулушта 7,0 %ды, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө 4,9 %ды.

Өнөр жайды кошпогондо, экономиканын бардык тармактарында өсүштүн оң темптери болжолдонууда.

2024–2027-жылдары **айыл чарбасынын** реалдуу өсүш темптери өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жана мал чарбасынын азыктуулугун көбөйтүү боюнча мамлекет жана жеке сектор тарабынан көрүлүүчү чаралардын эсебинен орто эсеп менен 2,5 %га көбөйүүсү болжолдонууда. Айыл чарба тармагында реалдуу өсүш темптерине жетишүү үчүн белгиленген төмөнкүдөй иш-чаралар ишке ашырылат:

– кант кызылчасын жана май өсүмдүктөрүн өндүрүүнү мындан ары калыбына келтирүү;

– тоют өсүмдүктөрүн өндүрүүнү көбөйтүүнүн эсебинен мал чарба тармагын сапаттуу тоют менен жетиштүү өлчөмдө камсыз кылуу аркылуу малдын азыктуулугун көбөйтүү күтүлүүдө;

– өлкөдө жагымдуу эпизоотиялык кырдаалды сактоо;

– эң көп суроо-талапка ээ болгон өсүмдүктөрдүн түрлөрүн айдоону системалуу түрдө көбөйтүү жолу менен айдоо аянттарын оптималдаштыруу;

– тамчылатып сугаруу системаларын активдүү колдонуу;

– күнөскана чарбаларын андан ары өнүктүрүү;

– айыл чарба өсүмдүктөрүн айдоонун алдыңкы технологияларын колдонуу, айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүү жана экспорттук потенциалын жогорулатуу үчүн органикалык, минералдык жана органоминералдык жер семирткичтерди колдонуу;

– колдонуудагы кредиттик жана лизингдик программалар боюнча мамлекет тарабынан айыл чарба өндүрүүчүлөрүн колдоону улантуу;

– агроөнөр жай комплексинде чарба жүргүзүүнүн кластердик методдорун киргизүү, анын ичинде сүттү, этти, өсүмдүк майын, кантты кайра иштетүү, балык, бал, картошка, жашылчаларды өндүрүү боюнча агрокластерлерди уюштуруу;

– фермерлердин инновацияларга жетүү мүмкүндүгүн жакшыртуу жана заманбап технологияларды, анын ичинде ресурс үнөмдөөчү технологияларды айыл чарбасына киргизүүнү камсыздоо боюнча тармактык илимий жана кластердик бирикмелери бар кооперациянын механизмдерин иштеп чыгуу;

– айыл чарбасында кооперацияны өнүктүрүү жолу менен майда товарларды өндүрүүнү жеңүү;

– айыл чарба продукциясын туруктуу чогултууга/сатууга, аларды андан ары кайра иштетүү үчүн сактоого жана киргизүүгө көмөктөшө турган чынжырчада (кластерде) товарлардын кыймылын натыйжалуу уюштуруу үчүн соода-логистикалык борборлорду түзүү;

– КММны бөлүүдө, лизинг боюнча сатып алуу жолу менен жеңилдетилген кредиттик шарттарда фермерлерди керектүү айыл чарба техникасы менен камсыз кылууда, ошондой эле дыйкандарды жана фермерлерди минералдык жер семирткичтер менен өз убагында камсыздоо маселелерин чечүүдө мамлекеттик колдоо көрсөтүү;

– айыл чарба өндүрүшүнүн негизги каражаттарын жаңылоо, техникалык сервистик кызматтардын инфратүзүмүн кеңейтүү жана өлкөнүн айыл чарба субъекттеринин машина-трактор паркын модернизациялоо.

2024–2027-жылдары **өнөр жай өндүрүшүнүн** өсүшү жылына орточо эсеп менен 99,7 % деңгээлинде болжолдонууда (ЖКК боюнча). Мындай төмөндөө Кумтөр кенинде казып алуунун жана өндүрүш көлөмүнүн акырындап азайышы менен шартталган. 2027-жылы 2023-жылга салыштырмалуу 1,4 эсеге төмөндөө болжолдонууда.

Өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү иштеп жаткан өнөр жай ишканаларынын туруктуу иштешинин, токтоп турган өндүрүштүн кайра жанданышынын, Чүй, Жалал-Абад, Ош жана Талас

облустарындагы кен чыккан жерлерде көлөмдөрдүн көбөйүшүнүн эсебинен болжолдонууда.

Тамак-аш азыктарын (анын ичинде суусундуктарды) өндүрүү көлөмүн орточо эсеп менен жылына 5,4 %га, текстиль өндүрүшүн, кийим жана бут кийим, булгаары жана башка булгаары буюмдарын өндүрүү 6,0 %га көбөйтүү, коксту жана тазаланган мунай продуктуларын өндүрүүнү 12,5 %га көбөйтүү, курулуш материалдарын өндүрүүнүн 3,6 %га өсүшү болжолдонууда.

Электр энергиясынын, жаратылыш газынын, кондицияланган абасы бар буунун көлөмдөрүнүн өсүшү орточо эсеп менен жылына 101,0 % деңгээлинде болжолдонууда. 2027-жылга карата электр энергиясын өндүрүү саатына 14 814,5 млн кВт көлөмүндө болжолдонууда, бул 2024-жылга салыштырмалуу 2,0 %га көп, ал Токтогул суу түйүнүнүн эки жакка ачылышындагы Нарын дарыясынын көп жылдык орточо агып кирүүсүн эске алуу менен эсептелген.

2024-жылга карата электр энергиясын экспорттоонун өсүшү Борбордук жана Түштүк Азиянын ортосунда электр энергия рыногун түзүү боюнча CASA-1000 долбоорунун аякташы жана «Датка-Ходжент» 500 кВт электр өткөрүүчү линиянын курулушу менен шартталат. Бул Кыргыз Республикасынын өзүнүн гидроэнергетикалык потенциалын гана эмес, ошондой эле бүткүл Борбордук жана Түштүк Азиянын отун-энергетикалык ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга кошкон салымы. Ошондой эле, 2026-жылга чейин Токтогул ГЭСин, Камбар-Ата-2, Үч-Коргон ГЭСин жана Ат-Башы ГЭСин реабилитациялоонун эсебинен генерациялоочу кубаттуулукту 400 МВт (430 МВт) ашык көбөйтүү күтүлүүдө.

Мындан тышкары, Борбордук Азиядагы эң ири гидроэлектростанциялардын бири болгон Камбар-Ата-1 ГЭСин куруу башталды, ал өлкөнүн энергетикалык коопсуздугун жана көз карандысыздыгын камсыздайт, анын кубаттуулугу болжол менен 1900 МВт, ал эми жылдык электр энергияны өндүрүүсү – 5,6 млрд кВтс. Көлөмү 4,65 млрд м$^3$ болгон суу сактагыч Төмөнкү-Нарын ГЭС каскадынын (Токтогул ГЭСи, Күрпсай ГЭСи жана башкалар) кышкы энергия берүүнүн азайышынын ордун толтуруу менен Нарын дарыясынын агымын сезондук жөнгө салат деп күтүлүүдө. Камбар-Ата-1 ГЭСинин маанилүү артыкчылыгы кыш мезгилинде иштөөнүн чектөөлөрдөн көз карандысыздыгы болот, анткени станциядан чыгарылган суу Токтогул суу сактагычында топтолот. Мындан тышкары, Камбар-Ата-1 ГЭСинин толук ишке кириши менен Камбар-Ата-2 ГЭСинин толук кубаттуулукта иштеши үчүн шарттар түзүлүп, экинчи жана үчүнчү агрегаттар ишке киргизилип, натыйжасында анын кубаттуулугу жогорулайт.

Көмүр казып алууну көбөйтүү менен бирге республиканын региондорун газдаштыруу отун-энергетикалык балансты диверсификациялоого, республиканын энергиянын бир булагына (атап айтканда, электр энергиясына) көз карандылыгын азайтууга, кыш мезгилинде электр тармактарына болгон жүктөмдү кыскартууга мүмкүндүк берет.

2027-жылга карата көмүр казып алуунун көлөмүнүн өсүшүнө Бишкек шаарынын ЖЭБине суу аз болгон мезгилдерде кеминде 1 млн тонна көмүр көлөмүндө көмүр жеткирүү, ошондой эле жылуулук генерациялоочу ишканаларды (буу казан жайларын) электр энергиясынан катуу отунга (көмүргө) этап-этабы менен өткөрүү боюнча иш-чараларды аткаруу олуттуу таасирин тийгизет. Мындан тышкары, көмүр казып алуу тармагын мындан ары өнүктүрүү Кара-Кече ЖЭБин жана Кара-Кече кенинен Балыкчы станциясына чейинки темир жолду курууну камтыган Кара-Кече кенин комплекстүү өздөштүрүүгө конкурс өткөрүүгө олуттуу таасирин тийгизет. Көмүр казып алуу тармагын өнүктүрүүгө жана катуу отунду керектөөнү көбөйтүүгө багытталган иш-чаралар жакынкы келечекте жылытуу сезонунда электр тармактарына болгон жүктөмдү азайтууга жана Токтогул суу сактагычында суунун топтолушуна көз карандылыкты азайтууга мүмкүндүк берет.

2024–2027-жылдары **курулуш тармагын** өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

– айыл тургундарын жаңы сугат жерлери менен камсыз кылуу үчүн ирригациялык инфратүзүмдү куруу, ошондой эле учурдагы ирригациялык инфратүзүмдү модернизациялоо жана реабилитациялоо;

– калктын аялуу катмары үчүн жеткиликтүү социалдык турак жайды куруу;

– турак жай курулушунун көлөмүн, социалдык жана өнөр жай багытындагы объекттерди көбөйтүү, жаңы архитектуралык-курулуш системаларына, имараттардын түрлөрүнө жана заманбап технологияларга өтүү;

– автомобиль жолдорун реабилитациялоо жана сактоо, либералдык, коопсуз эл аралык транспорт коридорлорун түзүү, анын ичинде жолдорду долбоорлоодо жана курууда жаңы технологияларды колдонуу;

– курулуш тармагында мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин кеңири колдонуу;

– төмөнкү объекттерди курууга жана реконструкциялоого инвестицияларды тартуу: Камбар-Ата-1 ГЭСи, Жогорку-Нарын ГЭС каскады жана башка генерациялоочу объекттер.

2024–2027-жылдары каржылоонун бардык булактарынан капиталдык салымдардын жалпы көлөмү орточо 7,4 %га өсөт (2024-жылдагы 179,0 млрд сомдон 2027-жылы 255,1 млрд сомго чейин). 2023-жылга болжолдонгонго салыштырмалуу капиталдык

салымдардын түзүмү ички инвестициялардын үлүшүнүн 2027-жылы капиталдык салымдардын жалпы көлөмүнүн 72,8 %га чейин төмөндөө жагына өзгөрөт жана тиешелүү түрдө өлкөдө чет өлкөлүк кредиттердин үлүшүнүн көбөйүү себебинен улам тышкы инвестициялардын үлүшү 27,2 %га чейин көбөйөт.

Курулуш тармагында реалдуу өсүш темпи жылына орточо 7,0 %га өсүүсү болжолдонууда.

2024–2027-жылдары **кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү** өсүш экономиканын өсүшүнө 2,32 пайыздык пунктта эң көп салыштырма салмактагы салымды кошуу менен жылына орточо 104,9 % деңгээлинде болжолдонууда. Бул өсүш калктын реалдуу акчалай кирешелеринин жылына орточо 2,5 %га өсүшү менен шартталган керектөө суроо-талабын жакшыртуунун эсебинен камсыз кылынат. Маанилүү фактор ЕАЭБ алкагында интеграциялык механизмдер, коңшу өлкөлөрдө тышкы суроо-талапты жакшыртуу болуп калат. Кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшүн камсыз кылуучу рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү 79,0 %га чейин, ал эми өсүү темпи жылына орточо 106,5 %ды түзөт.

2024–2027-жылдары дүң жана чекене сооданын орточо жылдык өсүү темпи; автомобилдерди жана мотоциклдерди ремонттоо 107,6 % деңгээлинде болжолдонууда. Кызмат көрсөтүүлөр түзүмүндө салыштырма салмак 49,0 %ды түзөт жана 2023-жылга салыштырмалуу 6,4 %га көбөйөт.

2024–2027-жылдары өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары төмөнкүлөр болот: ички суроо-талапка дем берүү; ишкердик ишти жөнгө салуу системасын андан ары өркүндөтүү, республиканын экспорттук потенциалын тышкы рыноктордун керектөөлөрүнө карата толугу менен ылайыкташтыруу.

Транспорттук иш жана жүктөрдү сактоо кызматтарынын үлүшү кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмүндө 9,8 % түзөт, ал эми реалдуу өсүш темпи 107,3 % деңгээлинде болжолдонууда. Транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн көбөйүшү күйүүчү-майлоочу материалдар жана запастык бөлүктөр менен соода жүргүзүүнүн өсүшүнө алып келет.

Байланыш жана маалымат кызматтарынын орточо жылдык өсүшү 103,4 % деңгээлинде болжолдонууда.

Туризм чөйрөсүндө салттуу жана потенциалдуу туристтик рыноктордо Кыргызстанды туризм өлкөсү катары таанылышын жогорулатуу, туристтик инфратүзүмдү жакшыртуу, туристтик кызматтарды инновациялык өнүктүрүү, региондордо кызмат көрсөтүү деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иштер улантылат. Туристтик тармактын көлөмүнүн өсүшү мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн өсүшүнө өбөлгө түзөт, 2024–2027-жылдарда орточо жылдык өсүш темпи 106,6 % деңгээлинде болжолдонууда.

Негизги соода өнөктөш өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүү темптерин калыбына келтирүү мигранттардын акча которууларынын агымынын өсүшүнө алып келет, бул калктын кирешелеринин көбөйүшүнө жана кыймылсыз мүлк, финансылык ортомчулук, билим берүү ж.б. чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн өсүшүнө таасирин тийгизет деп болжолдонууда.

**Тышкы экономикалык иш** тышкы кескин өзгөрүүлөрдүн таасирин эске алуу менен, республиканын экспорттук потенциалын өстүрүү жана өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, болгон тоскоолдуктарды аныктоо жана этап-этабы менен жоюу боюнча чараларды көрүү менен ишке ашырылат, иштин негизги багыттары төмөнкүлөр:

– ата мекендик продукцияны максаттуу рынокторго чыгаруу боюнча ишти активдештирүү аркылуу экспорттоо рынокторун андан ары кеңейтүү;

– өлкөнүн соода-экономикалык кызыкчылыктарын илгерилетүү үчүн экономикалык дипломатиянын инструменттерин активдештирүү;

– «ВСП+» бенефициар статусун алуунун артыкчылыктарын пайдалануу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу болот.

2024–2027-жылдары тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмүнүн өсүшү жыл сайын орточо 5,2 %га болжолдонот жана 2027-жылы 11 300,0 млн АКШ долл. деңгээлине жетет. 2024–2027-жылдары товарларды экспортоонун көлөмүнүн номиналдык өсүшү орточо 7,2 %га, ал эми импорттоонун 4,7 %га болжолдонууда.

2024–2027-жылдары социалдык өнүктүрүү саясаты мамлекеттин кепилденген социалдык милдеттенмелерин толук көлөмдө аткарууга, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга жана мамлекеттин реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларынын абалын жакшыртууга багытталат.

Калкты социалдык коргоо чөйрөсүндө орто мөөнөттүү келечекте жарандардын кыйла муктаж болгон категорияларына даректүү социалдык жардам көрсөтүү, эмгекке жарамдуу калктын экономикалык активдүүлүгүнө дем берүү жана турмуштук оор кырдаалдан чыгууга көмөк көрсөтүү боюнча иштер улантылат.

Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасын өркүндөтүү жолу менен пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу жана пенсияларды жогорулатуу боюнча чаралар ишке ашырылат, ал пенсиялык системанын камсыздандыруу принциптерин жакшыртуу үчүн пенсиялык камсыздоону реформалоого жана пенсионерлердин ар кандай курактык топторунун керектөөлөрүн эске алуу менен пенсиялык системанын камсыздандыруу компонентин модернизациялоого багытталат.

Болжолдонгон макроэкономикалык параметрлерден улам 2024–2027-жылдарда социалдык көрсөткүчтөр төмөнкүдөй түрдө түзүлөт:

– калктын акчалай кирешелеринин номиналдык өсүшү 2024–2027-жылдары орточо 9,0 % деңгээлинде болжолдонууда. Акчалай кирешелердин түзүмүндө эмгек акынын өсүшү орточо 8,0 %ды түзөт;

– калктын жан башына ИДПнын көлөмүнүн өсүшү орточо 2024–2027-жылдары 7,5 % деңгээлинде бааланат.

Жашоо минимумунун өлчөмүн 2023-жылы 7 838,5 сомдон 2027-жылга карата 9 598,0 сомго чейин көбөйтүү болжолдонууда. Эмгекке жарамдуу курактагы калк үчүн орточо айлык эмгек акынын жашоо минимумуна катышынын коэффициенти 2027-жылга карата 3,2 шарттуу бирдиктер деңгээлинде күтүлүүдө.

Пенсиянын номиналдык өлчөмүн 2023-жылга салыштырмалуу 21,9 %га көбөйтүү болжолдонууда жана 2027-жылы 8 563,9 сомду түзөт.

2027-жылга карата жакырчылыктын деңгээли түзүлгөн деңгээлге кайтып келет жана 25,3 % түзөт.

**Корутунду**

2023–2027-жылдарга орто мөөнөттүү келечекте жылына экономикалык өсүш орточо 4,0 % болжолдонууда.

Орто мөөнөттүү максаттуу макроэкономикалык көрсөткүчтөргө инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу, өлкөнүн мамлекеттик активдерин натыйжалуу башкаруу, мамлекеттик жөнгө салуу системасын реформалоо аркылуу жетүүгө болот.

Министрлер Кабинети тарабынан зарылдыгына жараша терс процесстердин экономикага мүмкүн болгон күтүлбөгөн таасирлерин жана дүйнөлүк конъюнктуранын начарлашына байланышкан дисбаланстарды/тобокелдиктерди жеңилдетүүгө багытталган чаралар системасы иштелип чыгат.

Орто мөөнөттүү мезгилге болжолдонгон максаттуу көрсөткүчтөрдү аткаруунун маанилүү шарттары саясий туруктуулукту сактоо, экономиканын секторлоруна инвестициялардын болжолдонгон көлөмдөрүнүн келип түшүүсү, ошондой эле тышкы жана ички кескин өзгөрүүлөрдүн экономикага таасирин азайтуу үчүн чараларды көрүү болуп саналат.

Мында 2022-жылы социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн күтүлгөн көрсөткүчтөрүн азайтууга/жогорулатууга багытталган жаңы факторлордун пайда болушун, экономикада иш жүзүндө түзүлгөн кырдаалды эске алуу менен 2023–2027-жылдарга болжолдонгон макроэкономикалык көрсөткүчтөр түзөтүлүшү мүмкүн экендигин белгилей кетүү зарыл.

Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолунун көрсөткүчтөрүнүн тизмеги ушул Социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолунун 1–14-тиркемелеринде аныкталды.

**Кыскартуулардын тизмеси:**

| | | |
|---|---|---|
| ЭВФ | – | Эл аралык валюта фонду |
| ДБ | – | Дүйнөлүк банк |
| ИӨБ | – | Ислам өнүктүрүү банкы |
| АӨБ | – | Азия өнүктүрүү банкы |
| СӨФ | – | Сауд өнүктүрүү фонду |
| КАЭӨФ | – | Кувейт араб экономикалык өнүктүрүү фонду |
| ЕАӨБ | – | Евразия өнүктүрүү банкы |
| ЕИБ | – | Европа инвестициялык банкы |
| ЕРӨБ | – | Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы |
| БАРЭК | – | Борбордук Азиядагы региондук экономикалык кызматташтык программасы |
| JICA | – | Япониянын эл аралык кызматташуу боюнча агенттиги |
| ДСУ | – | Дүйнөлүк соода уюму |
| ЕБ | – | Европа бирлиги |
| КРУБ | – | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| МЭӨУ | – | Мунай экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму |
| ФАО | – | Бириккен Улуттар Уюмунун азык-түлүк жана айыл чарба уюму |
| ФРС | – | Федералдык резервдик система |
| ЕАЭБ | – | Евразия экономикалык бирлиги |
| КЭР | – | Кытай Эл Республикасы |
| АК | – | акционердик коом |
| ААК | – | ачык акционердик коом |
| ЖЧК | – | жоопкерчилиги чектелген коом |
| ЖАК | – | жабык акционердик коом |
| АЧК | – | айыл чарбасын каржылоо |
| МКИЗ | – | мунайды кайра иштетүүчү завод |
| ДКН | – | дүң кошумча нарк |
| МЖӨ | – | мамлекеттик жеке өнөктөштүк |
| ИДП | – | ички дүң продукт |
| ТЧӨ | – | түз чет өлкөлүк инвестиция |
| КММ | – | күйүүчү-майлоочу материалдар |
| БУУ | – | Бириккен Улуттар Уюму |
| АКШ | – | Америка Кошмо Штаттары |
| COVID-19 | – | Corona Virus Disease 2019–2020-жылдардагы коронавирус инфекциясы |
| АМС | – | автомобилге май куюучу станция |

2023-2027-жылдарга
Кыргыз Республикасын социалдык-
экономикалык өнүктүрүүнүн болжолуна
1-тиркеме

**2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

| **Аталышы** | **Өлчөө бирдиги** | **2021-жыл** | **2022-жыл** | **2023-жыл** | **2024-жыл** | **2025-жыл** | **2026-жыл** | **2027-жыл** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **иш жүзүндө** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| **I. ИДПны өндүрүү** | | | | | | | | |
| **Номиналдуу ИДП** | **млн сом** | 723 122,2 | 824 948,9 | 926 980,6 | 1 021 904,4 | 1 127 484,8 | 1 239 524,3 | 1 335 823,5 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 103,6 | 103,7 | 104,9 | 104,4 | 104,5 | 103,9 | 102,3 |
| Дефлятор, мурдагы жылга карата % менен | % | 116,0 | 110,0 | 107,2 | 105,6 | 105,6 | 105,8 | 105,4 |
| **Кошумча нарк** | | | | | | | | |
| Өнөр жай | млн сом | 132 661,7 | 148 296,5 | 165 179,9 | 179 457,7 | 194 543,3 | 202 497,4 | 187 103,5 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 107,2 | 106,7 | 108,0 | 105,0 | 104,6 | 100,7 | 88,7 |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | млн сом | 106 170,3 | 120 029,0 | 128 827,1 | 139 212,4 | 152 565,7 | 165 939,9 | 178 632,7 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 95,0 | 102,1 | 102,2 | 102,3 | 102,4 | 102,5 | 102,6 |
| Курулуш | млн сом | 60 328,8 | 67 747,7 | 77 072,0 | 86 932,8 | 96 664,2 | 109 305,4 | 123 404,6 |

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | иш жүзүндө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 95,2 | 103,5 | 105,0 | 106,5 | 106,1 | 107,2 | 108,0 |
| Кызматтарды көрсөтүү чөйрөсү | млн сом | 326 878,0 | 378 522,4 | 432 197,5 | 480 049,9 | 533 586,5 | 596 796,5 | 667 340,5 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 106,5 | 103,2 | 104,5 | 104,4 | 104,8 | 104,9 | 105,5 |
| Продуктуларга жана импортко таза салык | млн сом | 97 083,4 | 110 353,2 | 123 704,1 | 136 251,6 | 150 125,1 | 164 985,1 | 179 342,1 |
| **Маалым кат:** | | | | | | | | |
| Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда ИДП | млн сом | 667 671,8 | 761 890,8 | 856 151,8 | 946 064,2 | 1 050 221,4 | 1 163 370,2 | 1 287 932,3 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 103,9 | 103,3 | 104,4 | 104,3 | 104,8 | 104,5 | 105,0 |
| Дефлятор, мурдагы жылга карата % менен[1] | % | 117,8 | 110,5 | 107,7 | 105,9 | 105,9 | 106,0 | 105,5 |
| **II. ИДПны пайдалануу[1]** | | | | | | | | |
| Акыркы керектөө | млн сом | 735 458,0 | 866 790,8 | 972 542,7 | 1 059 086,9 | 1 157 302,1 | 1 270 382,7 | 1 391 319,8 |
| анын ичинде: | | | | | | | | |
| жеке керектөө | млн сом | 606 413,2 | 722 758,3 | 813 371,8 | 887 705,1 | 972 590,3 | 1 074 495,8 | 1 183 194,5 |
| реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 115,7 | 106,9 | 104,2 | 104,0 | 104,4 | 104,8 | 104,5 |

[1] 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин баалоосу

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **иш жүзүндө** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 115,8 | 111,5 | 108,0 | 104,9 | 105,0 | 105,5 | 105,3 |
| мамлекеттик керектөө | млн сом | 129 044,8 | 144 032,6 | 159 171,0 | 171 381,8 | 184 711,8 | 195 886,9 | 208 125,3 |
| реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 101,0 | 101,1 | 101,2 | 101,1 | 101,2 | 101,0 | 100,9 |
| баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 110,1 | 110,4 | 109,2 | 106,5 | 106,5 | 105,0 | 105,3 |
| | | | | | | | | |
| Дүң инвестициялар[2] | млн сом | 197 358,9 | 226 581,8 | 260 859,1 | 301 164,0 | 349 003,9 | 400 271,5 | 456 047,7 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 115,1 | 106,5 | 106,6 | 106,8 | 107,8 | 108,3 | 108,2 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 107,9 | 107,8 | 108,0 | 108,1 | 107,5 | 105,9 | 105,3 |
| анын ичинде: | | | | | | | | |
| мамлекеттик инвестициялар | млн сом | 19 501,8 | 37 778,9 | 46 764,7 | 36 553,2 | 37 752,9 | 38 994,9 | 40 280,7 |
| алардын ичинен: мамлекеттик инвестициялар (МИ) долбоорлору | млн сом | 18 859,6 | 35 697,5 | 44 426,5 | 34 725,5 | 35 865,3 | 37 045,2 | 38 266,7 |
| жеке инвестициялар | млн сом | 177 857,1 | 188 803,0 | 214 094,4 | 264 610,8 | 311 251,0 | 361 276,6 | 415 767,0 |

[2] Эл аралык валюта фондунун методикасы боюнча

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | иш жүзүндө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту | млн сом | -209 694,7 | -268 423,8 | -306 421,3 | -338 346,5 | -378 821,2 | -431 129,9 | -511 544,0 |
| анын ичинде: | | | | | | | | |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту | млн сом | 286 615,5 | 332 107,1 | 369 993,9 | 405 970,6 | 438 658,6 | 472 628,3 | 498 857,7 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 125,1 | 106,5 | 105,5 | 105,2 | 104,6 | 104,0 | 102,5 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 121,6 | 108,8 | 105,6 | 104,3 | 103,3 | 103,6 | 103,0 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту | млн сом | 496 310,2 | 600 530,9 | 676 415,2 | 744 317,1 | 817 479,7 | 903 758,2 | 1 010 401,7 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 138,8 | 109,7 | 104,1 | 104,5 | 105,1 | 106,2 | 107,5 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 113,9 | 110,3 | 108,2 | 105,3 | 104,5 | 104,1 | 104,0 |
| | | | | | | | | |
| **III. Социалдык көрсөткүчтөр** | | | | | | | | |
| Калктын жан башына ИДП | миң сом | 112,3 | 126,0 | 139,1 | 150,7 | 163,0 | 175,8 | 185,7 |
| Калктын жан башына ИДП | АКШ долл. | 1 326,9 | 1 473,9 | 1 563,3 | 1 628,9 | 1 716,3 | 1 808,7 | 1 866,7 |
| Кедейчиликтин деңгээли[3] | % | 33,3 | 33,4 | 32,3 | 30,5 | 29,3 | 27,2 | 25,3 |

[3] 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин баалоосу

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | иш жүзүндө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| Калктын акчалай кирешеси[3] | млн сом | 541 755,0 | 638 195,7 | 722 829,9 | 799 074,3 | 873 349,6 | 948 731,9 | 1 018 399,9 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 107,1 | 103,2 | 103,4 | 103,4 | 103,5 | 103,8 | 103,6 |
| Жашоо минимуму | айына сом | 6 268,3 | 7 158,4 | 7 838,5 | 8 379,3 | 8 848,6 | 9 264,4 | 9 598,0 |
| Эмгекке жарамдуу улуу курактагы калк үчүн жашоо минимуму | айына сом | 7 040,3 | 8 040,1 | 8 803,9 | 9 411,3 | 9 938,4 | 10 405,5 | 10 780,1 |
| Пенсия жашындагы улуу курактагы калк үчүн жашоо минимуму | айына сом | 5 580,4 | 6 372,8 | 6 978,2 | 7 459,7 | 7 877,4 | 8 247,6 | 8 544,6 |
| Калктын жылдык орточо саны | миң адам | 6 436,9 | 6 546,3 | 6 662,6 | 6 782,5 | 6 915,2 | 7 050,4 | 7 192,2 |
| Орточо айлык эмгек акы | сом | 19 330,0 | 22 633,8 | 24 966,1 | 27 204,6 | 29 331,4 | 31 675,6 | 34 012,1 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 85,7 | 102,5 | 100,7 | 101,9 | 102,1 | 103,1 | 103,6 |
| Эмгекке жарамдуу калк үчүн жашоо минимумуна карата % менен | % | 274,6 | 281,5 | 283,6 | 289,1 | 295,1 | 304,4 | 315,5 |
| Пенсиянын орточо айлык өлчөмү[4] | сом | 6 157,0 | 6 415,5 | 7 024,9 | 7 489,4 | 7 885,8 | 8 256,9 | 8 563,9 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 90,2 | 91,2 | 100,0 | 99,7 | 99,7 | 100,0 | 100,1 |

[4] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун маалыматтары боюнча.

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | иш жүзүндө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| Пенсионердин жашоо минимумуна карата % менен | % | 110,3 | 100,7 | 100,7 | 100,4 | 100,1 | 100,1 | 100,2 |
| Керектөө бааларынын индекси (КБИ) | | | | | | | | |
| Өткөн жылдын декабрына карата | % | 111,2 | 115,3 | 107,5 | 105,6 | 104,9 | 104,4 | 103,7 |
| Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата | % | 111,9 | 114,2 | 109,5 | 106,9 | 105,6 | 104,7 | 103,6 |
| **IV. Эмгек ресурстары** | | | | | | | | |
| Экономикалык активдүү калктын саны | миң адам | 2 680,5 | 2 726,1 | 2 766,9 | 2 805,7 | 2 842,2 | 2 876,3 | 2 910,8 |
| Өсүү темпи | % | 103,3 | 101,7 | 101,5 | 101,4 | 101,3 | 101,2 | 101,2 |
| Иштеген калктын саны | миң адам | 2 537,9 | 2 582,8 | 2 622,1 | 2 660,6 | 2 697,0 | 2 729,4 | 2 763,8 |
| Өсүү темпи | % | 103,8 | 101,8 | 101,5 | 101,5 | 101,4 | 101,2 | 101,3 |
| анын ичинде: | | | | | | | | |
| Өнөр жайы | миң адам | 363,3 | 372,0 | 377,7 | 385,3 | 390,5 | 395,2 | 400,2 |
| Айыл чарбасы | миң адам | 465,5 | 473,7 | 480,1 | 487,2 | 493,9 | 499,8 | 506,1 |
| Курулуш | миң адам | 315,2 | 319,5 | 325,1 | 330,7 | 335,2 | 339,2 | 343,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | миң адам | 1 393,9 | 1 417,6 | 1 439,1 | 1 457,5 | 1 477,4 | 1 495,2 | 1 514,0 |
| | | | | | | | | |
| Жумушсуздардын саны (жалпы) | миң адам | 142,6 | 143,3 | 144,9 | 145,1 | 145,1 | 146,9 | 147,0 |

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | иш жүзүндө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| Жалпы жумушсуздуктун деңгээли | % | 5,3 | 5,3 | 5,2 | 5,2 | 5,1 | 5,1 | 5,0 |
| Эмгек өндүрүмдүүлүгү[5] | % | 99,8 | 101,9 | 103,3 | 102,9 | 103,0 | 102,6 | 100,9 |

2023-2027-жылдарга
Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолуна
2-тиркеме

## 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын ИДПсын өндүрүү жана акыркы пайдалануу түзүмү

| Аталышы | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | иш жүзүндө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **Улуттук эсептер (ИДПдан %)** | | | | | | | |
| **I. ИДПны өндүрүү** | | | | | | | |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 14,7 | 14,5 | 13,9 | 13,6 | 13,5 | 13,4 | 13,4 |
| Өнөр жайы | 18,4 | 18,0 | 17,8 | 17,6 | 17,3 | 16,3 | 14,0 |
| Маалым кат: | | | | | | | |
| Өнөр жай, Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албастан | 10,7 | 10,3 | 10,2 | 10,1 | 10,4 | 10,2 | 10,4 |
| Курулуш | 8,3 | 8,2 | 8,3 | 8,5 | 8,6 | 8,8 | 9,2 |
| Кызматтарды көрсөтүү чөйрөсү | 45,2 | 45,9 | 46,6 | 47,0 | 47,3 | 48,1 | 50,0 |
| Продуктуларга жана импортко таза салык | 13,4 | 13,4 | 13,3 | 13,3 | 13,3 | 13,3 | 13,4 |
| **II. ИДПны пайдалануу[1]** | | | | | | | |
| Керектөө | 101,7 | 105,1 | 104,9 | 103,6 | 102,6 | 102,5 | 104,2 |
| Жеке | 83,9 | 87,6 | 87,7 | 86,9 | 86,3 | 86,7 | 88,6 |
| Мамлекеттик | 17,8 | 17,5 | 17,2 | 16,8 | 16,4 | 15,8 | 15,6 |
| Дүң инвестициялар* | 27,3 | 27,5 | 28,1 | 29,5 | 31,0 | 32,3 | 34,1 |
| Мамлекеттик инвестициялар | 2,7 | 4,6 | 5,0 | 3,6 | 3,3 | 3,1 | 3,0 |

[1] 2021-жылга, 2022-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин баалоосу.

| Аталышы | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | иш жүзүндө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| алардын ичинен: мамлекеттик инвестициялар (МИ) долбоорлору | 2,6 | 4,3 | 4,8 | 3,4 | 3,2 | 3,0 | 2,9 |
| Жеке инвестициялар | 24,6 | 22,9 | 23,1 | 25,9 | 27,6 | 29,1 | 31,1 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту | -29,0 | -32,5 | -33,1 | -33,1 | -33,6 | -34,8 | -38,3 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту | 39,6 | 40,3 | 39,9 | 39,7 | 38,9 | 38,1 | 37,3 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту | 68,6 | 72,8 | 73,0 | 72,8 | 72,5 | 72,9 | 75,6 |
| Эл аралык валюта фондунун методикасы боюнча | | | | | | | |

2023-2027-жылдарга
Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолуна
3-тиркеме

**2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын ИДПны түзүүчү тармактарындагы дүң продукция жана өсүү темптери**

| Аталышы | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | иш жүзүндө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук,** млн сом | 324 283,1 | 366 612,8 | 393 485,3 | 425 205,8 | 465 991,8 | 506 841,4 | 545 609,8 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 95,0 | 102,1 | 102,2 | 102,3 | 102,4 | 102,5 | 102,6 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 136,8 | 110,7 | 105,0 | 105,6 | 107,0 | 106,1 | 104,9 |
| **Өнөр жай**[1], млн сом | 357 569,4 | 399 710,7 | 445 217,2 | 483 700,8 | 524 361,8 | 545 800,9 | 504 309,0 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 107,5 | 106,9 | 108,1 | 105,0 | 104,4 | 100,5 | 87,7 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 107,1 | 104,6 | 103,0 | 103,4 | 103,9 | 103,6 | 105,4 |
| **Өнөр жай**[2], млн сом | 357176,5 | 398609,3 | 443882,0 | 481329,4 | 520469,7 | 539533,7 | 494906,4 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 109,0 | 106,6 | 108,1 | 104,9 | 104,2 | 100,2 | 87,1 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 100,8 | 104,7 | 103,0 | 103,4 | 103,8 | 103,5 | 105,3 |
| анын ичинде: | | | | | | | |
| Пайдалуу кендерди казуу, млн сом | 32 798,5 | 36 318,5 | 40 751,6 | 44 657,0 | 48 698,0 | 51 798,1 | 58 832,2 |

[1]Сатып алынуучу электр энергиясын эсепке албаганда иштетип алма чийки затты кайра иштетүүнүн наркын эске алуу менен.
[2]Иштетип алма чийки затты кайра иштетүүнүн наркын эске албастан, бирок сатып алынуучу электр энергиясын эсепке алуу менен.

| Аталышы | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **иш жүзүндө** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 121,2 | 103,3 | 104,1 | 105,4 | 103,4 | 102,6 | 107,6 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 150,3 | 107,2 | 107,8 | 104,0 | 105,5 | 103,7 | 105,5 |
| Иштетүү өндүрүшү, млн сом | 278 764,8 | 314 133,0 | 351 416,5 | 381 378,3 | 411 826,9 | 424 313,2 | 367 701,1 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 107,0 | 108,5 | 109,5 | 105,3 | 104,6 | 99,8 | 82,6 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 97,9 | 103,8 | 102,2 | 103,1 | 103,3 | 103,2 | 104,9 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), млн сом | 41 516,9 | 43 794,2 | 47 085,6 | 50 325,6 | 54 581,5 | 57 752,4 | 62 254,4 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 101,2 | 96,5 | 101,6 | 101,8 | 101,8 | 100,2 | 100,2 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 108,7 | 109,4 | 105,8 | 104,9 | 106,5 | 105,6 | 107,6 |
| Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу, млн сом | 4 096,2 | 4 363,6 | 4 628,3 | 4 968,4 | 5 363,4 | 5 670,0 | 6 118,7 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 128,3 | 103,0 | 104,0 | 103,3 | 103,5 | 103,6 | 103,6 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 98,5 | 103,4 | 102,0 | 104,0 | 104,3 | 102,1 | 104,2 |
| **Маалым кат:** | | | | | | | |
| Өнөр жай, Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албастан, млн сом | 197 696,5 | 217 248,7 | 240 172,4 | 263 206,8 | 298 253,6 | 320 508,2 | 357 167,2 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 112,2 | 104,7 | 105,8 | 105,0 | 107,6 | 103,1 | 104,7 |

| Аталышы | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **иш жүзүндө** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 108,6 | 105,0 | 104,5 | 104,3 | 105,3 | 104,3 | 106,5 |
| **Курулуш**, млн сом | 146 964,1 | 165 037,0 | 187 751,4 | 211 772,9 | 235 479,1 | 266 273,7 | 300 620,1 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 95,2 | 103,5 | 105,0 | 106,5 | 106,1 | 107,2 | 108,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 105,8 | 108,5 | 108,3 | 105,9 | 104,8 | 105,5 | 104,5 |
| **Кызматтарды көрсөтүү чөйрөсү**, млн сом | 539 153,7 | 624 336,2 | 712 868,1 | 791 796,0 | 880 099,4 | 984 358,2 | 1 100 713,8 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 106,5 | 103,3 | 104,6 | 104,5 | 104,9 | 105,0 | 105,6 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 110,0 | 112,1 | 109,1 | 106,3 | 106,0 | 106,5 | 105,9 |
| анын ичинде: | | | | | | | |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо, млн сом | 199 847,8 | 247 373,9 | 303 392,1 | 349 971,7 | 402 552,1 | 466 836,4 | 539 423,7 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 111,4 | 105,8 | 108,4 | 107,3 | 107,6 | 107,4 | 108,3 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 115,6 | 117,0 | 113,2 | 107,5 | 106,9 | 108,0 | 106,7 |
| Транспорттук иш жана жүктөрдү сактоо, млн сом | 49 696,1 | 56 939,8 | 66 107,3 | 74 628,6 | 84 600,8 | 95 675,0 | 108 288,8 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 118,0 | 105,6 | 107,5 | 106,5 | 107,0 | 107,5 | 108,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 113,7 | 108,5 | 108,0 | 106,0 | 105,9 | 105,2 | 104,8 |
| Мейманканалар жана ресторандар, млн сом | 21 079,1 | 25 922,2 | 30 403,7 | 34 032,7 | 37 694,6 | 41 946,5 | 46 678,1 |

| Аталышы | 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | иш жүзүндө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 114,3 | 109,8 | 108,0 | 106,0 | 106,5 | 107,0 | 107,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 113,7 | 112,0 | 108,6 | 105,6 | 104,0 | 104,0 | 104,0 |
| Маалымат жана байланыш, млн сом | 32 163,6 | 33 297,4 | 34 914,3 | 36 752,2 | 38 761,8 | 40 881,3 | 43 116,7 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 112,9 | 102,5 | 102,8 | 103,2 | 103,4 | 103,4 | 103,4 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 101,5 | 101,0 | 102,0 | 102,0 | 102,0 | 102,0 | 102,0 |

2023-2027-жылдарга
